Скырг
К18

Абдимитал КАМАЛОВ

ТАНДАЙГА АТЫЛГАН ОК



Формуляр книги

Скырг	448400
К18	Камалов А
Тандайга атал-	
ган ок	3 с.

Скырг
К18

Абдимитал КАМАЛОВ

ЭНАМ ЖЭЭҢБАЙ ҚЫЗЫ МАРИЯНЫН
ЭСТЕЛИГИНЕ АРНАЙМ»!
АВТОР.

ТАҢДАЙГА АТЫЛГАН ОК

ПОВЕСТТЕР

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N
ХРАНЕНИЕ

ОШ—95

— * —

Абдимитал КАМАЛОВ,
Жолон Мамытов сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Жумурияты-нын Эл агартуусунун мыктысы.

— * —



Ош облустук теле-радио компаниясынын улук редактору, жа
зуучу—журналист Абдимитал Камалов «Дарман» (1972-ж), «Ба
кыт сереси» (1973-ж), «Азиреттин көздөрү» (1979-ж), «Көңүл
(1982-ж), «Бешик ыры»,» (1987-ж), «Ортолуктагы өмүр» (199
жыл) прозалык китептеринин автору. Оболку СССР Жазуучула
союзунун, азыркы Кыргыз Жазуучулар Союзунун 1981-жылда
берки мүчөсү. Мындан башка да ондогон очерк, фельетондорду
адабий макалалардын автору.

АВТОРДОН: —Жетинчи китебимди алып олтурасыз, окурманым! Аны сабырдана сунуп атып, эмнегедир мындан дал отуз жыл илгерки устат тутунган жазуучумдун ошондогу сөздөрү-өзү элсетей кетти...

Өмүрдөгү мындай дем байлаткан, жалтырак сезимдерди кантип унутасың—ал дайыма адам инсандын шарапаттуу жакшылыгын коңгуроолоп турат эмеспи.

1964-жылдын күзү болуучу. Университетти тамамдап, ошондогу талап боюнча, атайын жолдонмо менен Араван районунун эң четки, эски мектебине чегирилип, эне тили, адабияты мугалими көп өтпөй, директордун окуу бөлүмү боюнча орунбасары болуп, дикилдеп иштеп жүргөн маалым. Ишим өтө кызык болуучу, күн өткөнү билинбей, тамак курганганча саймедиреп сабак өтөм, бер ген сабагыма бүйрүм кызып ардемеден бейкапармын.

Жаз малы экен, кандайдыр кусалануум артып, өзүмдү купуя кемчил сезип жүрдүм.. Шамшидин аке аттуу биолог мугалимдин үйүнде жашап жүргөн күндөрдүн биринде түркүккө жөлөнгөн калыбымда эс-мас тура бериптирмин.

Тааныш, коңур үн радиодо жаңырып атты. Эчтемени сезбей-нетпей жанагы үнгө сорулуп, жаным жыргап тура бердим.

Кечөлөрү Фрунзеде экенимде биз ыйык көргөн ак сарайлардын адабий жыйындарында, китепканаларында, университеттин шаңкайган залында чыгармачылык, анын татаал пары ыйык даргөйү жөнүндө сүйлөгөн адам!

Болгондо да өзгөчө салабат, бөтөнчө кыраат менен жан киргизе, өң сала айткан—мүлдө журт кастар туткан инсан.

Мынакей, чыгармачылык дегениң! Бакыт —бахыбаттык деген ушул эмей?

...А мен болсо..: Баарысын нарыга калтырып, кийинкиге деп, минтип жалгыз бой башым менен Агартууга жан салчу тейде дарексиз жүрөм....

Чыңгыз Айтматов өз аңгемеси «Кызыл алмасын» окуп жаткан..: Мурда бул аңгеменин кабарын билсем да, азыр автордун өз үнүндө туулган айылымдан оолакта жүргөнүмдө укканым мага катуу таасир этти. Өзүмчө өксөп алдым. Ал адабий чөйрөдөн оолак калганым экенин бир билсем өзүм билип, өкүнүп турдум. Мектеп кызык, бирок алигүнчө бир сап бирдеме жаза албаганым—андан бетер өкүнүчтүү эле...

Бул сезим менен көпкө кармаштым. Соңу ушул—купуя вазий-
пе үстөмдүк кылып, өзүм жактырган мектеп, сүймөнчүк окуучула-
рым, ылым санаалаш мугалимдер менен кош айтышып, Ноокатта-
ры редакцияга иштөөгө кеттим. Гезиттик турмушту жандай жак-
шы көрүп, түнөп-нетип гезит чыгарганга кайыл болуп, иштеп жү-
рөм. Анын бетине чыгарган жазмаларым айлыктын аз экенине
карабай мага арка-тирек өндөнүп, өзүмдү бараандуу сезем.
Бир күнү чыгармаларына ынак жазуучум Шабданбай Абдыра-
манов Оштун редакциясында жолугуп калбаспы, сөзүбүз түгөнчү-
дөй эмес. А кезде райгезиттер Оштон чыкчу.
—Кеч үйгө бар!—деп, дарегин берди. Гезитти чыгарып бүтүп,
басма боёгу жыттанып, Шакемин үйүн араң таап бардым.
Ал бала-чакасы, жарашыктуу келинчеги менен баңырап, жайыл-
дасторконунда жайрап—куунап олтуруптур.
«Шота Руставели... көчөсү» —деп, күбүрөнүп коём,—жазуучу
акындын ысымындагы көчөдө жашаганы андан бетер кызык!»—
Сыймыктануум артты.

Эртеси Шакем жаңы чыккан «Арстанбап аймагында» китебин
берип узатты. Кол тамгасы жазылуу экен. Окуп алып, күтүүсүз
дүйнөм аңтар-теңтер. Бала болуп башыма жүн чыкканы, адабият-
чы атанып каадалы кеп айтканга көнгөнүм биринчи мерте жазуу-
чудан кол тамга алганым. Кол тамгада: Урматтуу иним Абдими-
тал, китебиң чыкканча, карызга бердим»—деп, жазылганы бар...

«Кызыл алманы» радиодон уккандан кийинки абал кайталан-
гандай болду. «Чын эле менден жазуучу чыгабы? —деп эрксиз-
ден өксөп алдым. Чыкса, Шабданбай акенин бул карызынан ка-
чан кутула алам?—деген сүрдүү собол эзэ берди..

Ал карыздан ушундан жети жыл өткөндүн кийин 1972-жылы
чыккан «Дарман» китепчем менен кутуларымы, дагы бир кызыгы,
ушундан дал 17 жыл өткөндөн кийин 6 кыздан соң, уул көрөрүмү,
анын атын Дарманбек коёрумду бир теңирдин өзү билсе билген-
дир—мен билалган эмесмин...


Дагы бир кызыгы—аталган «Таңдайга атылган октун» каарма-
нына да «Дарман» чыккандан 17 жыл өткөндөн кийин жолугарым-
ды, аны аздек тутуп, ал эмес саал апыртып болсо да, «кыргыз
тажик элдеринен чыккан Ата Мекендик согуштун атактуу Алек-
сей Мересьеви»—деп, атоого батынаарымды, ал чыгармамды
өмүрүмдө кадыр тутунган, анда чыгарма жазууну эңсеген Ору-
сиядагы айтылуу Малеевка чыгармачылык үйүндө жазаарымды да
билген эмесмин. Кана эми жазуучуга СССР кезеңиндеги Малеев-
кадагыдай камкордук болсо ...

Айтаарым: «Таңдайга атылган октун» башкы каарманы—Юнус
ашанов фашисттик тозок оттун каарына капшырылган эмес,, ба-
ынбаган. Тири укмуш эрдик жасап, тирүү калган. Азыр «Үч-
оргон» кыштагында жашаган ардагер.

Ал эми бул китепке кирген «Сыркердин сырдуу жолу» повести-
ин жаралыш таржималы жөнүндө айтууңу нпет кылбадым. Ант-
ени, балалык таржымалымды, адамдык аруулукту, көр пенде
лдындагы жоопкерчиликти, ыйык ыйманды окурмандар
нын өзүнөн таап, канааттанар. Эгер андай болсо, ошондой руха-
ий табит—рахат бере алган жазуучулук тагдырыма канааттан-
ан болом.

Эмесе, андай калыстыкты Сизден күтөм, кымбаттуу окурман!

ТАҢДАЙГА АТЫЛГАН ОК



ТАҢДАЙГА АТЫЛГАН ОК!

Аны атып салмак болушту. Беркилердей эле жашын жайратып, карысын каржайтып, жылас кылып туруп, басып кеткиси келди. Эпсиз кыжынгандан, тиштери кычырап, заардуу көздөрү туткунду олуй тиктеп, ачуусунан ары-бери басып турду.

Тапанчасын салмактантып, бир колунан экинчи колуна өткөрүп, аны кыжынычтуу мээлеп, кескин бурула калып октолгондой сес берет. Канткен менен анын бул жаалы Юнуска тааныш болокалды. Жана артына өтө калып, кежигесине тапанча такап, кара кушу ченди куралынын учу менен каккылап атканда чиркин жан таттуу эмеспи, жүрөгү опколжуп, бир титиреп алды эле эми так мандайында чаңырса да, бу жаш улан кебелбей койду. Неси болсо да, ок үзгөнүн, машааны басканын көрүп турайын»—деп, аста өзүнө ишенич жыйнады. Ирмемге болсо да, өзүн жоготпоону, душманга сыр бербөөгө көзү чакчайды.

Ал дагы кескин бурулуп, тактайды тарсылдата чакчандап басып келди. Нестейген өңүн кубултуп, жанагы эле сөздөрүн тоту кушча жаадыра баштады:

—Эй, иттин тукуму!—деди тапанчаны мандайына такап,—сага ушул мүнөттөрдү тартуу кылып турган мага эмес, мына бул фюрердин ыйык куралына тоон кылышың керек. Билесиңби, сага ок чыгарыштан эринип турат... Ушундан пайдаланып кал, болбосо көзүң ачык кетет, мерез!

— Эчтеке айтпайм, менден сөз чыкпайт. — Ал жалтандабай тик карады. «Тайсалдаганда эмне, баары бир ата турган болуп атпайбы» .

Бүшүркөп, үч бүктөлүп жалынганда чымындай жаны чыркырабай калмакпы? Дегеле немец дегендин ырайым кылганын көрканча, же жана эле жаны бирге, максаты бир болуп сапарга чыкбөдү го бул согушта. Ичер суусу түгөнүп, күнү бүткөн экен, арга кан жолдошторунан мунун артыкчылыгы бар беле? Же бул «Туулдум-өлдүм» деген пенделик ырды ырдабай төрөлүппү?... Ырдап—ыйлап төрөлгөнү чындык.

Кана эми мурчасы жетип, мындан 15 эле мүнөт мурдагы эркиндиги өзүндө болсо, жок эле дегенде жерден жарым метр би-

йикке көтөрүлүп туруп, көз ачып-жумганча кош буттап тээп кал
мак да, беркисин мылтыктын кундагы менен сулата чабууга, ка
чып калууга үлгүрмөк. Анан мунун карааның биерден издеп көр

Эх, эркиндик! Ушунча да бааң кымбат беле-ов!

Мына эми ал-туткун. Куралсыз, айласыз сурак берип олтурат

Ушул бычактын мизинде кылтылдап турган кооптуу өмүрүн
дө эки саат мурдагы 13 киши болуп чалгынга чыкканын эстеп
алды эле-өзүнө саал демөөр байлады. Булардын полку кезектеги
чабуулга даярданып жаткан. Ошонун алдында Юнустардын тобу
на күжүрмөн тапшырма жүктөлдү. Эки саат чалгында болуп, душ
мандын ахывалын ийне-жибине чейин иликтешип, кайра кайтыш
мак. Баары ойдогудай бүтүп аткан. Аз жерден иштери бүлүндү
да, калды... Ошондо командирининн жан соогалагандай сөздөр
кулагында. «Ар бириң өз жаныңды аман алып чыгып кетүүнү
амалын тап, тирүү курчоодон чыккандар баягы көпүрөнүн алды
нан учурашабыз»— деген акыркы үнү жаңырыктады. Анан эл
тири укмуш атышуулар, бетме-бет салгылашуулар жүз берип, бу
лар бет алды жүрүп калышты. Жыйынтыгы ушул — булардын
тобу туткундалып, экөөсүн азыркы немецтин офицери буйдалтпа
атып салды.

— Дагы үч мүнөт убакыт берем, айткының мусулмандын д
бөтү!— Ал сүйрү жаагын кемечтентип, ачуу кыйкырды.— айта
сыңбы деп атам?

— Айтпайм! — Ушуга удаа чак эте түштү. бет талыштыр
пистолет менен согуп калды. Көздөрү караңгылай, чалкасынан ке
те жаздап, жер таянып оңолду. Кайрыет, талпак болуп жаты
калбады.

Экөө табалап, «Ха-халап» каткырып жатышыптыр.

— И-и, айтпайсыңбы?

— Айтпайм! — Юнустун көздөрүнөн от чагылды. Тик каро
дон жалтайлабады,— бул менин акыркы сөзүм: айтпайм дедим.

Мундирчендин дээрине бир ой келип конгонсуду. Экөө өз
үнүн тилинде каңкуулап, сүйлөнүп калды.

— Анткени менен бул мусулмандын дөбөтү мага жагып т
рат — деди беркинисине.— айтканынан кайтпаганы жагат. Итте
тырышкан көк неме го бу? Ушунусу жагат маа... — Кекээрду
жылмайды.

— Анысы бар. — Берки ыткыйган пекене бою ырастагандай
кошту.

Өзүбүзгө шитетсек кантет? Карышкырдай качырып тиктегенин кара!

— Сынап көрбөйлүбү?

Мундирчендин жүнү жата түштү. Таклибин орусча аралаштырып, чала-моңол түшүндүрө кетти..

— Жок, жок!

Кирпигинен заарын чачыратып, ондоп тиктеди. Туткундан оң жооп ала албаганын сезип, заматта жаалдана түштү. Кутурган дай жулунуп, көздөрүн ачтара тиктеп, туткундун оозуна тапанчасын малып алды. Юнус кетенчиктей, көздөрүн алачакмактанып, бирок таңдайына такалган муздак немеге туруштук берип, көжөлүп турду.

— Бешке чейин санайм, айтасыңбы, жокпу? — Саатына көкыйгын таштан,— бир... «Бир» деп, санады мундирчен. «Бир» делинген каардуу үн мээсине кагылып угулду, улам жаңырыктап кетти айбаттуу тартып...

«Өлөт деген ушул экен да? Атылат деген ушул экен да кудай? Күнүмдүн бүткөнү ушулбу чын эле? Келип-келип күтүүсүздөн колго түшүп, анан ачуусунан өзүн жутуп ийчүдөй болгон азезилдин колунан мерт таап кете берет экенмин да арманым айтар киши жок? Менин кантип өлгөнүмдү, атам айткан аталык осуятын орундаттымбы, орундатпадымбы- аны эч ким көрбөй билбей, акаралыгыма айгак боло албай көздү жуумп кете берет экенмин да арманым аттын келдесиндей болуп?...

Ушу «Бир» деген-санак, «бир» деген цифра анын тагдырын күмжам кылчудай тескеп, эми атылар окту туурап, азыр атылар ок болуп, эсин эңги-деңгилентип, мээсине кадалып атты зып-зып...

Ал өзү да ошол мисалында түйүлүп, октун өзүндөй ачыркапып, ошол жапан душман огуна жем болгонуна арданып, ушу убакка че көргөн өмүр насибине чуркап кетип калгысы келди. Эсинде калган, андан наар алгансыгандарын көшөгөлөөнтө эстеп, анткенинде кана эми мурчасы жетсе, өзү да ок болуп атылып кеткиси келди...

Өткөнүнө чуркап кетти күрпөң-күрпөң... Туулган айылына Үч-Коргонго жете барды зып-зып учуп, өзү атар огу болуп...

X X X

Эртеге Армияга жүрүп берем деген күн эле. Атасыныкына барса, Ташап аке жакага эми эле түшүп келген экен түйшүк тарткан түрү бар. Бирок, өмүрү бирөөгө өз машакатын зынарлап көргөн жан эмес, уулуна да көйгөйүн айтып, тиш жарбады, кабагын чытыбады.

—И —и, келиптирсиң? —деди, —тынч жатасыңарбы, апа жакшыбы?

Жакшыбыз ата. Мал-жан тынч.—Кыргыз анасы ушул а
лыкта дасторкон жайып калды. Жактырган-жактырбаганын б
дирбей, ал да күндөшүн сурамыш этип, бирок атасына үйрүлүп
түшчүдөй жумарымбекке ичи тарып, не куштарланып карап
каны өелгисиздей эле. Айтор, кирип-чыгып тапкан-тутканын ор
го коюп жүрүп, кантсе да эне эмеспи кан жолго аттанып атк
өгөй уулуна жан тартып, ийип кетти эми ата-баланын көзүнд
күнүп жанган алоого аралашып...

Юнус дале баягы сөзүн кайталап, атасына тигилип турат
айтканын эки айтуудан тайманбай. Ташан аке баарысын ичин
кайталап, күпуя оңтүрдү өндөндү. —Батаңызды бериң ата!

—Батам ушул уулум, жаман айтпай жакшы жок. Жакшы
болуш аста-аста, жаман болуш бир паста. Батам ушул: адал ж
мөк-ак, башка түшсө адал өлмөк-ак! Жоокерчиликте кокус баш
иш түшсө башыңды ийип берсе, душманга сырыңды айтпа-бата
аталык батам-ушул! Батам ушул: бөөдө бетиңди көөлөгөнгө
тынба. Кыйынды бет алып качыр, оңойду оңуттаба. Жигиттикт
жигит-атанын наркы ушул балам. Аны сен апаңын ак сүтү мен
ичкениң, атаңдын деми менен кошо жутканыңды андай бил-б
там ушул балам!

Атасы ооруксунуп алды:—Башың кичүү болгон менен сап
жолуң улуу балам. Мен барсам болот эле алдыңа, ата-а бил
калбадымбы эртең кетериңди...—Сыртка чыгып, уулун узат
атып, мобуну кобураган атасы.

—Жаман айтпай, жакшы жок балам, кокус душман бет
лип, колуна түшсөң, жеңилип бербе, атаңын бетин карай турга
иш кыл, ата-бабабыздын салты ушул: жоо бетине тик кара! О
ондо мобу баскан топурагың, мүлдө атаңын журту, сөөгү та
рып карайт саа... Жаамы бизди сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кы
байсың, балам... Адал жүрүшлүк, адал өлүшлүк-ак-о-омийи-и
аллоуакбар, —жигит пирим колдосун!

Келатып, атасынын батасынын төркүнүнө сараcан салып, өзүн
күлүп алган. Кызык, атам элдин аталарычылап, жандатып кы
тып айтканды билбейт. Билсе да' ороп-чулгабай, өзүн айтат,
шырбайт. Ошон үчүн Ташан акеби,таштан бүткөн тагдыр күт
табышмактуу жанбы атам? ...

Ушу он жети жашка келгенче канча баталарды эшитпишпеди д
сиң? Теспенин ташындай тизилген даяр сөздөрү бар, эчен сыл
сыпаа баталар бар: «Өмүрүң узун, ырыскың улук болсун!», «Ө
бө-житпе, очок башынан кетпе! «Жорткондо жолуң, кызыр жо
дошуң болсун!»

Коендой окшош ниетти аркалаган, аруу тилек баталарды эшитпей чоңойду беле же? Эшиткен. Эшиткөнде кандай, баарынан кабардар болгон. Ошентсе да, атасы алардан кыя кетип, ак өлүмдү (Эгерим өлсө) жашаса ак жашоону каалап, ошону ыраа көрүп олтурат-болгону ушул...

Жаш эмеспи, келатып, дагы бир дейди ойго жетелене калган: «Атам, ушул атам мага дурусураак батасын да, олжо тутпаганы неси? Же менин башка энеден экенимден ушинтип атабы? —Ушинткенинде кадимкидей ызага ууккан. Кантсе да, атасынын каададан тайбас катуулугу, башынан талапчылдыгы, аталык адил көзү уланды нарытан ынандырган. Ал эмес, күпуя суктандырганы бар. Ал ошону аркалаган сайын, чытырманда чыңалып, кетилерде куралып келатканы төгүнбү же?..

Жанагы чуулган: чалгындын бүлгүнгө учураганы, командирдин «Ар кимиң жаныңды аман алып чыгуунун амалын ойлон» деген жан соогадай сөздөрү, ошондогу айбаттуу кармаш көздөн ыдырылды. Ал түбөлүк жанын жеңүдөй сес берип, кулакка өңчөй кооптуу энчи тагып, жанын жеп баратты. Кулагы өңчөй жер тодарган дүңүлдөк-даңылдактарга, жарылууларга толуп кетти.

Атамын батасын актай албай өтөмбү? Өлөт деген ушулбу, деңир? Жашымда жайрап калганым эмне? Октоло албай, ок жутуп кете бергеним эмне? Атамын ак батасын кайра угуп, Үч,Коргондун акак суусун кочуштап жутуп алсам, ушу немецке, аныңгуна туруштук бере алар белем кудай?!

«Эки-и!» деди мундирчен. Оозун кемечтентип, сынай тиктеп тып, отургучуна отура кетти. Беркинисине «Мылтыкты оозуна жакындат» дегендей ишаарат кылды. Токочтонгон жыландай түктүйүп, көзүнө, суюк кирпиктерине заарын топтоп, анан «5» деп санаганында огу менен кошо бүркүп ийчүдөй жаалдуу. Ирмемдер учту зып-зып. Ал өткөнүнө айылына чуркады күрпөң, күрпөң...

Жакшылыкжамандыгын, теңделик жаздым-бастымдарын көшөгөлөнтө эстеп алгысы келди. Эстеп атты, андан кубат-наар алгысы, же кечирим сурагысы келди... Төрөлгөн чөлкөм Үч-Коргон көзүнөн учту. Ал үч тамчыга, анан бир тамчыга айланып, көзүнө ыңкып кеткенсиди.

Ал ошол тамчыга он жети жашын, мүлдө жер шарын батыргандай көз карегине батырып, андан баарын— өткөндөрүн боолголобой көрүп турду калтаарыбай...

Идиреги бар жаштар илгиртпей эле тракторчулукту өздөштүрүп алышты. Юнус да ошентти. Анан талаага чыга келгенде ал биринчи болуп рулга олтуруп, бороз салды. Кырк биринчи жылдын

жазында булардын айылына биринчи трактор келди. Ана
калса, жаркыраган 1-май майрамы эмес беле. Юнус, Рашит, ана
ким эле? Эсинде калбай атабы? Жоок, эсинде калып атпайбы
Рашит менен Хасанбй мелдеше кетишкен, анан Рашит женип чы
гып рулга отурган. А Юнусту маалими мурда эле чектеп койгон
Үч-Коргон чөлкөмү боюнча бир трактор биринчи бороз салбады
бы ошо майрам күнү. Баары: жаш карысы дебей бороз артына
далбактап ээрчишип, жаштары «ураалап» кыйкырышып, а кары
лары салт боюнча Темир атанын арбайына ырым үчүн бата окуш
кан. «Согуштагыларга нан эрте жетет экен» —дешип...

Баары майрамдай, майрамдын шаан-шөкөтүндөй өтүп жат
кан. «Кайсыл Юнус, кимдин баласы эле?-дешип, таңырканып су
рашкандар канча. Билегечтер тактап-ныктап жооп кайтарышкан
—Тиги... Атасы кыргыз, энеси тажик Юнус балачы -ошо да...
—А-аа, курама темир курч болот дечү эле, нускасына барга
экен да?.. Тажиктен башка табылбаганын кара кысталак...

Түшкөчө тынбай жер айдашты. Түшкө барып-барбай жар
дадамчысы Хайтбай иш көрсөтө баштады: «Өзөрүп калдым» -деп
чын өзөргөндөй түрү бар. Тиги өрүкзардагы көгөргөн короолорд
үзүп жеп жүрөт кыртылдата чайнанып. Юнустун боору ачып кет
ти. Тракторунан түшө калып, өзүнө деген жарты нанын бере сал
баспы. Хайтбай аны бурдап жеди. Анан жата калып, арыктан су
нчти. Каадалы кишиче отура калып, «Ишиң ырбажы тапсын»-деп
Юнуска батасын берди. Юнус ошого ыраазы, кишинин ажаты
ачса, жаманбы баса? Тракторунун тынбай тыркырап, айылды
жаңыртып жүрүп турганына ыраазы. Жер-аалам күлүп кара
жаткансып кетет. Бак-даректардын жалбыректарынын желге ыр
галганынын өзү ал кол чапкылап атканга окшоп турат, арык бо
лой жамырай ачылган ала какымдар ушу жаңыл түстөрдүн ара
сынан, те суу түбүндөгү акак таштарга окшоп кеткени анын ку
басын кандырат. Түшоого чаба өскөн чөптөр, каңылжарды жарга
жалпыздын жытын бой салган, ай тамак тажик кыздарынын жы
тына окшош, буруксуган жийде буректын жыттары басы
кетет...

Юнус өрөпкүп алат мындайда бактысынан-тактысынан ка
нат-бутак алган тейде. Телегейин тегиз: жанагы жыттарды трак
торунун өзүнө тааныш жыты басып кетет. Тракторунун көккө
серпкен көк түтүнү мүлдө жашыл ааламды коштоп турганы ку
зык жаш уланга, анан бир ааламга: көк-жашыл алкакка бири-
гип, бир бүтүн дүйнөнү түзүп турганы демдендирет аны...
Айдалган жак каралжын тартып, жалтырап жатат. Аста булоо
лонгонсуп турганы көзгө таштанат. Соко тийелек тилкелер ала-
бата, кекире менен мия өскөн түсүнөн кагажыгандай, мелтирел
туру...

Юнус каткан загыра нандын калдыгын сууга малып жеп, эп-
теп курсагын төмпөйттү. Кайра рулга олтуруп, башы-көзүнө ка-
рабай, айдап кирди. Аңгыча каш карайып кетти. Аны кызык бир
сезимдер делөөрүттү: негедир эле үйүнөн кабатыр болгонсуппу,
кабыргасы кайышкансып, кызыктуудай боло берди. Анан чырагы
иштебей калса дагы жүрүп жаткан тракторунун жүрүшүнө ыраа-
зыланып, чери жазылгансып кетти. Азыр айдоо күйүп-жанып тур-
ган кези. Мындайда: «урушта-туруш жок» -дейт эмеспи! Болду:
айдап калуу керек, жетишип калуу абзел. Үрөн өзү эле кыртыш-
ка түшөм дегенсип, секирип турат жаныбар...

Трактор үнү талааны жаңыртып, теребелди жайпап турду.
«Тр-ра-р а-ртра а» лаган үндөр жаш уланды алдейлеп, күчүркөнө
калганда «темир-тулпары» титирей түшүп, Юнус анысына бей-
нен курсант. Ананчы, жер айдалып, атпайбы. Мүлдө эл күткөн
мүлдө Мекен күткөн мүдөө аткарылып жатпайбы. Ишке жарайт
деген ушул эмей, Мекендин жүгүн аркалайт деген ушул эмей?...
«А-ай»!-деген үн жаңырды арт тараптан. Ага удаа «А-ай!»—
деп барып кескин унчукпай калды. Жаш уландын жүрөгү атып,
кандайдыр соконун учуна бирдемкенин урунганын байкагандай
болду. Секирип түштү.

—Хайтбайсыңбы? Аба, соосуңбу айланайын?
—Соолем, биче көзүм ызгып кеткен экен, жаным сеп алсын
дебедимби.—Ал үшкүрүп алды, -у-х-ху!...
-А жериң түгөнгүр ушул соконун мизи тийчү жерге кынтая-
рыңбы анан?

Бая сен берген нанды жегенимден кийин эле, көшүп кетпе-
димби жаным жер тартып.

Караңгыда ким билет, азырынча соконун удулу «сыйпап»
түптүр деп билди. «Сыйпаганда бешенесинен сылап сыйпар бе-
не» -деп, ичинен Юнус кымырылып алды.

-Соконун удулу тийсе, жыргатып койчу беле? Чыныңды айт-
ы аба, тени-кардыңа зыян келтирген жокпу, ыя?
—Жо-оң, биче тийип өттү окшойт....
—Өйдө болчу кудай жалгагыр. Мындай туруп көрчү!
—Жо-он, биче эс алып алайын, Тие көрбө ата! (Ал Юнусту
какшы көргөнүнөн «ата» дечү) -Көңүлүм айлангансып турат.
Азыр жакшы болуп кетем. Тие көрбө ата!...

Юнустун көздөрү алачакмактанып кетти. «Эс алса эс ала-
урсун деди да, бригадирге айтмакка атып жөнөдү. Бир эсе Хайт-
айга тууган эмеспи. Не бар, не жок айтып койгон нйги да...
Бригадир келип көргүчө, «Качан, кантип» -деп эле сурай бер-
генин бир билет Юнус. Айтор, бул суроосунун өзүндө сырдуу ман-
ем жаткансын, жүрөгүн оңколжуттурду жаш уландын.

Келип көрүшсө, Хайтбай кыймылдабай койду. Тил-ооздон калган өндүү.

-Кантет? Тур, эй, өйдө! Мен сени жатып ал дептирминби, Юнуска жардамчы кылып бербедим беле, эй. Тур акетай!

Турбады. Бороздун чыйырында катып калыптыр. Бригадир зоңгурап ыйлап кирди: -Боорум о ой, бо-орум-ой! Эми кандай кыла йын. Жан боорумдан айрылдым! Тууганымдан айрылдым! Туу-ганымдан айрылд-ым!

X X X

Юнустун кулагы тунуп туруп алды... Ал ушуну эстеди. Кайра өзүнө келгенсиди. Немецтин обер-лейтенантынын жанагы «2»-деп санаганын эстеди. Анан өмүр өлчөмүн эсептеп турганын кыл көпүрөдө турганын эстеп алды. Ичинен сыйрылып, ыйлады ченемсиз, сыртынан баягы колго түшкөн тейинен жазбай койду. Баары жакшы келаткан: анан эле анын жоокердик турмушунда түн түштү да калды. . .

Чалгынчылык милдет так аткарылган: Юнустун вазийпасы өзүнө жадыбалдай жат эле, ал белгиленген мөөнөттө немецтик оор артилериянын эсебин алып, картага түшүрүп чыкты. Беркилери өз милдетин аткарышты. Анан эле кайтышаарда душманга кептелди да калды-атышуулардан, тири укмуш кармашуулардан азыркыдай кулагы чуулдап туруп алды. Колго түшкөнүндө ишбүттү деп, эсептегенинде, үмүтү үзүлгөнүндө жүрөгү титиреп кулагы чуулдап кетти..

Ал тиштенди-немецке кекенүүсү башынан ашып кеткенсиди.

Ал баарына кайыл: камырдай ийленсе да мейли, таарындыдай быркыранса да мейли. Мейли, мейли жана да-мейли, бирок ал бир гана нерсеге мейли эмес—багынбоо керек.

—Ташта куралды, ыргыт тиякка!-Немецтин көзөлү чирене басып келип, демитип турду.

—Таштабайм!

—Эмне-е?—Оозун аңырдай ачып, катуу чаңырды,-эмне дейт мобу доңуздун мегилжини?

—А-а, тамаша али ушуякта де! —Ал булардын командирин чакырды. Зайцев ындыны өчүп басып келди. «Жыргатканга чакырып атат дейсиңби» -деген тариз бар. «Баса ушу Зайцевдин да жолу болбой калган кези болот экен э?» -деп ойлон коет жаш улаң-командири жөнүндө, биз колго түшөк да, анын чыгып кетегенин кара! Бешенебиз тыртайган экен да, кудай? Чын эле «өлөт» деген ушулбу, ыя?

Өлөт деген ушул экен да? Күнү бүтөт деген ушул экен да, теңир!?

Мобул мегилжинине буйрук бергиниң! деди кекээрдүү, -командири таштагандан кийин буга эмне шам десең? Сары ооз балапан экенин аяп турам, болбосо бар го...

Зайцев да, көжөлүп койду.

-Мен командир эмесмин биерде, мен туткунмун, -баарыбыз туткунбуз. А туткунга туткун командирлик кыла албайт, кылса да буйругу өтпөйт.

-А-а, ошондой де! Акылыңа келип алган экенсиң, доңуз. Буйругуңду аяп атасыңбы? Мына-а! Мынаке-ей! -Ал күтүүсүздөн жаакка чаап жиберди да, ачуусуна чыдабай, Зайцевдин офицердик белгилерин, анан погондорун бүтүндөй жулуп ыргытты. Ага канааттанбагандай жерге былчырата тепсеп-тепсеп алды.

Ушунда бир көзү карарды Юнустун, ушунда бир көзүнөн чаар чымын учту уландын. . . Карапайым жоокеринин көзүнчө командирин шылдыңдайт, жазалайт деген эмнеси бу?! . , .

Зайцевдин иниси өндүү эле ал, ошондой мээримге тымызын эгедер болуп алганын не өзү билбейт, не Зайцев билбейт. Тек гана согуштун күндөлүк чайкамы (капшабы) аларды купуя ага-ини кылып койду окшоду. Дайыма чалгынга барар алдында командири чакырып алат да, аны менен өзүнчө коштошот. «Аман барып, аман кел. Жашыңы, өзүңдү сактай көр» -дейт, камбыл атача.

Айтканыңыз келсин! Ырахмат командир! -Ал мындайда атасын эстеп, узатардагы атасынын берген батасын эстеп, ушунда бир дүйнөсү түгөл болуп алат өзүнчө бактыга маркып. . .

Командирге Юнустун ашкере ачыктыгы жагат. Качан, каякка жумшабагын, кабак-кашым дебей кете берет. Кандай буйрук болбосун, жадырап тосуп алганы, муңбаганы кызык. «Энеден төрөлгөндө ыйлап эмес, күлүп төрөлгөн го бул?»-деп, Зайцевдин тандангани бар.

Чалгында ал баарын үйрөндү. Ким тана алат, муну ал чалгындык сапардын кызыкчылыгы үчүн үйрөнбөдүбү. 17 жашында келбеди беле согушка. Узун бойлуу, бирок тартагай. Ошон үчүн балдардын кийимин кийсе эле селдейүп, качкын тарызденген баланын кейпин кист да, калат.

Мурдагы бир сапарда бул алдында болчу. Чындыгын айтканда, ал чалгындык топтун жылкычы сындуу эле. Жаздын белгиси келе турган пареңделердин биринчиси-жылкучкачканаттарын өйдө-төмөн каккылап, тумшугун ийрелеңдетип сайрап коёт дейт:-Ой, былтыр көргөн киши дагы эле жүрөт да, ыя?»

Ырым кылгандар жерге түкүрүнүп, анын сөзүн өзүнө айтат:-
Ой, былтыр көргөн чааралакей жылкыкучкач дагы эле мында
сайрап жүрөт да, ыя?

Юнустун чалгындагы ишет-тапшырмасы бирөө. Эмне көрсө, аны
чалгын үчүн маанилүү деп билсе, токтоосуз арттагыларга кабар-
лоо. Ошондо да, ал таштанды балдардын кейпинде болчу. Жо-
нунда көөнө калта, колунда циркачтыкты түгөлдөгөн буюм-та-
йымдар. Кокус жол ортосунда, кесилиштерде балдар жолугуп
калса, аларага чолок оюн көрсөтө коюу, акыл уурдоо анын көн-
гөн адаты. Анан алардан маанилүү кабар топтойт.

Азыркысында балдар жолукпады. Токойдун ичиндеги жалгыз
аяк жолдо эле. Ээрчиткен кичинекей кызы менен кемпир келат-
кан экен. Ал оболу чырдаша түштү. Сыягы, тигилеердин «үйрө-
түлгөн мышыгы» деди окшойт. Юнус аны ишендирди, анан жүнү
жатты кемпирдин.

-Эне жаңылыктан сайраңыз! -деди сагызганча шакылыктап,
-кандай таршан болуп атат?

Ал дагы эле этиеттенип, эки жагын элендей карап алып, анан
божурап кирди:-Э, кайсыл жаңылыкты сурап элең? Кечээтен бери
тиги желмогуздар бүт айыл аттуунун малдарын чогултуп, камап
олтурушат, Германияга алып кетет имиш. Поезд келсе эле дыр
коюп жүктөп кетет дейт.

—Чынбы эне?

—Чын эмей. Башыма көрүнсүн калп болсо...

—Ишендим, ишендим. Анда жолуңузду улап да, балаңызга жо-
оп бериң. Артына кайтып, бу кабарды жеткире көрсүн, макулсуз-
бу?

—Макул болбосом, макоо болбоймунбу, жөнөп кал берекем.

—Анан эне... Юнус кайрылып шыбырай калат, -сиз да этиет бо-
лунуз: Төө көрдүңбү-жок, бээ көрдүңбү-жок! Немецтердин шим
шүүсүнө илинип калбаңыз...

—Кудай сактасын, сактыкта кордук жок.

Бачым жылып,кабарды командирге жеткирген. Алар дароо
эле полкко келишти да, мал-мүлктү алып калуунун амалын табыш
ты. Максатка жараша куралдана коюшту. Баарынан да, поезд
жолду талкалоо үчүн керектелүүчү замбиректи унутушкан жок...

Зайцевдер эки саатка жетип-жетпей, белгиленген аймакта
болушту. Айткандай эле баскынчылар топтошкон мал-мүлктү ал-
ып кетүү үчүн камынып жатышкан экен. Канк-кунк сүйлөшүп,
кескин кол шилтешип, чини жогоркуларга рапорттон рапорт жаа-
дырышып, өзлөрүнчө чуулганга түшүштү.

Малдарды жүктөөгө буйрук берилери менен булар да, кескин
бүтүмгө келишти. Замбиректи темир жолду карай онуттап, темир
жолду талкалап жиберишти. Немецтер кандай шойком башта-
рын биле коюшту. Чакчелекейге түшүп калышты. Анан «мага
тийбеген көтөн богу менен кайнасын» дештиби, убал-сообуна
карабай, камактагы уйлардын эшигин ачып жиберишип, өкүртүп-
бакыртып туруп, окко тутуп кырып жиберишти. Үй жаныбардын
өлгөнү курсун, көз көрүп, кулак уккус апаатка айланды.
Өлүктөрү заматта додолонуп тоого айланды да калды.

Биздикилер чабуулга өттү. Кол жеткенин өрттөп, кысым жа-
кындап келгенде жалтандап, качып ийишти жарыбагырлар ...

Жай күнү эмес беле, аялдап калчу болсо эле, кырылган уйлар-
дын эти чирип кетмек. Бардыкы барман, жоктуку арман эмеспи,
алышынча чогулган элге берилди, партизандарга азык катары
таркатылды. Зайцевдик чалгындын оперативдик иши үчүн полк-
тун командири Воробъев буларга алкыш жарыялады.

Юнустун кулагы чуулдап кетти...

Өлгөн уйларынын башын кучактап алып, буркурап ыйлап
турган энелер... Адашып кете тургансып, анын этегин карман, эм-
шиңдеп, бирин-экин балдары турат, көзүн мончоктотуп...

Алиги катындар утур-утур үндөрүн каргылдантып, бакырып
коёт: -Бир кашык сүтүндү ким берет, бир тартым сүтүндү ким
эме-ет?

Ошол Зайцевдин немецтин мундирчени минтип, кордоп олтурат...
Туткун уландын көздөрү карацгылашып, жүрөгү көөдөнүнө бат-
бай, суудагы чабак өңдүү ойку-кайкы урунуп, түрсүлдөп согуп
атты... «Жашоо» -деп сокту жүрөгү, «Жашайм» -деп какты жаш
жүрөк...

Мундирчен нак азезил болуп көрүндү. Жан алгыч болуп,
жок, жаңылып жатыптыр: нак Ажал болуп көрүндү, ал аны айны-
бай көрүп, мойнуна алып турду. Анткени, ошол немец офицери эми
оозун кемечтентип, «ү-үч!» -деп, санап атты. Эмне дейт? -Ал селт
эте чочуп, анткенинде жаңы оозуна келип, «-үч дедиби» -деп, ичи-
нен диртилдеп, арманга жык тулку менен кайышып алды, чиркин!

Өлөт деген ушул экен да, кудай! Туткун болуп, туткун атыгып
өлгөнүм курусун! Мына эми «төрт»—дейт да, атып салат болду.
Кимге ким түшүндүрүп олтурат? Атам маа ушуну осуяттадыбы
эле теңир? Атам?...

Жок эле дегенде чабуулда кетип баратып, ок жесем не?...
Ушуну жалган тагдыр маа ата кылбаптыр да? Сарандык кылып-
тыр. -Ал бирде өзү гана тургандай болду. Көзүнөн чыкчу, каре-
гине тегерчү кургак жашына өзү кирипип, ошол жер көтөргүс

СЫЗДЫК
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N

муну аралаш бүткүл руху жарыкчылыкка «ыңаа» -деп келген, Үч-Көргонуна чуркап кетип калды. Күрпөң күрпөң жүгүрдү... Баарысы: көргөн-билгени, жаштайында жыйган-тергени көшөгөлөнө эстеле берди алчыланып... Көшөгөлөндү зып-зып учуп...

Баягы «тууганым» -деп ыйлап аткан эми трактөрчүгө догуруна баштады: -Ой, сен менин тууганымды тебелетип ийипсиң го? Тууганымдын кунун алам сенден, адам өлтүрүп атпайсыңбы, адам?! Тек коймокмунбу сени, көргө кирип кетсең да, этегиңден тартып алармын. Кайра ыйлап коёт: -Тууганымдан айрылдым, боордоштон айрылдым.

-Аке, көрүп турасыз го мен кантип тебелетмекмин? Өзү жатып алыптыр да, жатып алган жерин көрүп турасыз го, эй? Бирөөнүн бөөдө күйгүзбөсөңүз, эй! Чырагы иштебей атканын билет болучу, кантип уктап калган биерде-билбейм? Өзүңүз чырагы өчсө да, айдай бергиле, бүгүн бул тактаны бүткүлө дединиз эле да, аке... Мен кантип эле?... Өзүм жей элек нанымы бергем курсагым ач дегенинен...

—Э, наныңы жебей ырысын жесин. Сенин наныңы жегенде эле ырысын кошо жеп алган экен.

Анын кулагына трактордун үнү угулбай, өңчөй бригадирдин дооматы, ыйы угулуп туруп алды. Ызага уккан жаш өсүпүрүмдүн иреңи жездей саргайып, шыбыш аралаш эрини кеберсиди... Илгери умтулсаң торой чалышка уста. Өзүлөрү боло алышпайт, болгонду көрө алышпайт. Жана эле жерге-сууга тийгизбей көкөлөтүп атышкан. Биздин эл нарытан ушуга көнгөн эл беле же? Түртө салмай, сүртө салмай. «Курулай дооматтан, күтүүсүз балээден сакта» -дегениң ушул беле, же ата? ...

Ал бекерден долуланбалтыр. Кайып болуп кескенсиген бригадир кайрадан пайда болду. Бирок, өзү эмес, Хайтпайдын тууган-уруктары, коңшу-колондору-бүт аны тааныгандар колдоруна чочмор баш союл алып, ороп, качырып келатышат. Кудум Юнус бул чөлкөмдөн безип кете тургансышып...

—Эй, трактор минген көзөл, биздин тууган жер болуп калган эң ен да сага?... Каалаганыңдай курсагына бороз салып кете бере турган?

—Муну көзү бүтүп калган тура, эртелеп ачып коёлу

—Ошону айтсаң, лөлүдөн баатыр чыкса чатырын чабат имиш Муну карабайсыңбы, жардамчысын соконун алдына таптап коюп, койдон жоош болуп турганын!

—Анжирин чыгарып коюш колдон келе-ет...

—Мындан башка адам жок бекен трактор айдай турган, а кызы гана талак!

Келатышат. Тим эле жоо чаба турган дай, шайма-шай болуп, ороп алышкан. Дирт-дирт этип калчылдан кетти. Башы айланкөчөктөнүп ымыр-чымыр көзүнө толгон элес-буластар утур-тетир кошул-ташылданып, бирин-экинчиси ээлеп, бир башы-бир тени аны көтөрө албагандан солкулдап кеткендей... Жана туткунга түшкөн дөгү айкырык-кармаш илгеркиси менен алмашып, ошондогусун чакырып, илгеркиси азыркысына аралашып, ошондогусун чакырып, илгеркиси азыркысына аралашып, анын баары келип, мобу мундирченге такалып кайра өткөнүнө кайкып учуп... зып-зып этип, алма-телме көрүнүп, эсин эки кылды энги-деңгилентти...

Юнус «ак-көк» деп актанбады. Тек гана туруп берди. Актанып болобу ушуларга. Булар бир кара таан, же күргүштөнгөн сел да. Селди токтотуп болобу? Миң даттангын, өзүңдү пас тутуп ыйлам-сырагын,баары бир сел селдигин кылбай койбойт.

Ушу жапан каалайыкка нени түшүндүрөт, кантип? Тергиштиргиси келишсе, мындай бир адам сыяктуу болуп, келип сураса болоор беле? Бирге иштешкени ырас, а өлтүрүп койгону ырас эмес да? Мунун эмнеге чындыгына жеткиси келбейт булардын?

Өз тагдырына, ушуга туш болгон өзүнө нааразыланды. Ушуларга деп, элим үчүн деп жаштык жүрөгү трактордун мотору болуп атпадыбы эле?...

—Абайлагыла, биче сабыр кылалы, баатырлар.-Баштаарын баштап келип алып, бригадир калп эле тигилерди тыйган болот.

Сабыр болбойт мындайда, анжир болот, анжирин чыгарыш деген болот. Итке ит өлүм! -Мына! -Карс-курс эттирип, тарсылдатып салып жиберди. Биринчисинде жазгана кетти эле экинчиси тийгенде Юсуп учуп жыгылды. Бирөөсү (Сыягы бригадир болсо керек) өйдө кылып койду. Балким мындайлардын далайына чыдоого туура келет дегени окшойт-Юнус муну ушундайча түшүндү.

Бул таймаш көпкө созулмак. Эгер Юнус кол кайрыса эле бырчылдашкан салгылаш өкүм сүрмөк. Ацгыча кимдин бакты экени белгисиз, милиция кызматкерлери келип калды.

—Эмне кеп? Ким?—Баарысы аны ороп алышты. Анын оозунан чекирээк эле сөз чыкса, Юнусту тытып кетишмек.

-Кана көрөлү, ким өлтүрдү? -Анан жыйынтыкка келели -Айдалган жакка басышты. -Ансыз мен эмне дей алам?

Өлүктүн турпатын шашпай көрүп болду. Ары оодарып, бери оодарып, күмөнсүгөн жерлерин колу менен сыйпалап, көз элегинен өткөрдү.

-М-м... Түшүнүктүү, соконун үдүлү тийди дегин?

Юнуста жан жок. Бул да тигилердин сөзүн сүйлөйт экен деп, дүйнөсү тарып, түңүлүп турду эле, ал сөзүн али жыйынтыктабай тыр, анан айтпадыбы киндик кесер сөзүн...

Азырынча сенин сөзүңө ишене туралы. Калганын догдурлар аныктайт тамам -Анан берки топурап ээрчишкендерге күүлүү сүйлөдү:

—Мейлиса бар жерде силердин ишиңер жок. Тарап калгыла кандай келсеңер ошондой. Көрүп көкшүнүңөр суугандыр. Эмне, бу баланы тирүүлөй жутуп бер деп турасыңарбы? Көрдүңөр го, трак торуна тебелетөептир, бычактабайлы. Кенти эми экспертизадан угабыз—вассалом.

Жолдош мейлиса, менде сөз бар-баягы «анжирин чыгарчу кашка баш, балжагай бет опурулуп калды: -Эмне бир адамдын өлүгүбир улактын өлүгүнчө болоон калганбы?

—А мен эмне деп атам баятан бери? Бир адамдын өлүгү бир улактын өлүгүнчө болбой калган деп жатамынбы-а? Ушундай дедимби деп атам?!

—Жо, андай дебедиңиз.

—Анан эмне тантырайсың, төө десе, бээ деп?...

—Сабыр кылгыла баатырлар., чын-төгүнүн өкмөт текшерет.

—Ооба чуу кылбайлы.—Бригадир бөйөндөй кепке кыстарылды. Тергөөчү эми ага суроо салды.

—Сиз эмне, чырагы иштебесе да, бүтө салгыла деген белеңиз?

Кыцгырата, аста үн катты.

—Жо-о, андай деле эмес... Жаштык кылды да балаң түшкүр,, Ыйламсырай үшкүрүнүп койду, -Хайтбай адамдай адам болсочу атаганат!

—Сиз айтыцызчы трактөрчу бала жаштык кылдыбы, кастык кылдыбы? Сиздин оюңуз? Экөөңү тең билет элециз да, ушундайбы

—Ушундай го, ушундай деңчи. Айтбай (Негедир ушундай атап нйди) куда момуну адам эле, чөптөн башкага зыяны тийбе. ген..

—Анан бу жигит кандай жаштык кылат? Сиз бирдемкени айта албай турасыз го? А сиз... —Тергөөчү ныктай каадаланып, сына. гандай көздөрүн сүздү.

—Айталы өзүңүз рулда болгонуңузда бороздо жаткан Хайтбай. ды көрө алат белециз?

— Эми биз кексе киши көрсөк көрүп калат белек?

—Кандай кепилдик менен айтмаксыз?

—Лапай?

—Кандай кепил? Мисалы, кандай далил менен далилдей алмак. сыз, борозодогу өлүктү көрө турганыңызга? Айталы, маселен

Хайтбайдын кийимининн түсү менең кыртыштын өңүндө айрыма жок!... Сиз кандайча билип калмаксыз?

—Мен эми... Секинираак айдап, көрүп калмак белем дейм да?

—А-а... Божомолуңузбу бу? Бизге далил керек, кыял колго кир бей турган нерсе. Мынан келди, трактөрчу сиздин оюңузда жаш тыгынан гана өлтүрүп койгон го, э? М-м...

Эртеси тергөө мындай бир жыйынтыкка келди: -Азырынча экспертизанын жыйынтыгы так эмес -аны күтүүгө туура келет. Ошондуктан, мындай кылалы: чапкан сайын эле көз чыга бербесин (муну менен Юнуска боор тартып атканын ачык эле билдире салды). Айтып коёюн: трактөрчу баары бир айып тартат-камалат, эң болбогондо кайдыгерлиги үчүн. Бирок, мында бир факт дайын: Хайтбайды трактөрчу өлтүргөн эмес! Муну билип алалы чаташтырбай. Ошон үчүн биз ойлойбуз: Жер айдалсын, үрөн себиле берсин. Тиякта согуш жүрүп атса, биякта үрөн себилбей күн күйүп атса...

Кыскасы, трактөрчу подконвой жер айдап турат. Экспертизанын жыйынтыгы чыгаар замат... Ал кечээтен бери жанчылган, өңү ак бышар өрүктүн өңүндөй агарган -азгын Юнусту карап кой ду...

Жигиттин кулагы ачыла түштү кыялында трактөрунун моторун от алдырып жатыптыр...

Ошол эле күндөн тартып, Юнус күн-түндөп күзөт менен жер айдады. Ичи-тышынан трактөру экөө озондоп да, туш болгон бактысына ыйлап да жер тилиштн. Хайтбайдын туугандары өңүттөн келип атышты, көзүндө огу болсо атып жиберердей кектүү карап, күзөт гана чеп болуп тосуп турду окшоду. «Эми алардын арты үзүлдү» -деп, санаасы тынчыганча, дагы бир караан алыстан бу ластай калды. Жакындап келсе баягы кашка баш. Эми оозунан анжири түшүп калган шекилдүү.

—Үкө!-дейт майпандай басып, —болор иш болду, боёсу канды, өткөн ишке салават. Көөнүңө алба бая күнкү кептерди. Бу тириг иликтин шоорату (Керемети дегиси келди окшойт) ошондо үкөм. Үзүр сураганы келдим.

Ишенип-ишенбей, трактөрундай калтырап-титиреп, Юнус турат дагы кандай жыландын башын кылтайтар экен» -дегенсип. Жо ок, эчтеке дегиси жок экен. -Эми үкам макул көрсөң, биздин там арканы чийип берсең. Карындаш-үкаларина мактанып чыктым эле сени келет деп...

Юнус ойлуу турду. Үйүнө алып барып, балталап салса муну ким кой дейт? ошондой ээндете албай жаткандыр, калп эле жер ин шылтоо кылып?...

—Барар элем күзөттөмүн да аке.
—Э, сен эле макул болсоң, күзөтчү менен өзүм сүйлөшөм.
Ошентти. Жанталаша майпандай барып, улам Юнустү кол
жаңсай көрсөтө коюп, «тууганым эле деп жатып, «Жээним эл
деп, үбөлөнө кетип, өзү жакындабагоого ант берип отуруп, күзөт
чүнү көндүрдү...

Анын жерин айдап бүткөнчө Юнус адам аттуунун көп кырдуу
лугу жөнүндө ойлоно берип башы катты...

«Кечээ эле анжиринди чыгарам» деген адам минтип, бөжүп
алдыма турса. Же, ал кечээ эле тууганына боор ачып бүгүн кара
манча унутуп калдыбы? Бирер күн гана күйүмүш болуп, (Эл кө
зүнчө) анан мындай басканда тууганынын зыйнатын тебелеп кет
берүү-бу окшогон инсандарга тоң тепкендей кепин? А кечээ тамар
касы жөнүндө эмне ойлонбоду десең, бу кишилер? ... Ошондо да
трактор турбадыбы жанында.

Бир кишинин эки түр болуп көрүнгөнү кандай ынгайсыз? О-о
наалаты сага, эки жүздүүлүк! -Ушинтип атып, тракторун бу-
рушун унута койгонун билди, шакка чыгып баратыптыр. «Тиги
сербейген даректарын бастырып ийип, дагы кутулбаган куяга ка
байын» -деп, жүрөксүй калды.

Дагы эки айланды эле майнайган кашка баштын тамаркасы
айдалып бүттү. -Үйгө киргиле, дасторкон улук үкө, беймарал оту
руп чай ичебиз.

-Ырахмат! -деди Юнус рулдан колун албаган тейде, -Иш...
Ал ниетиндегисин билдире албай, туттугуп калды. Болбосо, тиги
нин каадалы сөзүнө жооп кылып, «Иш улук,» -деген сөздү айткы
сы бар эле.

Тигил башын ийкендетип, колун көкүрөгүнө коё, теңселип кой
ду: -Кем болбоң, рахмат үкө!

Жооп иретинде бул да, «Эл камындабыз» -деген нускоону бил
дирип, баш ийкеди. Тигил ылжайып, күлүмүш болду эле жама-
жайы жайылып, балжагай бетин бүтүндөй ат тиштүү оозу капта
тургандай көрүнүп кетти...

Юнус азыр айдап жаткан жердин сол жагынан Үч-Коргон
аласалып, күрүлдөп агып өтөт. Айылдын эң чети, башы куушта-
нып барып, тоодой караан берген, жарымысынан жерге чөккөн,
эбегейсиз зор кара ташка барып такалат. Айдоого, айрыкча сугат
ка ынгайлуу өзүнчө тегиз тектир.

Оң жагы айдөштөнүп барып, чоң жолго чыгат. Тигил айыл
жаккы учунда эки үй турат, жакыныраак тигилген үч түп жаңгак
алыстан өзүнчө бир түп болуп көрүнөт. Бараандуу, салабаттуу

каралжын жалбырактары ыркырап сокчу желге термелип турабы,
же тек гана дымып, өзүнчө үргүлөп турабы-улан аны байкай ал-
бай бушайман. Бороздун оң жагындагы кара ташты, сол жагында
экенинде ошол жаңгакты ойлуу, ары кыялдуу карайт.
Анткени эртеңки коогалуу турмуш эмне болот-аны менен иши жок.
Айтор, улардын көзүнө жандудан бир түп жаңгак (Үчөө бир түп
болуп көрүнгөнү кызык) жансыздан түбөлүк сыр катчудай бөгүп,
кампайып жаткан кара таш көңүлүн бурат. Ошо таш жөнүндө
баятан дагы бир түрдүү кыялданчу болду: Атаганат, ал жетсе,
анын үстүндөгү тегиздикке кыргыздын боз үйүн тигип койсо кан-
дай жарашар эле?» -деп, ойлонот. Ага чыкчу тепкичтерди да, таш-
тан чегип жасасаң, өзүнчө бир жыргалдуу сере пайда болор эле...
Ушундай көзгө жалт деп көрүнбөгөн серени-үйдү күтүүсүз бүтүп
коюп, элге- көпчүлүккө сунсаң...

Ал бейтынч сезимден чочуп алат: -Ошондо да «Анжир кылам»
дечүлөр табылбас бекен? Эми «Кара таш кылып катырып
коём» -деп отурса, жең ичинен пайда боло калып...

Юнустун бул кыжаалатчылыгын тектирдин оң жагындагы
айдөшкө ташталган көз жоосу алагдылантып жиберет. Айдөштөн
ары чоң жол сайылып келип, жанагы кара таштан кескин бурулуп,
дайраны ээрчип кетет. Аркы жоностор кырдана бийиктеп олтуруп,
азыр төшүндө ак кар түнөгөн зоокалуу тоолорго барып туташат.
Ошо адырлар, жол алдындагы айдөш жазындасы биринчи болуп,
байчечекей сайынып, таажыланып, анан барып кызгалдактуу кы-
раңга айланып, гүлкайыр менен кулунчак өңөрүп, бир жаздын
өзүндө түркүн түс кубулжуп турат.

«Эгер өйдөңкү чоң арык жакшы иштесе, биерге үй салып, тигил
айдөшкө бак тигип, чардап жашасаң»-деп кыялданды. «Кайсыл
арына үй салганды кыялдансын, сага түрмөнүн эшигин ача албай
атышса, ит ичпес ашынан үмүт этет болуп атканынды кара-а»-деп,
дагы бир ою уланды жекирип өттү.

Ал трактурун токтотуп, шакта турган сууну апкелип, шаппай
«унаасына» ичирди. Канааттануу менен тракторун карап, чоң дөң-
гөлөгүнүн арсак, бекем тиштерин кармалап, курчтугун алаканы
менен ургулап, сыймыктанып койду.

«Кандай бекемсиң? Майышпайсың, сынсан-сынасың. Үбөлө-
нүп майышып бербейсиң-ушунун мага жагат...

Теребелде бир түрдүү үндөр: нарыда Үч-Коргон суусу, мында
(Бу тектирде) трактор үнү айланадагы жашыл түстөр арасынан
агылып келип жаткандай, ал табияттын бир түрдүү мыйзамын
бөктөрүп алып, өзүнүн гаркырап-шаркыраган, мындай жүрбөй
турганында бир кылка «борс-борс» этчүдөй жоош дабышына сиң-

ирип алган тейде жашыл тектирде үстөмдүк кылат. Мына ушун-
дайда, сени эч ким шашатырбачуда, сага эч ким көзүнө сайып
кожоюн болбочуда беймарал өз ишиңди аткарып атып, учу-түбү
жок, (учу-түбү бар кыял ойлонулган, даяр пресе эмеспи) кыялга
берилип, жыргалга батсаң болот-ов!

Былтыркы жылдары китептенби, же тууганларының эскирген альбомдорунанбы, айтор өзүнө жаккан бир сүрөттү таап алды. Бара-бара аны жан-кыялындай кастарлап, кыздардын таш күзгү сүндөй колунан түшүрбөй көрүп жүрчү болду. Ал бир апын жа дүйнөсүн түгөл байыткан ата-бубаларынан муундарга калган, колдон-колго өтчү эстеликтей (Эгер тумарга батчу болсо, мойнуна тагының жүрүүгө даяр эле) ыйык сезилчү, артыкча кээде ышкысы түшкөндө бирөөгө көрсөтүүдөн да кызганып кетер эле...

Азыр ушул Жыргал-Тектирде жер айдап атып, эртеңкиси мен ен кымындай ишн болбой дагы бир азга жан-чөнтөктөрүндө жок сүрөтүндөгү жашыл дүйнө менен жашагысы келди...

XXX

Күзөтчү экөө түш оой тамактанууга олтурушту. Жашыл май- сан үстүнө нан оролгон жоолуктарын жая коюшуп, чөйчөккө ар- ыктан суу алып келишип, эптеп кайсалап тойгон болушту. Ушу- ченде айдөш жактан таанып баш кийим көрүнгөнсүп, ал заматка жоголуп кетти да, көкүрөгү анан буттарына чейин дааналанган адам басып келе жатты.

-Атам! -Юнус ыргып тура калды. Күзөтчү мылтыгын кармала- эмне дээрин билбей турду. Ачыча ата-бала көрүшүп, кучакта- шып, о бир топко моокум кандырышкан соң, атасы үнсүз терең күрсүнө олтура кетти. Милиционерди ойдон тиктен алып:

-Тоодон келишиңизби, ата?

-А-а, тоодон. -Баласын санаалуу тиктеди Үнүндө жабыккан дык бар.

—Тынчсыңбы анан, балам? Бу үч-Көргонду түн көтөргөн ко- га чыгарыпсыңар го жардамчы экөөбүң?

—А-а, ушундай болуп калды ата, менин колуман келер болсо.. Колдон келбес иш экен. Хайтбай акени келбес сапарга жөнөттүк.

—Арты кайырлуу болсун! - деди ойго тонуп, анан баласына гилди. Кудай зор сакчыгыр. Бир айтадан бери түшүм онолбой кыжаалат болуп аттым эле. Көрсө, сен ишкаш тартмакчы жаткан экенсиң да балам. Ох о-о! Эми майлы балам, атадан а гоо болсоң да бир жалгыздык башта бар» деген. Жалгыздын ж ры Кудай болот. Ишиңди кудай ондосун, пенденин бергени эчтек

болбойт.

О кызыталак кантип нес басып, айдоодо жатып калды десең? Эс-песи жайында беле өзү? Же наша-паша чегип алып, сенин кө- зүнү боёду беле?

—Жо-ок, ата баары жайында болчу. Курсагым ач дегеннен нанымы бергенмин. —Уулу баарын төгүп айтып атып, күйгүлтүк тарткан көздөрүнөн жаш сызылып, эки күндөн берки абыгерли- гин-баарысын саймедиреп берди.

—Болор иш болуптур. Уулум! —деди Ташан аба, —кандай- дыр олутту кеп баштачудай, —менин балам болсоң, асти көзүң- өн жаш чыгарчу болбо. Көздөн жаш чыгаргандык уул баланын ши эмес. Мен тирүү турганда сен, тирүү болгонунда мен көзүм- өн жаш албайм, балам. Тирүүлүк дөөлөт, дөөлөтүң турганда мине ыйлайсың? Кудай сүйгөн пендесине кабак-каштын ортосун- дагы кырсыкты, оору-сыркоону берет дейт.

— Жыргап атканым — силер менен кошо отурганым. Жыр-
гал-шу мага.
— Ошондой: бу кишиге баары бир да, палоо жеп жатабы,
аталага нан туурап жеп тойдубу? Эптеп курсагын кампайтса,
болду. А, Юнус аке?
— А-а, ушундай. — Күлүп коёт,— акылым менен гана сезем
эмне жегеними, болбосо...
— Арак ичсеңизчи, ачуулугун сезесизби?
— Сезбейм.
—Йе, мунусу кызык го, мас болосузбу анан?
— Көп ичсем, мас болом. Акыры арак ичкенимди акылым ме-
нен ажыратып атпаймынбы?
— Кызык...
— Минеси кызык уулум, согуш менин өмүрүмү жутам деди—
жута албады.
— Бармагын басты. — Жаштыгымды алып калайын деди—
алалбады. — Сөөмөйүн басты.
— А-а? Сиз майып турбайсызбы?
— Ананчы, өкмөт имнеге «инвалидность» деп пул төлөйт? —
майыптыгыма...
— Э-хе-е, мен билбепмин. Чын айтсам, мага согушка катыш
кандардын баары эле бир депмин. Али гап биякта деп...
— Ал эми аш сууп атат. Эй, кам келде, сен экөөбүз билбеге-
нибиз али көп, кам келде! Юнус акем о немистин кыяматынын
жыл көпүрөсүнөн тирүү келген адам. Бу кишинин баскан жерине
гоон кылышыбыз керек. Ушу Үч-Коргон жамаатында согушка
барып, Юнус акемдей тозок тартып, азап жутуп келген адам жок,
эй! Муну билбей, селде салынып алып, арабияга барып келген
дамыланы эле башыбызга көтөрөбүз «Аажы» болду деп, мына чы
ныгы тирүүлүктүн аажысы ушу киши билсек, ананчы!
Элес-элестер... Үндөр...
Терезелерине Үч-Коргондун кургатылган тамекисинин түсүн-

дөй сапсары парда тартылган; анын жарымысы ачык, жары
жабык кең залда областтык элдик көзөмөл комитетинин т
сы Н. Ф. Шевцов кезектеги заседаниесин өтүп жаткан. Ал
чытылуу, каардуу кабагын акырындап жазып, айтып атка
шисине бөтөнчө ылым санагандыгын жашырбай, жаркылда
Жолдоштор, заседаниебиздин салтанаттуу бөлүгү бар—
да?—деген тариз окулат катышкандардын жүздөрүнөн.
лүндө көп олтуруп, оболку мүнөзүнөн жанбаган Николай
пович:—Өзү көп жылдардан бери жетектеген топтун иш та
басын жайылткан Үч-Коргон айылдык Советинин алдында
дик көзөмөл тобунун башчысы Ташанов Юнус Ташанович
дин Элдик контрол комитетинин председатели жолдош
киндин колу коюлган Ардак Громата менен сыйланат-

Жолдоштор! Биздин областта Ташановдой демилге мене
теген адамдар кем. Ошондуктан, давайте орундарыбыздан
кол чаап изат урмат көрсөтөлү, кана! — Ушу киши жүз ж
чыксын, нак жүзгө! — Кол чабышты шатыратып. Ал гром
алган, ийилип таазим көрсөткөн сыйлык ээсине кайрылды.
зүңүз барбы Ташанов?

— Бар!

Ташанов:—Жолдоштор, менин жүзгө чыгууму каалап
чапканыңыздарга чоң рахмат, миң мертем ырахмат. Биро
Ал күлдү.— Бирок менин эле жүзгө чыгышымды каалаган
дар... Мен ойлор элем, бир эсептен жазалаганыңыздар мен
ушундайча түшүнөмүн. Эгер мага чыныгы каалоңуздарды
мун десеңиздер, Николай Филиппович, анда мага жөлөк-таяч
гон, жакшы шарт түзгөн кемпирим үчүн дагы бир кол чаап
соңуздар. О киши жүзгө чыкпаса, мени менен бир болбосо.
жүзгө чыгып каякка барам?

Күлкү. Кол чабуулар...

Щевцов: (Күлөт) — Айып бизден кетти, Ташанов! Мындан к
сени эстегенибизде кемпириңди кошо эстеп жүрөбүз.

— Ырахмат.

Анын үйүндөгү үн: — Беш балам бар: экөө уул, үчөө

Кыздарды күйөөгө узаттык. Уулдарды үйлөгөнбүз. Кийинки у
менен ушул үйдө бирге турабыз, балдарымдын баары жо
билимдүү. Ушу үйдө 4 коммунист жашайбыз.

— Оо, өзүңүздөрчө уюм боло алат экенсиздер да?

—Ооба.

Жолдогу диалог:

Убактыңыз болобу, мүмкүн бизге— *Гүлстанга келерсиз мей-
ман болуп? Кебибиз али бүтпөйт го...

— Мүмкүн, барсам барармын. Гүлстанда урушта бирге
болгон досум ооруп атыр, ошону көмгөнгө барам деп турамын.

— Көмгөнү дегениңиз кандай?

— Э, анын эмнесин жашырабыз. Өлүм бизди эшигибизден
кандыр күтүп атпайбы, биз аны каршы алып тосуп алышыбыз ке-
рек да акыры?

— М... М...

Мен андан интервью алып жатамын. Бул андан алган алгач-
кы интервьюм. Гүлстан телевиденнесинде гана көрсөтүлө турган
экинчи интервью. Күн нуру тамчы шүүдүрүмгө батышы ыштымал.
А Юнус абадан ала турган интервьюм биздин арабызда мактоо-
го алынып, «техниканын акыркы чыгарылышы» — деп суктанып,
колдонуп жүрчү бул № 7-реперторумун пленкаларына сыя
бербесин билем.

Мен аны жазсам деп дегдеп, ошону элестетип, ошол купуя
нетти аркалап, эстелик алдында жыргалдуу турам...

Соңу

Малеевка — Москва — Ош
1989-жыл.

*Автор аздек туткан шаар—Ош шаары. Бул анын
ардык чыгармаларында «Гүлстан» деп берилет.

СЫРКЕРДИН СЫРДУУ ЖОЛУ



СЫРКЕРДИН СЫРДУУ ЖОЛУ

Ошол жылы Айкан эненин төлгөсү тетирисинен келип жаткандай түюлду. Кудай сактасын, тескерисинче деле эмес, тек гана жүрөгүнө ошондой аян келип урунгандай кооптуу боло баштады айланасы... Оттон, суудан баш тартпаган баласы өз көз алдында кичирип, күндөн күнгө иреңден кетип, сыртка чыкса эле бетинин түгү чыгып, башы калтылдап кайра келет.

Бая түнү уйкусунан чочуп ойгонуп кетти. Дегеле үч уктаса түшүнө кирбеген түш: ушул көздөй көргөн кенжеси — Эмилбеги жаткан жуурканынан кыйшайып, башы жастыгынан түшүп, тиякта жатат имиш. Айкан эне чочуй тура калып: — Алдына кетейинким, кандай жастыгыңдан ооп калдың, ата? — деп, эле ондоп жаткырганча шашат.

Ойгонуп кетсе, баары жайында. Эмилбеги ордунда уктап жатат. Бирок, жүрөгү лакылдап, алда неден кооптонуп көңүлү кетип калды. Кийинки күндөрдөн бери баласы маал-маал сыркап жатып калат. Сөөгү тетик эмеспи жаны ордуна келе калса эле кайра ойноп кетет кечээгисин унут калтырып.

«Жаман түштү сууга айтарын билген эне тура калып эле көмүчтөп суу сүздү да, касыретин айта баштады:—Жаман түшүмдү сага айттым, жакшы түштөн жолдогун! — деди кудум оболтон таазим кылып, нар көтөргүс санаасын бөлүштүрүп жүрчү тейде. Мындай дегени өзү көрөр жамандыкты эч кимге зыяны тийбеген сууга оодарып жиберейин деген жок. Кантип ошентсин, эл ырыскысы сууга, эл журтту тазартып турчу мүлккө кантип кылапатчылык кылат? Кантсе да, тазалык башаты эмеспи, тогуз томолонсо, чөптөн-чардан илээшкен илдеттен тазарып алат» — деп туюнду өз дилинен. Оболтон жер-суу адамдын өбөк-жөлөгү. Ушу төшү түктүү жер адамды кыйшайса жөлөй алат, жыгылса, көтөрөт. Булганса чайкап тазартчу, кадимкисине келтирип, жылдызын келиштирээр да ушул тилсиз суу. Ал адамдын таза ниетин бөлүштүрөт, өзүндөй аруулукка чакырат.

Айкан эне шоңшоюп, уулунун баш жагында отурду уйкусу ка
Ал аны качыра тиктөөдөн айбыкпай, эми кайра бет алды со
чу турмуштун добул-шамалына каржайган денесин тосуп ту
шекилдүү эле...

Нарытан зирек ,төлгө десе, төлгөсүнө, төш десе, акылына и
ген кемпир азыркы түшүнүн аянын боолголоп, өзүнчө табы
гын жандырды.

Жастыктан кыйшайып калганы кантсе да, оорун жүрөт э
пи — ошонусу. Ондоп жаткырганы — албетте өзүмө байланы
айыгар-айыкпасына өзүм себепкер болом, ким болмок эле ана
Оорусу сүзөнөктөп барып, даба табат.

Үшкүрүп алды,—Э, кудурети күчтүү кудайым! Жаңылд
бы, жаздымбы? Неден тайгылды пендең?... — Кайрадан түш
эстеди,— кокус көтөрүп жаткыраарда колумдан жылмышып
шүп, ордуна жаткыралбай калсам, эмне болмок? Анда Эмил
айрылып калмакмынбы? — Нары жагын эстөөдөн жүрөгү заа
нып кетти кыжаалаттыгы башын аңтара тээп...

Туруп, багымдат намазына камданайын деди эле, ага ушак э
Уктай албай. (Ушундай түштөн соң, уктап болобу?) Мекче
жата берди. Баласын бүгүн көрүп аткандай, сүгүн арта ка
коюп... Сүгүн артып, сүйүп эле караса не? Аяп олтурбайбы.
кандай илдет-мээнет торой чалар экен деген тейде. «Бир жа
миң болгурум!»—деп тоорулду баласына,—башың таштан
ралсын. Жараткандан башка аргам жок. Пенденин колунан
келет? Пендесинин колунан келсе, эбак камырдай жууруп, жа
түзөп алмакпыз да...»

Кемпирдин эбактан тутунган каада салты бар. Ошонусунан
йыбай, пирине ишенгендей ишенип, чийинден чыкпай жашап к
лет. Жамандык-жакшылыкты алдын ала көрө билет. Кээде о
нусунан купуя канаат алса, кээде кадимкидей азап чегип, жам
дыкты болтурбоонун, алдын алуунун алапайында түйшүк тарта
Өткөндө дагы бир түшү алдастаткаңы бар: ушул эле үйүн
нимиш, эмнегедир бөлмөлөрү тарып, анысы аз келгенсип, кара
лгы тартып, дагы бир жаманы чырагы үлбүлдөп, өчкөнү тур
нимиш. Кемпир күймөнүп өйдө болот. Чырагынын билигин көтөрг
-ну үйрүлө калат: — Ботом чыракка эмине болгон, мынча үлү
дейт? Өчкөнү калганы эмнеси? Билигин көтөргөнчө, мойсо
яксакал пайда болот.

— Бул сенин чырагын! — дейт ал айбаттуу үн катып.— э
сенин чырагың карангылай берет, жарыбайт эми. Сенин чы
гың — бул.

— Ботом, коюң, антип ооздандбан. Кантип эле ошентсин?
— Сенин чырагың. А-а; Мойнуна ал, ошону айтканы келдим.
Ондоп караганча, мойсопут көздөн кайым болот.
«Бул эмнеден аян? Эмненин нускоосу?» — Жүрөгү атып кал-
ды. Илгиртпей баамына урунтту. «Чырак-өмүр! — деди чечме-
леп,— өчпөй калганы жакшы болбодубу. Өчүп калса не демек-
мин, кандай арга кылмакмын. Карангылай берет»— дегенине да
ыкырарым бар. Алтымыш ашкандан кийин өмүр карангылашпай
эмине болот? Марага жакындай берет да! Айтып берчүм туура
өскертип жатат. Пенде эмеспизби, алысты көздөбөй, даярлыгын
көрө жүрсүн деп атпайбы. Ак сөз эмей?..

Түшүндө айтып берчүсүн (Кемпир өзү ушундай атайт) аяны-
нан Айкан эне дагы бир маанини суза билди. «Чырактан—
өз өмүрүмдөн коркпойм. Алган күнү алса, алып кетээр, андан баш
тартмакмынбы. Өлүмдү унуткан пенде пендеби?
Мени алдастаткан, коркуткан нерсе башка. Түшүмдөгү үйдүн
карангылашканы бейжай аян. Ал үйүбүздөгү өкүм сүрөр жагым-
сыздык. Дегеле карангылык жакшылыктын жышаяны эмес да..
Ал чырак менин өмүрүм болуп көрүнгөнү менен асили менин чы-
рагым — Эмилбегим эмеспи. Үйдүн карангылашканы — Эмилим-
дин ыландаганы. Кудайым ошол карангылыктан сактасын. Эми-
лим ооруп, сабылып турса, мага жарык күн болмокпу. Чак түштө
күн түшүп калбайбы Теңир!

Ушундан эки күн өтпөй Эмилбек ичим ооруду деп, мектептен
эрте келди. Айкан эне баласын күмөнсүй карай, сабырсыздана
кетти.
— Кантип ооруйт, бурап ооруйбу?
— Туруп-туруп ооруйт. Ооруганда отура каламын, баса албай.
— Алдына кетейин, мага не бербеди сенин оорунду. — Көй-
гүн көтөрүп, киндигинин тегерегине алаканынын отун койду.
Ирер ирмемге сылай кармады да, анан акырын ашказаны ченди
ыйлагылай баштады.
Киндигинин тушу катуу эле. Кандайдыр дүпүйгөн өндүү.
—Киндигиң мынча катуу, ата? Суугун ашып кеткен окшойт?—
ми баласынын жүзүнө көз тикти. — Баса, көзүңүн агын кара,
ынча агарган сууктук ичкен кишиче?
Кемпир эсней баштады. Оозун чоң ачып, жаагы карышканча
ней берди. Жоюп кирди баласын, көпкө жойду.
— Асит-сук да бар балам. Оголе көзгө жакынсың. Элдин
алдарына таш тийбейт. Сага эле тоорулуп турат таап алгансы-
ып... — Эснегенде көздөрүн жуумп, адатта баласына жат сөз-
ер кайталанат: «Отуз омурткадан, кырк кабыргадан чык. Сук

кирне болсоң чык. Ач кирне болсоң чык. Базардагы балт
кармаган, жалмандаган касапка бар, шаркыраган суун
Менин илмийген баламда эминең бар? Чык кирне, чык!»

Баласы башын ийкеди. Өңү куп-куу эле.
— Көңүлүн айландыбы, кускуң келеби?
— Ошо. Кирне кирген. — Анан ошонусунан да чочу
санаалуу унчугат. — Кирне эле болсо майли дечи, өтөт
Кудайым такпайиңи бекем кылсын, Такпайдан айтсын са
шында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү бал
дайымын көзү түз болсун—башка аргам жок! — Чаңпа
шарактатып, өйдө болду. Эшикке чыгып, айбандын ш
катылып кургатылган түйдөк-түйдөк байланын тургандар
гүн бирөөн алды да, ысырык салганы калды.
—Ысырыктап коёюн, көзү жамандан оолак болсун ба
на тегеретти да, түтөткүнү бурчекке коюп койду.
— Суугуң ашыптыр. Майга кууруган умач аш кылы
йинби сүт катыктап? — Супурасын жая баштады,— А,

Табити чаппай турган. Апасынын көңүлү үчүн эле ба
ген болду. Ансыз деле мындай умач аштарды ниче берип
калды болгон. Аздап жаны сеп алганга көздөрүн бакы
санаалуу жатты. Жана мектептеги дене-тарбия мугалими
дөрү кулагына шак эттн.
— Жанузаков! деген ал,— бүтүгүй көздөрүнөн ачуу
же ачууланбаганы байкалбай.— качанга - чек ошентип ж
Ооруканага жаткыңыз, сенин желудочный... «Желудочн
генине жарытып түшүнбөсө да, аның ич оорусуна байла
экенин андаган. Ошол сөз баланы басынтып койду. Ыйы
кынын атып, бирге окугандар менен бирер көңүгүүлөрдү
болду. Ирең бирде кубарып, бирде көгөрүп аткаңын
байкаган. Ошентсе да, жанагы сөз кендирин кесип, бала
кичире берди. Алдын тороду,. «Сен эми аларга тең эмес
генсиди. Аны айткан, сүйүнчүлөгөнсүгөн агайын да жек к
тч. Мындайда үшүгөнү бир тең. Өзүн, ашыкча жаралган
жек көрдү. Балдар ыргытып аткан гранатанын сабын
амбай калганына өкүндү. Качантан бери өйдөңкү класста
«Граната ыргытабыз» деп келишпеди беле.
Ийнинндеги пагонунда эки жылдызы бар. мыкчыгер
Қолдук орто жаш агайынын өкүм сөздөрү анын али м
бара албасын айгинелегендей, кулагында жаңырып турду.
Эртеси. Жумшак кар учкундап жаап жатты. Айлана
көрүнөт, айылды курчаган тоолор узун-туурасынан чу
жаткандай.

Айкан эне сүйлөнүп калды: — Қыштын мойну узара турган болду. Қандай кылса да кудайдын эркн, эмине кылам десе Эгем— пашам өзү билет.
— Кантип калыпсың балам? Түйшөлүп уктадың окшойт. Тининди кычыратып эле сүйлөнө бердиң ата?...
— Қыйкырдымбы, апа? Ы-ы Өзү-эстей калды.— Түш көрдүм, апа. Мектепке кетип атыпмын, балдар те Тилен абанын үйлөрүнүн жанында баратышкан имиш. Қыйкырам: үнүмдү угушпайт.— Тура тургула-а!— дейм Ботинкамды кийип сыртка чыкканымча эле асманды карасам, күн түш ооп калган имиш. Кечигип калдым деп кыйнала бердим. Қыйкырсам үнүм кыйылдап, же угулсачы..!

Айкан энени ой басты. Ага баары дайын эле. Сыркап жүргөн баласына айтып не пайда. Тек гана ой терметкен калыбынан жазбай, кобурап койду.

Анткени менен ичим тап. «Гөдак баланын түшүн кара да, өзүн кара. Ушуга пашараат кылбаса не? Ала жипти аттабаган маалы эмеспи. Көргөнү көргөндөй, болгону болгондой келет бу-ларга,» — деп эңшерилип алды.

Түшкө маал эшикке чыккан баласы ичиркенип, өңү куп-куу болуп кирип келди. Үндөбөй түпкүчтөй түйүлүп жатып калды. Қыцкыстабады да, тек гана, өз дартын өзү көтөрөйүн дедиби, чүмкөнүп жатып алды.

Кээде гана туйлаганы билинет. Эринин кесе тиштеп алган. О дем менен бу демде аянычтуу онтогону, мандайынан муздак тер чыбырчыктаганы байкалат.
— Эмил! Эмине, жаның ооруп атабы, ата? — Ачып көрүп, чочуп кетти. — Мынча чекең муздак? Қолуңду бери кылчы, атам! — Тамырларын кармады. Дирилдеп, секирип согуп атыптыр. — Атаны айланайын-а! Бир балага окшоп, бакырып-чакырып қойсоңчу айланайын. Мээнетинди алайын, мээнетинди. Сенин сабырына деле берет кудайымын көзү түз болсо...

Сол колдун тамырын кармады: Ушул тарабың окшойт ооруган?
Баласы баш ийкеди. — Мындай оодарылып жат, күч келбей турган болуп. — Мууну кеткен, шалдырыган колдорун кармалап, сылагылап жиберди баласынын оболтон таанып манжаларын. Ичинин сол тарабын алаканынын оту менен назик эзгилей баштады.. Қыйлага ушинтип олтурду.
— Кичине сен алайын дедиби жаның? Алаксыдыңбы, ата?
Баш ийкээрин ийкеп алып, оорусу кайрале башталарын эстен, ошондон коркуп атты баласы.

— Умач аш кууруп, ичиңе тартайын балам! Суук өтүп ган окшойт? — Чачпагын силкип алды супурасын жайып ат мага эле берип койсо не? Баламын кызыл жүзүн саргартпай теле берип койсо, канеле? ...Кудайым такпайынды бек кылсын, такпайда балам. Кудай сүйгөн пендесине оору сунат имиш. күндөрүнүн оозурун көрсөткүсү бардыр? Саргара жортсоң, ра бөртөсүн... — Ун элеп, муштумдай камыр жууруп атып, сүйлөнө берди. — Эртегече чыда балам ,түшүмдө өлүктөр көрүшүп атыпмын. Өлүк менен көрүшсөң, тириктер менен шасың деген. Бүгүн — эрте Абдибаптим кирип келет окшой гөмдөн. Догдур-погдурга салсакпы сени.

Өзүңүкү өзүнө эм болбойт балам. Менин эмим сага жу Ичтеги ооруну догдурга салган оң. — Кайрале кемпирди о ты. Ал кадимкидей кыжаалаттануудан алыс эмес эле.

— Же молдо-кожого салсакпы? Ит-куш кирбейби түш-пүшүңө?

«Шык» — деп койду баласы. Мурдалары киргенин эсте азыр аңыз кылып айтуудан коорунду. Ит-куш менен ичи оо дын эмне тиешеси бар деди окшойт.

Кемпир бир учур ушул айылдык молдого алып бар зааркана эстеп алды. Аны эсепке алгысы келбей, не теңсин дей: — Асли молдо-кожолук деле «жүгүн» жок сенин. — Өз өзүнө жакпагандай, тырчып алды.

— Ушу күндө молдодон да, ыысап кеткен. Колуңду кар рат тим эле бергени барсынып. — Ары жагын уулуна ай келбей, ичинен күнкүлдөй берди.

Ары жагы айтууга болбос эле. Сыркап жүргөн баласы бетер чүнчүп, кемпирди түйшүккө салары бышык болучу. гана «күрөккө турбас сөздү айтат» — деп тим болду.

Өзү баскан өмүрдүн «узун» сабагы каркырадай тизилип көз алдынан... Ал андан эм алган, мүргүгөндө багыт табар издеген. «Оорубаган адам кудай менен не иши бар» дегендей кан эне ошол жашоо мыйзамы менен конго жетилип, көзү к кан-ооруп көргөн, оорулууну айыктырып көргөн. Мына эми «жетсе, ал жетпейт» болуп табыптыктын көзү менен карап, «күү-өзүмө эм болбойт» — деп моюн сунуп, ичтен сызып мун отуру...

Бадырактай түйүлгөн умач аштын камырларын кака казанга салып, капкир менен аралаштыра баштады. Сүйрү ке мешке «ичегиге» — деп, анда-мында отун аралаштырылга зек жагылат.

Казандагысын аралаштыра берип, кемпир дагы санаага жендирди: — Кана эми Дубанамдай адам болгондо ушу Атазакка окшогонго кар болмокмунбу. Эшигин аттамак эмес элек. «Өрдөк жокто чулдук бий» болуп, теги ушулардыккы өттү.

О-о, Дубанамын баскан жолуна таазим кылсаң, аздык кылат. Баймуратымды илгери Дубанамдын этегине салып, тилеп албадым беле? Балдарым турбай, көз жашым көл болуп жүргөнүмаалым.

Ыйлап кирип бардым. Этегине тоон кылып, арманымы айттым аттын келдесиндей. Дубанам чындап боору оорудубу, колун аста жансап, «кой жетишет» — дегенчелик пускоо билдирди.

— Берер кудайым. Тилек тиле пендеси. — Деди москоол гана,— ниет кыл, ниетке берет — супурасын курук койбос...

Кемпирдин умач ашы менен кошо ойлору бирге куурулду:— Башың баш, багалчагың-кара таш! — деди сүкүт салып.— Дубанама тил тийгизгендер эмине болду? Мойну үзүлүп, өрүктүн башында калды. Ана, Дубанамды азил көргөндөрдүн күнү! Зикир-Төө өйүздө ыргыштап турган маалында ушундай болгон. Айткан күнүнө жетпей мойну үзүлүп кеткен Дубанамын бир ооз сөзү менен. О-хо! Адамдын башы — Алданын ташы...

Канеле эми Дубанамдын Кытайдагы баласы келип, атасынын жолун жолдосо. О кишинин карамати өзү менен эле кошо өтүп кеткен эместир? Кантип эле ошентсин, жугу калгандыр журтуна. Аккан арыктан суу агат. Бардыкы-барман менен, жоктуку арман менен...

—Ке, ата, өйдө болчу. Ысыгынын мизи кайта электе ичиңе тарга коёюн.

Айкан эне куурулган умачтарын жеңчеге орой салып, көөнө ромол менен баласынын кардына коюп, таңып салды «шыпаасын берсин» деп.

Шыпаасын бердиби-бербедиби, баласынын туйлаганы басылып, өзү ызгып кетти.

Эмилбек көп уктаган жок. Бирер жарым саат өтпөй, ичин карамалаган, ооруксунган, түктүйгөн кейпинде апасынын заманасын кууруп, туйлай баштады.. Оорусу эми башкача ырабдайга өткөн окшолдуу. Кандайдыр кинди катат да, ошол тушу бурап ооруп. өткөнүндө дем сого албай калтырап туруп калат. Анан ал «өтүп» түп кетет. Биразга жаны ордуна келери менен жанагысы кайра и катып, ошол жанын жеп ооруп кирет. Өң-алеттен, күч-кубатан кетирип, анан аери жумшара түшкөндө оорусу басыла калат. Бырагы, кандайдыр ичегиси түйүлүп калабы-бала аны андай алай ал эмес, аны андоого да, алапайы келбей, жаны менен алек олуп, көзүнөн чаар чымын учат.

Анысы «өтүп» кетет. Эми кийинкиси кандай кармаар экен деп, үнсүз кирпигинен жашын шорголотуп, ананкы «өткүнгөн эне кудайга олтурат. Баласынын кыйноодогу мындай тилектерди туруп алып, карооного урунуп көрөт. Мындайда ал эмне дейт? Кудайдын боору ооруй турган кейпи, кылкечтиктен куру эмес. Ошол «өткүндөр» арасында ар обочодо туруп тилейт. Кудайга жалынып, түгөнүп бүтөт. Кантсе да, бала рөттү көрө алат. Бирөөсү жер титирегендеги булардын «Алла-Кудайлаган» жан соога өкүм сүрөт. Экинчиси, жайкы булар жайлоого чыкчу. Катуу жааган жамгырлуу күндө—үтүр тир соккон катуу шамал кошточу. Булар—балдар андайда үйдө боону жерге ныгырышып кармашкан тейде кудайга жалынып, алда кимдерден күпуя тилек издешчи, кошуналар келеби деп, алар да, чатырын аман алып калуунун алапайында зоңгуранып лашып, бу конушта тири укмуш аянычтуу сүрөт кайталанар. Анан апасы өөндөн жете келип, күн ачылгандай боло калчу, кебетесин ушундайча элестетүүгө кам урганда кийинки «сотип» баш-аягы түгөнгүстөй жан соогалатып кирет. Мындайда бу дын үйү онтоо менен кудайга жалынууга жык толуп калга сезилчу...

Экөөнүн башында эки башка ойлор «тизгин» какчу. Айкан баласына жармашкан каргаша оорудан кантип арылуунун ойлосо, Эмилбеги ушул дартка кантип кабылганын издөөдөн тартчу эмес. Баса, ал башынан ушундай ара жан-оорукчан бу? Жок, башынан тиригираак, ардемеге ыкчыл, «балдардын гу» делинген учуру да көзгө таштаганы болбоду беле? Бо Жо-о, бу капилетке чалдыгардан мурун, жайлоодо экенинде ага туштаган оору Эмилбекке «мөөрүн» басып өткөн...

Жайлоонун толуп турган убагы болчу. Айкан энелер лар менен жанаша үй тигип, жайлоого бирге чыгышчу. Коро азап-тозогун бирге көтөрүшүп, жыргалын кошо бөлүшчү. Түшкө жакын кой-эчкилерди камашат саан банталчу лук ташиши менен. Кошунанын балдары чиедей жаш эм мындайда Эмилге окшогондорго түшөт кой-эчкилерди тутуп лип саадыруу. Көгөнгө тизилген козу-улактарды оболу коё шип, эмизип ийдиришкен соң, кайра козуну карман турушат болгончо. Анан коё беришет дыргаяктатышып. Чата койлор б рынын манжаларын эзилте тепсеген күндөр аз эмес...

Ызы-чуу эки саатка созулуп, саан аяктайт. Сүзүлгөн с флягаларга куюлуп, дароо ат-өгүздөргө жүктөлүп, төмөн Арча-Мазардагы кабыл алуу пунктуна. Күндө ушундай маш анткени менен айран-каймакка маркынып, оозунгандар кым тоюшат жайлоонун каадасы боюнча...

Бир күнү эле Эмилбек апасына даттанып калды. Эзели «бие-рим-тиерим ооруду» деген бала эмес эле. Кабак-кашым дебеген бала анан эле көзүн жашылдантып турса, кемпир кабатыр болбой коёбу?

— Иттин буту оорусун, балам...

— Бутум эмес!— деди баласы ачырканып,— такымым.

— Кантет? Такымым? — Жүрөгү оозуна кептеле түшкөндөй, чуп кетти. — Кана көрсөтчү, ата!

Эмилбеги олтура калып, багелегин түрүп жиберип, ийри такындагы тамырды үстү чендеги сөөмөйдүн учундай, бөлтөйгөн, ызыл шишикти көрсөтө берди.

— И-ий, жериң түгөнгүр десе! Болду эми көп кармалай бербе. Кейий кетти,— Баягы аты жамандан турбайбы. Ооруйбу?

— Кечээтен бери ооручу болуп калды басканымда зың-зың тип...

— Шишиги эми торлоптур. Мейли эми жараның жакшысы олчу беле. — Өйдө болуп атып, өчөшкөндөй көбурады.. — Из оруган жерге чычат имиш. Чыккан жерин карабайсыңбы түгөтүн...

Эми жакшылап бышырыш керек экен.

Эмнени, кантип бышырарын баласы түшүнбөдү. Бирок, дүңөй кандайдыр катаалдык күтүлөөрүн купуя сезгендей болду.

Эмилдин эңсеси суун, күндө «аты жаман» оору менен алышат. үн өткөн сайын күч алууда оорусу. Шишиги көбөйүп, такымы олду, анткен сайын согончогу артына ийилип, катып калчу бол-у. Басканда чолондоп, кээде сол буттун учу жерге тие калчу эле ми биротоло артына тартылып, жаа сымал катып калган ше-илдүү. Айкан эне мындай жарааттарга көзү канык эмеспи, шаш ай «ийине» жеткирип, шишигин бышырайын деп чечти. Баласы-ын көөнүнө карап шашылса, артык кылам деп, тыртык кылып чудай. «Майып кылып албайын» — деп, бар кудуретин ушуга ыгарды. Тоонун дары чөптөрү, айрыкча ак чыйырдын түбүн көө-еп келип, ошонун тамырын тартууну унутпады. Билгенге бул бир абылгыс зат эле. А табылгыс нерсени чийинден чыкпай туура лдонсо, ашык атат. Көкус бузуп алсачы. О-о андайдын көзүн ры кылсын! Анда иш теңирден тескери кетет.

Кантсе да, бала эмеспи-ойноо бала. Күндүзү ардемеге алак-п, ооруганда талып олтура калып, анан сөкүрөндөп басып ке-т. Аксап жүрүү кимге жарашсын, ошентсе да көзгө үйрөнгөн-п баратканы кызык. «Ушу бойдон сакайбай, майып болуп кал-— өлбөдүмбү» — деп, Айкан эне байкуш кудайдан миң үйрү-п тилейт, айыгып кетишин.

Кой саан маалында койдун башын кармап бергенге, же акы-
рын аксап басып барып, көгөндөгү козуну агытып жибергенге
араң жарайт. Дыргаяктатып кой тутуп келүү, ыргыштаган эчки-
лерди кармай койгондон жүрөкзаадаланып турчу болду. Түйшөлүү
гөндө, күчүркөнгөндө эле бутунун башы титирей түшсө, жаны чы-
гып кетчүдө бакырып ийет.

Күндүзгүсү эптеп өтүп кетет. Бардыктан оор түн келет өчү
бардай ачуу жүктөп... Эл тегиз уйкуга кирип, жайлоо айдын жа-
рыгында үргүлөп турганда башталат Эмилдин бутунун оорусу,
лукулдатып жанын жеп кирет. Ал барган сайын күчөй берет. Уу-
Төрдүн чокуларынын аркасынан ай көтөрүлөт жанагы күңүрт
парданы сыйрый таштаган.

Оорудан деми кыстыкканда алаксысын үчүнбү, же тек гана
жан жакка карап, көңүлү ачылсын дегенби, апасы Эмилбек жат-
кан туурдуктун этегин көтөрүп койгон. Ошондон баш көтөрүп,
теребелди жалдырап тиктеп жата берет. Ничке-Суунун суусу кө-
рүнбөгөн каралжын тарткан колоттору, арча жамынган кырлары,
(Жарыкта демейде көрүнчү боору күйүк, карт арчалары) төө-
нүн мойнундай койкоюп жаткан Нооруздун чокулары, Алтын Каз
ыктын төбөсүнө чамалаш жаткан Сары-Жон, Үч-Талдын арчалуу
коктулары эң бериси мобул мурунга тийип турчудай сезилген Най-
за-Кырдын айдын көлөкөсү түшүп турган кырлары—мүлдө коош-
дук Эмилбектин көзүнө оболкудай жүрөгүн толкутпай, ошолор
табалап жанын эгөөлөп аткансып, серт көрүнөт. Кана эми, көңү-
лү чайыттанып, алда неге дегдеп турганда бу чөлкөмдү караң
ырахаттансаң ага эмне жетсин-ов!

Бая чыккан ай тоо чокуларынан аркан бою көтөрүлүп, ба-
тышка билинбей жылып баратты. Калтылдап сапар алган ай
«Чалкада» жалгыз мунар тоолор үстүндө озондогон баланы ая-
ган, ага чыдамкайлык тилеген өңдүү. А кокус ай батып, теребел
бир кылка караңгылыкка төнүп кетсе, эмне болмок? Анда бала
бутунун лукулдаган оорусуна чыдамы жетер беле да, табият ага
кошумча кубат бере алар беле?... Ах, чыдамкайлык, бир эле сен
Эмилбекке медер боло аласың го чиркин! «Чалкада» эки боз үй
айлуу түндө алыска караан берет. Анын ылдыйкысында бирөөчөй
аянычтуу үн: Айкан эненин баласы — Эмилбектики экенин билсе,
бир кудай билет, анан эле ушул боз үйдүн өзү.

Оорусунан чабалактаган бала тиштенген, озондогон, онтогон
калыбында ары-бери оодарылат. Согончогу май көчүккө тиердей
болуп, аярлап таңылуу.

Баланын жастыгынын башына ал жаштайынан жакшы көр-
гөн тамактарды белендеп коюп койгон апасы. Каймак, куймак

ына кара жыгач кеседе мычкыма турат. Аларды сугунуп жеш
йда? Көздөрү оорунун залынан кысылып, энтигип араң туру
ла...

Жайлоонун серүүн жели, анан эле айдын чыгып, сапар алган
ытындагы айкүрлөнгөн тоолордун кебетеси балага дымак
йлатып, купуя кубат бергендей тейде дөөлөттүү шаңкаят...

—Балама күч-кубат бере гөр, Эгем!...—Эне жалынычтуу шы-
райт. — Карыптын жары кудай. Кудайдан башка аргам жок...
рген да өзүң, ала турган да өзүң... Кандай айла кылайын?...

Эки колдон жастыгын мыкчып, төбөсүн жастыгына сайып
ып бүкчүйүп, көмкөрөсүнөн жаткан баласынан аёлуу сурайт:—
йналып атасыңбы, атам? Жаның саал арам алайын дедиби?
зи кайттыбы оорусунун а, ата?

— Жо-ок!—дейт баласы ырдап аткан өңдүү онтой жооп бе-
т. Жо-о-ок!

—Атаны мээнетинди алайын-ай! Кандай арга кылсам-а?...

Баланын ыры-ыйы. Баланын ыйы-ыры... Жан талашкан кей-
де баш көтөрөт да, керегенин төрт чарчы көздөрүнөн теребел
аёлуу карайт. Ошенткенинде бир азга үн-сөзсүз боло калат
ды жай алган таризде. Тоолор да дем сокпой, уктабай аны тик-
турган өңдүү. Бара-бара лавылдап соккон муздак серүүндүк
гилчек таркантан сойлоп кирип, куйкалагансыган таңылуу бу-
н желпип өтөт...

Ак чайырдын тамырын жанчып бутуна койгон күндөн тартып,
аласынын тамырын кармап, шишиктин жетилишине-ириндин
ртка тебилип, бөлүнүп чыкканын баамынан өткөрүп олтурду
мпир. Эми саналуу гана күн калды жаруу керектигине. «Чебер
менен кадык көз адам болсо, — деп ойлоду ал,— Болду, ку-
йым оң салса, уулум куландан соо айыгып кетээр эле... Неси
лсо да чыдады балам, чыдап берди.

Асили ага, аны жарганга өзү деле жарар эле. Бирок, кантсе
аял киши. Анүстүнө бу түгөнгүр такымдагы кош тамырдын ор
суна чыккан. Жарганда ошону аярлап жаруу керек. Кичине үс
ра тайын кеткен болсо, тамыр кыркылып бала өмүр бою майып
лушу бар...

Акыл чайкап олтурып, ага айылдагы уста Абдирөсүлдү дити-
кондурду. Туба албаган бээни кош колун салып аман туудур-
н уста табып десе табып. Андан өткөн кадык көз адам жок. Ой-
й-ойлой анын да айласын таап койду кемпир.

Бир жаман жери аны биякка чакырып келе албайсың. Бала ны алып баруу керек—башка арга жок. «Сааты келгенде көрө жа тармын» — деди сабыр тутунган каадасында...

Ай «Чалканын» кылда чокуларынан өтүп, батып кетет. Айла на маин каранғылыкка малына калат.

Эмилбектин эрмеги түгөнгонсүп. онтоосу басаңдап барып, көздөрү илинип көшүп кетет...

— Чоң эне баланыздын буту кантип калды? Түндө уктабады ныздар окшойт?—Коншусу Азийпа келин кирет эртеси.

— А-а, кудага шүгүр. Чыдап атат да балам бечара-кандай айла кылалык анан?...

— Сабыр кылыңыз чоң эне, сабырга бериптир дейт го.

— Батмандап берип, мыскылдап алат имиш ооруну кудайым... —Кемпир келиң-алың кылганы чачпактарын шалдырттатып коз голот түнкү түйшүккө зынаралгысы келбей. — Эми көзү ызгыды балам бечаранын...

— Айланайын, таза жабыр тартты го? Мынавну ойгонгондо берип коюңуз баланызга, эне! — Майлуу каттаманын үстүнө коюлган тизим данекти узата берет.

— Айланайын, тек эле койбопсуң муну... Балдарыңа бербей... дардын жегени. Кушкер көрүп жеп алсын, кубат болот!

— Жөнү болчу беле эне, сиздин баланын жегени, биздин бал чындап ыраазылана кетет. Анан ичинен «Сыйласаң-сый көрөсүң» — дилинде жатталган оюн кайталап. Баласы чымкор эмеспи, ан сыз да чыргоо неме тамак тандап, айласын кетирчү болду.

Как өрүктүн данегин кырсылдатып чайнаарын, кушубак бо лорун ойлоп, кошунасына нарытан ыраазы болду. «Сыйга-сый, сыр аякка-бал» — деди кызындай көрүп калган келин жөнүндө демдене түшүп.

Шыбырт чыгарбай, боз үйгө кирип чыгып атты кемпир. Ба ласы ойгонгонго дейре уйларын саап, гүптү бышып, майын алды. Эрте жыйынды. Анан чайга кошунасын чакырды да, бирге нанүш төө кылышкандан кийин сыр тэктү жария:—Балам экөөбүз та лаага жөнөйбүз бүгүн! — деди сүйүнчүлөгөндөй, бир жагы бала сын кыйылбасы үчүн кабардар кылайын дедиби-ушинтти.

— И-й, ботом, кантип барасыздар? — Азийпа келчи чындап чочуду.

— Барабыз. Барбасак болбойт балам. Эмилимин жарасы аш алып бүттү куда кааласа. Абдүрөсүлгө апарып карап туруп жар дырбасам, кантип чыдамакмын?

— Кантип апарасыз анан?

Кемпир камырабай күлдү: — Э, балам, чоң энең анын да ка көрүп койгон. Кантип жөнөчү элек балам бир эшекке минет, бир эшекке. Кете беребиз «Кайдасың—Абдүрөсүл?»—деп.. Баласы баягы калтек жипке тизилген данекти жеп жатты канар. Жарасы аш алып бүткөнү ырас окшойт, боюнчил ртып, негедир оорусу байкалбагандай.

Жолго деп азык-оокат алды ичкен-жегенге, анан эшектерин уду. Бирөөн кошуна-кызына карматты да, экинчисине баласын нгизмекке орун саздап калды. Ээрдин үстүнө негедир аелуу рмап, кемзелин жапты. Көрсө, анын иши бар экен. Кемзелдин кол батчу жеңин үзөңгү кылып пайдалангысы келген экен — усу баласына да жагып калды. Мингизип, бир бутун үзөңгү берки оорулуу бутун (Чыгырык болуп калган эмеспи) жанагы зелдин жеңине аяр такап, аны үзөңгү кылды. Муну баласы да не койду. Жана саландап турганда ооруксунган буту эми кем дин жеңине катылганда кантээрин, жаны сеп ала түшөрүн бай сүйүнүп кетти.

— Эми «Чү» -- дечи балам? — Алдыга түшүп, жол баштады.

Бала «Чү» деген жок. «Кыдындап кеткенде кантээр экемин» деп, коркуп турду. Кудай жалгап, ооруганын анчейин сезе бер ин. Кескин ылдыйлай түшкөндө, эшеги мүргүп кеткенде гана ылдап ооруп калат.

Орто-Конуштун кыялдарынан эңкейишти. Кыска бурулганда улуу бутуна күч келип кетеби, капилеттен кыңкыстай калат.

— Чыда балам, өөнгө түшүп алсак болду, кыйналбай кете ребиз, кыркына чыдап бирине чыдабайсыңбы. Чыда, ата...

Бир кылка жолдо эчтеке эмес. Баланы алдастата турган та жол Мойноктун кыясы. Кемпир муну алдырттан туюп келат Эмнегедир Кыянын Сабы жаккы жолго салбады. Мында та кыялар аз болгону менен өөнгө түшкөндөн кийин да жол рып, Уу-Төрдүн жайылып аккан суусунан бирде ары өтүп, кай бери өтүп, буларды кыйнамак. Ошондуктан, Мойнок жакка ып жол арбытканын баласы да, артыкбаш көргөн жок.

Күн аркан бою көтөрүлүп калган. Адегенде эле таптуу ти , бүгүн да куйкалачу түрү бар. Өөндө ийрилип аккан ак чач суу ар ашууларга чыгышканда агарып көрүнө калат. Ылдыйта сыдырым жел согуп, миң түркүн жайлоонун чөптөрүнүн, та гы, карагандардын гүлдөрүнүн жыттары аралаш канылжаар рдөйт кыялды сабалатып...

Сары айгырлар жол улашат «чырт-чырт» чыр-урлана»... ырын ашып.

Айкан эне купуя коркkон Мойноктун кырына келишти.

— Чарчадыңбы, эс алып ал. — Эшектердин башын ылдыйыштан жогору каратып коюшуп, эс алган болушту. Бир азга жаны жырган, артыкча ырахатты сезди бала. «Оорубай жүрүү кандай жакшы» — деген айтылбаган сөздөр окулат аның жүзүнөн. Мойноктун тикчийген чокусун, мандайдагы аркайган Алтын Казыкка уланчу бир кылка зоолорду ачыркана карайт. Быткы... дарында жапыракай арчалар, топ-топ долонолор көзгө ташталат. Баарысы көзгө тааныш, баарысы оорубаган жанга булактын боюндай жагымдуу. Тим эле кол булгалагансыйт «кел берилеп...»

— Кеттик эми. Ондонуп отуруп ал, балам. — Кемпирдин эшеги кыдындап, жолго түштү. Калың арчалар арасындагы кыялар кыска-кыска бурулат. Баласына оор келбесин үчүн ар кыяның башына келгенде улоолордун ноктосун тартып, эс алмай болушту. Бурулуштарда тобурчактуу арчанын шактары Эмилбектин мандайына самсаалай, тие калып жатты... арчалар тобурчактанганда бир ажайып жыттары буруксуйт эмеспи, жайлоонун даражасын ашырган...

х х х

—Ох-о, таза ийине жеткирипсиз го, эже! —деди Абдурөсүл баланы ичинен аяган таризде,— сабырыңызга баракелде.

— Менин сабырымы эмес, баламын сабырын айтсаң, менин жетегиме кирип чыдаган. Ооруну бала көтөрөт экен, айланайын.

— Айкан эне устага көрүнө ыраазы «Чакырганда зарыктырбай жетип келди».—деп —не болсо да үкам эмеспи. Жат жарытпайт, өз өлтүрбөйт. Абдүрөсүлүм болбогондо дагы кимге бармакмын зарыгып...

Эмилбек чалкасынан жатат жылаңачтаган бутун сырайтып. Устанын машинага майда шырылган жегдесинин жакасын улам карап коёт. Белиндеги көк жашыл куруна илинген усталык эмеректери нары-бери кыймылдаганда кошо кыймылдайт. Мындай жараттарды көрүп жүрүп, нарытан көзү каныгып бүткөнбү, деген кабак-кашын тырыштырып койбоду. Кайра бала менен илгерле теден тааныштай күлүмсүрөп карап: «— И-и, Кемелип, тоодо жүрдүң ооруп-сооруп демелип, деп эркелете сүйлөп олтурду.

— Баламы сага, сени кудайга тапшырдым,— деп, Айкан эне сыртка чыгып кеткени калды,— устаранын жылт эткен мизин кантип карап туралам, ата!

— Йэ, о канткениңиз эже? Карап-сарап, көрсөтүп-нетип турбайсызбы?

— Өзүң турганда мен ашыкчамын айланайын, өзүңдөн өтөр кишим жок. Кудайым шыпаасын берсин.

— Бала сиздики да эже.— Тамашалай карайт устарасын кайрап, бүлөп атып.

—Бала меники, жара сеники. Ошо жарасын алып койсоң кайын чылпагын алгандай кылып. Кудайым усулдан умсунткан с сени.

— Азыр эже,— дейт камаарыбай жай, жылмая сүйлөп,— баса; аңыз аары чакканга чыдай алчу беле? Аары-паары менен сүйкөн белең ашина? А?

Тамашалап сурап атат дейби, Эмилбек да ардемеден бейка-

— Аары-паары менен сүйлөшмөк түгүл, ошо аарылардын уюда чоңойбодубу бечарам... — Ушинткенинде кейий кетет «уюдеген сөз талуу жерине тийгендей. (Асили бу баласы кийинки ден эмеспи. Көз жаргандан кийин эле атасы навыт болуп каП. Айкан эне балдарына күнү калган, кайра келип. Чогуу-чаран ушканында баласын сөз менен болбосо да, көз менен өгөйлөшучурлар болушкан — өзү баткан жерге баласы батпай...— ону кыйытканын уста илгиртпей туя койду да, сөздү башка ка ала качты.)

— Сүйлөшкөн болсоң болду. Сага бул кеп эмес. «чым»—дейт баары жайына келет. Карайсын, үч күндөн кийин атыраңдап оп кетесиң.

Жоолугунун учу менен нымдалышкан көздөрүн сүртүп алып, кан эне сыртка чыкты. Дегеле эчтекеге муюбаган, эркек мүнөз есинин күтүүсүз бошоң тартканына уста Абдүрөсүл бир эсе анса, бир эсе «Темир да жешилет тура» дегенсип, ичинен есин аяп кетти. «Карыганда көргөнүн караан тутуп, ага бирө сүйөнүп калган турбайбы бечара эжем» — деп купуя ичи йрылды...

Эне там айланып көз жашын эч кимге көрсөтпөй, буркурап лап жүрдү. — Сактачу болсоң, сактай гөр кудай! Сагырымды кта, майып кыла көрбө!

адан жалгыз, энеден жалгыз... Жалгызымдын чымындай жан сакта кудай-таалам! Баарын көрүп-билип турасың, өзүңдөн шка аргам жок... Кудуретиңден айланайын! Жаңылдымбы — здымбы, пенденди сактай гөр. Карыбынды колдо...

Анткени менен уста Абдүрөсүл жанагы жадыраган-жайнаган лилинен жазбады. Ошол эркелеткен тейинде бала менен сүйлөп атып, чалкалата кармаган устаранын мизин андан бекитрип:

— Аарылар менен сүйлөшкөнүң жакшы экен—деди.— ошон үн эркек баласың, эркектер чыдамкай болот, муну билесиң ээ? Эми ашина көмкөрөңөн, нары дубалды карап жат. Дагы ым» дегенде тура калып качып жүрбөгүн, «Чым» дей түшкөн-

дө эле ириндин чыкканы деп түшүн ашина. Мээнеттен арылганын
оңол. Оной дейсиңби ириндин чыгышы-азгантай чыдап кой-болот
ошол. Боптурбу, таекем?

Бала баш ийкеди. Жүрөгү сезип турду. Энесинин сыртка ка-
чып чыкканын деле түшүнбөй койгон жок. Оозун аңырдай ачып,
кыйкырып артынан чыкмакпы. Анте алган жок. Анан калса, «му
нун дабаасы Абдүрөсүлдүн колунда» — деп, энеси канча ирет
какшап, кулагына күюп келбеди беле. Такымына качантан алдас
урдурган, тозокко салган шишикке бирдеме сүйкөгөндөй болду.
Ал жагымдуу сезилди. Көнгөн кол сыяктанды. Ушуга удаа «Тыз-
ы» дегендей болду.

«А-а!»— деди булкуна берип. Кубаттуу кол аны басып тур-
ганын, өзүнүн тыбырчылап жатканын, эч жакка кыймылдай ал-
басын билип, кыйкыра берди. — Болду, болду таекем! Ирең чы-
гып атат, чыдай тур! — деди уста. Кан аралаш, ботала ирең ду-
балга, жан-жакка жабыла берди. Атылын атты..

Айкан эне кирип келди. Баласынын бутунун башы манжала-
ры кыймылдап жатканын көрүп: — Алдыңа кетейиним чыдай
тур, бир жаның миң болгурум чыда ата. Балээден арылып алба-
дыңбы,— деди кубанычтан көз жашын тыйбай. Анан устасына
жалынды: — Колундан айланайын, эки дүйнөдө колундан дарт
көрбө. Колундун озурун көр, балдарынын озурун көр! —деп, ус-
танын колдорун өөп жатты. Кудайым берген турбайбы, тайгылта
көрбөпсүң эки дүнүйөңөн бергир...

— Кантет эже, сиз да ушундай бошоң белеңиз? — Ишенбе-
гендей карап, жылмайып койду. Дыкаттык менен ириңди тазалап
өзү ала келген даарысын сээп аяр танып салды.

Бала тынып, көшүлө калды. Дасторкон четиндегилердин ко-
бур-собур аралаш жыргаган уйкуга кетти...

Эми мына утур-утур ичин мыкчып, кармаган талытмадай
оорусу балага өткөнүн эстетип отурат. Ириде кемпир «Жетимге
көк жөтөлдүн кереги не» деп айткысы бар. Антсе, кудайга акаа-
рат кылганга тете. Кудайым кандай оору сунат, кандай капилет
өлүм берет-өз иши. Аны пендеси муңбай карыш алышы керек-
тамам... — Табиятынан ушундайча кабылдаган кемпир нарытан
моюн сунуп, ич күптүсү ичинде. Бүгүн-эрте Чоңомдон Абдибаитти
кирип келсе, баласын экөөнү кудайга тапшырып, догдурга Гүлс-
танга жөнөтмөк. Айыгышын кудайынан тилеп, беш маалкы нама-
зында, таат-ибадатын үзбөй, кыбырап турмак Гүлстан тараптан
келчү жылуу кабарга кулак түрүп...

Баласы догдурда жатып, «айыкты» — деп ар кимге айтып,
ыын эле Эмилбек өзү да, ооруканадан чыйралып чыккандан ки-
ин да, өчү барсынып жанагы оорусу утур жоктогонсуп, буларды
өйгөйгө салганын койгон жок. Бир күн оору, бир күн соо. Мек-
епке бара албады. Күн алыс Кызартка түшүп барып, ийне сайды-
ат. Кайра бирер күндөн кийин барганга чейин сайган жери ши-
ип, баскан-турганда кадимкидей оорутат.

Бала ичтен сабылып, чүнчүп кетти. Айыгаардын даарысын
эми кайдан табышын билбей сарсанаа. Эне-баланын кайгысы өз-
өрүнө маалым. Ким менен сыр төгүшөрүн, дартын кимге айты-
даарын билбей, ичтен дымып жүрүштү.

Ушундай күндөрдүн биринде өйүзгө айылга барган жеринен
йкан эне кудундан сүйүнүп келди.

— Айыгардын дабаасы өзү келет, балам. Кудайга ыйыбыз
кеткен окшойт.—Кемпир олуттуу түрүнө келе калгандай.—
убанамын баласы Орозмат Кытайдан келиптир. Кудум атасын-
ай «Чүф» дегенди кунандан соо айыктырган табып чыгыптыр
ейт ашынган. Барган-келгендер тим эле аарынын уюгундай то-
уп кеткен имиш... — Кемпир канча жылдар өткөнүн теспесинен
ткөргөндөй,— Баймуратымы Дубанамын этегине салып алгамын
еп айтып жүрбөймүнбү —ошо. Аккан арыктан суу агат.. Ооман
ы кайрадан келгенин айт.

Баласынын да кыялы алда кайда сабалап учуп кетти. Жана
ле тамдын үстүндө эч кимге көрүнбөй, жыйылган чөптөрдүн ка-
амына сүйөнө олтуруп алып, жыргап китеп окуганын элестетип
лды. Анысы кандайдыр бир жогорку класстын окуу китеби сыяк
уу (Агасыныкы экенин билди) «Биринчи соккуу», «Экинчи соккуу»,
йтор «Онунчу соккуга дейре бар болчу. Бут дит, —ынтаасын
юп, шимирип окуган. Анткенинде ооруксунганын да, унутуп,
арызга кыялга баткан...

Кана эми ошол соккулардай чээнге каман түюкка алып, му-
ун оорусуна «соккуу» урчу көзү ачык табып болсо... Эртеге эле
зели оорубас, майышпас болуп мектепке барса...

Чоңу, Абдибаетине масилет салды эле, ал тегерек көздөрүн
егерете ынангандай тим болду. Анын көздөрүнүн тегеренишин
Бар, жок» деп билген эне кебинин орун тапканын болголоду.

— Сени да балам, Асан-Кожомун этегине салып алгамын
зиздердин этегине—деп, сөзүн бекемдеди.

Балада дардисар ой калды. «Мени азиздердин этегине сал-
агандыгы үчүн оору-сыркоого жакынмынбы» — деген түкшүмөл
ны тымызын эзе турган. Ушундайда ал өзүнө бөтөнчө камкордук
өрүлбөгөндөй көрүп, тымызын кемсине берчү. Жалгыздай сезчү

өзүн... Заматта апасынын «Азиздерге көрсөтөм» дегенин аркалай калчу. Жомоктордогу тунгуюкка, же жер алдына түшүп кеткен карыптардын кандайдыр адамдар ойлоп тапкыс айла-амалдар менен жол таап, максат-муратына жеткенин, баарысын ойлоно берчү...

Шамурат-Дубана Айкан эне үчүн башынан сыркер азиздерден эле. Анын мураскору Орозмат — дубана да, ошондой сыркер, атасындай жакын сырдана деп, туюнган кемпир азиздердин эшигин кайрадан аттоо үчүн кадимкидей даярдык көрө баштады.

Сыркердин сыры али белгисиз эле...

Чоңу инисинин чачын алып коёюн деп, устарасын бүлөөлөп курчутту. Үйлөрүнүн жанындагы чоң арыктын боюна ээрчитип барып, башын самындап чачын жибитти. Жаз илеби келип калган...

Чачын устаралап, инисинин кулагынан чоюп, өйдө тартып ырымдап койду. Мунусу «Мээнетин чачың менен кошо күбүлүп жерге түшсүн» дегени эле. Негедир кадимкидей эле мулундап калды. Илмийип, кулагы делдейип, арык көрүнгөнү менен тасырайтып чачын алгандан кийин көздөрү бакырайып, сулуу, жаратыктуу көрүндү иниси. «Айыбы эле—сыркаганы» деп күрсүнүп койду.

Бул агасын Эмилбек да, жанындай жакшы көрөт. Чарчылдап, кээде катуу кеткени менен дароо эле анысын унут калтырып, ымалалары келише калчу. «Ооруганымда жанымда болсо» дегендей тиленер эле Эмилбек. Тилекке каршы, ал ооруганда агасы кандай болсо да, үйдө болбой калганы табышмактуудай. Балким, агасы үйдө болгонунда Эмилбек оорубас. Муну ал ойлонуштуруп көрбөптүр, тапырка кылбаптыр.

Тапырка кылганы да бар. Өткөн жылдын кышында мектепте экенинде класстар чуулганга түшүп калды. Баш көргөндү көз көрбөй, кимди ким билбөөчүдөй окуя болду. Күмөнү бар шылуундар, догдур десе, үйүн карап үркчүлөр эшикке карабай, тешиктен качып чыгып жатышты. Бөрк ал десе, баш алган ак халатчандар көрүп көрбөй эле «тазы бар экен» деп, ар класстан төрттөн бештен балдарды капкакталгансыган домпок машиналарына уруп-салып камап жатышты. Агайлары нес болгондой, шалдайышып, ара га түшө алышкан жок.

«Таздар машинасы» ызы-чууга, ый-күлкүгө толгон сүрөөнкоштоо жүктөп алып, бултандап жөнөп берди. Ошту карай...

Алгачкы үч күн булар үчүн жыргал болду. Мурда жебеген сүткө жууруп шекер сээп, бышырылган, анакай булочкаларды жешип, маркып калышты. Анан эле буларды чындап «тазалоо» башталды. Кайрадан электен элеп өткөрүштү эле Карыпбай экөө

р класста бир партада отурушчу) тазы жок деп табылды. рок, үйлөрүнө кете алышпай, же Кызарттан бирөө келип кал- дардисар жүрө бериши. Таңырандаган, оюнкараак Карып- га табылбай калды. Көрүнгөн балдар менен күч сынашып, ешкөнүнө маашыр. Нарытан аскет Эмилбек үйдөн кабар ар киши жоктугун кадимкидей кемсинип кабыл алып, жүдөп ти. Иреци кер-сары тартты кыйрайып. Бат эле ооруп калды. догдур көрүп, Эмилбекти кандайдыр жугуштуу делинген ансерге жатканга жөнөттү. Мына ошерде накта мусапыр кейде дартын айтаар киши жок жата берди ичинен тынып ыйлап...

Түндөлөрү түйшөлүп чыгат, коркунучтуу түштөр кирет. Бирмамлекеттин башында турган, фамилиясынын аягы «я» менен тачу, кийин чыккынчы атыккан көз айнекчен, энгезердей ки түшүнө кириптир. Эмилбек качат имиш караманча жеткирбей үүнүн гаразында. Бирок, кадамдары арбыбай, деми кыстыгып рылып кете жаздайт. Тияктан да, бияктан да жанагы энгезер- коркунучтуу киши пайда болуп, же арбайып-тарбайып жетип ши, эми кучагына кысарда, анын кучагынан бошонуп-бошонбой онуп кетет...

Эмилбек арманын айтаар киши жок, догдуруна түшүндүалбай, күндөрдү өткөрүп жүрдү. Баланын ыйы кудайга жетби, бир күнү жарк этип, эни бир метрче келген терезе тарагасынын тыкылдатканы угулбаспы.

—Мальчик, к тебе пришли!—Мандайыраагында жаткан с киши керебетин кычырата козголду.

Караса, чындап эле күлүмсүрөп, агасы турат. Чөгөмдөн канжетип келди деп Эмилбек ыйлай албай, же ыйлабай коё алэриндерин титиретип, араң турду көзүн жашылдантып...

— Алып кетейинби? Эч жериң оорубай калдыбы? Башын ийдетти бала. Азыр алып кетсе, азыр эле атырандап ойноп кедей сезди өзүн. Апасын, Кызартты сагынып, кусалангандан бук луп, жарылып кетер түрү бар. Ананчы, Ошко келгенден бери далай болбодубу эле. Тобунан бөлүнгөндөн беричи? О-о, канй кыйын болду. Дагы Эмилбек чиештигинен, көктүгүнөн чыдаго?...

Кантсе да, агасы Оштон окуган эмеспи. Бат эле догдурлар менсүйлөшүп, тил табышып, инисине уруксат-наама алып чыкты.

Келатышты экөө сөздөрү түгөнбөй. Тим эле жолго батышпачубапырандашат. Ошол күнкү жолдун узактыгы ай! Бала тим өзүнө-өзү батпай, тыбырчылап отурду апасына жеткенче...

Аптанын жети күнүнүн ар биринин өзүнчө барк-баасы бар Айкан эне үчүн. Тек гана баш аламан мамиле кылууга көнгөн эмес башынан, тартип-таалими бар ар күндүн. Мыйзамы, каадасы тагылган ар күнгө делинген, жоопкерчилиги бар.

Айкан эне ошол карманган эрежесинен тайбай, эзелки тут-кан нускасынан жазбай, өзгөрүлбөй жаңан келүүдө. Эгерим үй-бүлөсүндө кандайдыр серт көрүнүш, жагымсыздык жүз берген болсо, анда алардын кимдир бирөөсү олдоксон кадам шилтеген, кааданы бузган...

«Эмилим каеринен жазды экен»— деп, алды бүгүн да, Орозмат-Дубананыкына жөнөп жатып,— кантип жаздым кетти экен кургур балам?... Баары бир Орозмат-Дубанам тепеден өткөрүп айтып бериши ыктымал.

Ошондуктан да, бүгүнкү жума күнү жолго чыгышканын нарытан туура деп, кабылдап ишеничи зор.

Чаарала куржундун эки көзүн бөрсөйтүп, ээрге артып койгон. Баласын мингизип, өзү артынан айдап алган. Төрт чаарелик гүлдүү оромолун мандайына келтирип, жазыланта оролгонунда өзүн чө үч бурчтук жарашыкты түзүп, кемпирдин салабаттуулугун айгактап турат.

Эшеги кыдыңдап, ылдыйыш жолдордо олдоксон жорткон салтайын куржундун эки көзүндөгүлөрү нары-бери ыкшалып, бултактай калат. Эмне салганын баласы билген жок. Нары кемпир баласына байкатпоо үчүн кам урду сыягы. Тек гана ал башбаккада бүкүктөй түшкөнүнөн, энесинин көзүнөн ушундайча байкады бала. Айтор, куржунда («Бар табагым, кел-кел табагым») катуудан да, жумшактан да бар экенин баамга урунтса болот. «Катуусу-курут» — деп, болжоду ал. Кармалап көргөн жок. Антсе, энесин капа кылары анык «чоңдордун ишине кириштиң» дедиртип. Энеси аспиеттеген айылдарга сары майдай сактаган койдун курутун алып барарлыгынан улам жакшы билет. А жумшагын билүүнү каалабады. Анткени, ал анын вазийпасына кирбейт. Болсо, кандайдыр ал таназарына албаган, алса да, анчейин түшүнө берген чүпүрөк-чапырак сарпай-магалар болушу ыктымал. Башка болушу мүмкүн эмес...

Кетип баратышты эне-бала экөө. Айкан эненин көңүлү куунак, антсе да, бек тутунган каадасынан улам чоочундар аны дароо байкай бербейт.

Утур-утур жолдогу көрүстөн-мазаларга бөкчөйө олтура калып, арбактарга багыштап куран окуйт. Узакка күбүрөнүп, бата кылат астейдилдене.

— А-а, балам! — дейт күрсүнө.— арбактар ыраазы болбосо, күүлөр ыраатка чыкпайт. Ишиң ирбажи болбойт. Арбактар батилен турушат экен кадам сайын...

Кайрадан жол улаганда энесинин жана баштаган ыры кайрадан жол алаг алар менен кошо. Кыңылдап көмөкөйүндө кайталаат ал ыр. Эмне ыр, кандай деген максатты аркалайт — бул балатабышмак бойдон такып сурап да, көргөн эмес. Асили балага аныш бул. Дайыма жол жүргөндө кайталанганы бар. Ушундай ларларда. Кышындасы кандай сапар болсун. Эми ойлосо, бала ы сагынып да калган экен. Кулагына жагымдуу угулду унут лгонду эстеттирип. Чындап байкаганга ырдын тексти жок. Эне эринин кымтыган бойдон көмөкөйүндө ойлуу кайрып, ошого раша каштарын жыйрып, көздөрүн бир кылка бакырайтып ялын тереңге серптирип олтурат. Кандайдыр арман, не күйүт? Өткөндү сеймедүрөөбү? Акылман алым-сабакпы, не нускаын улуулугубу? Же өлгөндөрдү жоктообу? Өмүрдүн шаңын, жабонун күтүн аздектөөбү — бала анысын жакшылап жиликтей байт. «Балким куран окулгандагы эле сөздөрдүн обонудур, ким лет?» — дейт бир алдын ушундайча чечмелеп... Ырды мурдала да уккан. Талаадан жайлоого баратканда, атчан экенинде апа на учкашып кетип жатышканда укчу. Шумкара жыгачтан башган ыр Арча-Мазардан, Чалкага, же Уу-Төргө жеткенге дейре енин көмөкөйүнөн сызылып угулчу. Канча мерте апасынын таа ш, жагымдуу жыты аралаш угуп, купуя сагынычка кабылчу. ү жүзүн көрбөгөн атасын көрүүнү самачу кыялында учуп... Ас эч кимге көрсөтпөй, апасынын далысына башын жөлөп алып, здөрүнөн жаш сызылтчу үнсүз ыйлап...

Жаныбар аргымак да жактыргандай магдырап, буттарын солй, салмактуу таштап, жол узартканына ыраазы тейде.

—Арыбаңыз байбиче? Мал-жаныңыздар эсенби?

—Бар болуң?—Шүгүр, шүгүр... —Эне каадасынча амандап, булар узай беришет. Кез-кез: — «Чу, жаныбар! — деп, арматы сылай камчыланат.

Тоолор сыдырылат каректен. Былтыр-быйылкы өзгөрүш-өсүш здөн биринден өтүп олтурат-баарысы. А эненин ыры кайрыгын жанбай, бир ыргак келкилене угумунан жазбай, алдейлей бет...

Ырга тиешеси барбы, жокпу кээде ыргак чорт үзүлөт да, эне шкүрүк аралаш кобурап коёт: «А-а, бу дүнүйө каптархана, бири са бири кона-а, балам... Жер жексендики, суу Султандыкы. ул жерлерди канча адамдар жердебеди, бу конуштарга канчар конбоду? Бу сууларды канчалар кечпеди танда кечте? Канча ар... Баары өттү, кетти арман дүйнө...

Кемпирдин азыркы ыры да кескин үзүлдү.

— Ыкылас-халас балам. Адам ниетинен табат. Жети жыл өт-
көндө дарак да, мазар болуп калат. А Дубаналар канча өйдө бу-
лардан-ыйык, көзү ачык адамдар алар. Азиздердин баскан жолу,
изи азиз... Азиздердин жолун жолдогон адамдар да, таза тутунуп,
таза карманып, адал жүрүү абзел. Дубанамын карамати күчтүү.
Кандай ниетте баратканыбызды алда качан эле билип турат ка-
раматинин күчү менен ушундай балам...

Уул-Катын айылын аралап, өйдөлөп жүрүп, четки үйлөргө түш
келишти. Жер тоборсуп, көк чыга баштабады беле. Айдөш эмес-
пи, биерде да ошондой, көк жамырап чыга баштаган. Узунунан
кеткен үйлөрдүн мандайкысы, үч-төрт өрүгү тарбайган дөңдөгү
үйгө кеткен жалгыз аяк жолго салды кемпир. Отуздардагы, арык
чырай, келин шашпай чыгып, каада кармап көрүштү кемпир ме-
нен. Тааныйбы-тааныбайбы — бала биле албады. Эшегинен өзү
түшүп, куржунун алганга камынды эле, жанагы келин шаша ке-
лип, кол кабыш кылды.

— Жүрөсүңбү, тай?— деп койду көңүл үчүн эле. Мындай «Тай-
лардын» көбүн тосуп алат окшойт сыягы.

Эмилбек, уялып баш ийкеген болду. Энсизирээк узун айбандуу
эки бөлмөлүү үйдүн ылдыйкысына кирип баратышты.

— Келин, келиң эже! — Баланын жакшы көргөн агасына ча-
малаш курактагы, кара каш жигит элпек тосуп алды. «Орозмат-
Дубана кайсынысы экен?» — деп, ал болжолунда сакал-муруттуу
адамды күттү эле. Айкан эне бөтөнчө каада менен: — Аман-эсен
элиңе келип алдыңбы айланайын? — деп көрүшкөнүнөн улам эне-
сине эзелтен сыркер табыпты, өзүлөрү күткөн азизди тааный кой-
ду. Энеси бирер аялдар менен көрүшүп, анан төрдө нардай чөгүп
олтурган, элечекчен, карылыгы жеткен кемпирге токтолуп калды.
— Ы-ы, Айкансыңбы? — деди ал тааныгандан соң, мелтиреп
тиктеп,— Аман-эсенсиңби?

Кучакташып көрүштү. Көздөрүн жуумп, үнсүз кыйлага турушкан соң кийин: — Шүгүр байбиче! — деп ызат билдирди кемпир. Олтурушту. Каада боюнча бата кылышты «Биз келдик балээ кел-бесин, ушул үйгө береке кирсин» деген тейде. Айкан эне ондонуп отуруп атып.— Балаңыз келип, үйүңүз толуп, кубанып калдыңыз-бы? — деди,— кудайым берген турбайбы, берер кудай бериптир сизге!

—А-а, кудага шүгүр, сүйүнүп атабыз.—Байбиче жооптоду,— элден оолак, жерден оолак, мусапыр турмуш кечирген баламы бир күн эле мандайыма апкелип койбодубу кудайым жарк эттирип... Эми өлсөм арманым жок айланайын. Кайсыл күнү, кай саатта апкетсе-мен таярмын. — Азга эмшиндеп, ансыз да, ыйлай

ерип какшып бүткөнсүгөн көздөрүнө бет аарчысын тутту,—Ороз-
атим келсе, дубал сүзүп калбасын» — деп, чымындай жанымды
үчтап отурдум үн чыгарып ийлабай. Атасынын тапкан-тутканын
ишырайын дедим, элинен жаш кетпеди беле?..

— Апа...— Баласы кара, чоң көздөрүн сырдуу төгөрөттү,— аз
үйлөйм дебединиз беле, апа?

— Койдум, койдум, Сүйлөгөнүм болсун. Сен турганда сүйлөп
е кылам балам. Сөзүм сен, кезүм сен-болду. Айкандар... — Эри-
ин жермөп, тим болду. «Айкандар өзүбүздүкү» дегендей ишаа-
атгады кемпир сүйлөп ийгенине жыгылыштуудай. Сыягы, тур-
уш-таржымалдарын сүйлөй берип, алыстан көөнү сыгылып кайт-
ын перзентин жадаткандыбы, же буларда эзелтен сырдуу каада ту-
улабы, бул жагы балага түшүнүксүз калды. Айкан эне өзүнчө
ормолдоду.

Кытайда абакта экенинде, Орозмат түнү жатып түш көрдү.
тасы басып келди кадимкисиндей. Күүлүү, күчүндөгүсүндөй.
ки дүйнөсүнөн бергендер күүсүнөн тайычу беле?

Келет да: — Балам!— дейт кыска нускап. — Сенин буердеги
ресибин көтөрүлдү. Эми сен буерди экинчи баспайсың. Өзүң ба-
ып, карачу аттардын ичиндеги жалдуу торуну минесиң да жөнөй
ресиң-жолуң ачык.

Кайсыл бир күн өңүндөбү, түшүндөбү ушинтип аян беренин
дыртадан күткөн жигит оттой дуулдап алды. «Акыры мен абак-
мын го ата? Кат-каты менен бекемделип жабылган кулпулар-
ы?»— дегендей, бушаймандана карады эле атасы калбаат кү-
умсүрөп койду.

— Жолун ачык балам. Элге жет да, мен тутунган жолду тут.
зада жолдон чыкпай, кызмат эт элге. Омийи-ин: Кудай жар
олсун, сага! — Батасын берди.

Көзүн ачса, таң куланаак салып калыптыр. Турду да, өзүнчө
убүрөп, арбактардын атына атап куран окуду-бата тартынды.
Көөнөй берди.

Көзүн ачса, таң куланаак салып калыптыр. Турду да, өзүнчө
убүрөп, арбактардын атына атап куран окуду-бата тартынды.
Көөнөй берди.

Айткандай, эшиктер ачыла берди кудум артынан бирөө кам-
ып ачып турган таризде. Кулпулар шарактап өзүнчө ачылды.
ткана да баягы атасы дайындаган жалдуу тору кошкуруп, муну
ытынан тааныш, тосуп алды көкүлүн серендетип. Токуп отурган
ок. Ирнде күлүктү токубас керек эмеспи.

Торуну серендетип, сыртка жетелеп чыкты. Ансыз да төрт аягы
а канат бүткөндөй, күүлөнүп туруптур. Күзөтчүлөр ийиндерине
ашын жөлөп, өлүк уйкуда экен. Тизгинди тартып туруп: «Ярт-
ам: я, сенден-я, менден!—» деди секирип минип,— Камбар ата
олдосун!»

Шамалдай сызып жөнөй берди. Күлүктүн тарсылдаган туягынын дабышы артта калды. Күзөтчүлөр анан ойгонгонбу — атып калышты дембедем ок аяшпай. Октор чуулдап, Орозматтын кулагынын түбүнөн, камчы шилтегендеги колтугунан көзөп өтүп жаттылар. Жаныбар горунун жалы сапырылып, кудум булутты ышкырып. Арттан куугун түштү. Караандатпай жүрүп олтурушту. Чек арада түн үстүндө баратқандай учуп отурду төрт аягы жерге тийбей. Иримденген дарыя бар эмес беле. Ошого жетти да, күлүктү темнип ийди эми дарыядан жардам күткөндөй.

Алачыктай таштарды ичинен көмөлөтүп агызчу иримденген дарыя буу саам да, күчүндө экен. «Колдочу болсоң, колдой көр»— деди качкын жаадай ийилип, күлүктүн жалын кармап, алдыга өбөктөй обдулуп,— Суунун пири колдосун!...

Күлүк сүзүп олтурду төрт бутун калак кылып, кээде жапырылган кулагы көрүнүп, кээде башы...

Куугунчулар жээкке жетип келишти. Дарыяга сала албай, өкүнгөндөн кегин октон чыгарышып, чуулдатып атып турушту. Жан-жакка, сууга тепчилип атты аянбай атылган октор.

Шамурат дубананын мураскору ошентип, ок жаңылбай, сапарынан мүдүрүлбөй, элине аман келген...

Орозмат-дубана өтмүшүн сыр тутабы, минтип, энесинин «тизгинин тартып олтурат. Айкан эне аны оңго жооруп түшүндү. «Айтса-айтпаса сыр тутунган нйги эмеспи» — деди дилинен жактырып,— өзү да жаш, алдыда канча белестери турат. Карманган жакшы. Атасынын нускасынан тайгылбаганы оң... Көөнү менен эле чачырай берет беле? Көзү жамандар бар ыкыс берип адаштыра турган...»

— Барган-турган жериң жакшыбы анан, арыбай-азбай келип алдыңбы босогоңо, айланайын? — Айкан эне каада менен кайрылды сөздү улаганы.

— Туз-насип буюруганын терип жеп келдик. Ата наркыбыз ушундай экен эже- — деди Дубана анчейин төгүлө бербей,— асили мусапырчылык тартмайынча», «Чүф» дегенибиз эм болбос...

— Болсун, болсун! Айтканында калет жок.

Айкан эне ичинен: «Жакшы жетилиптир, атасынын жолунан оңойлук менен тайчыдай эмес» — деп ойлоп, аста шыпшынып алды. «Ишибиз оңунан чыккандай» — деди өзүлөрү үчүн.

Берки меймандар үндөшпөдү, кепке моюн созушпады.

Дубана: — Бу сиздин уулбу? — деп калды.

— Кенжең окшойт? — Байбиче ынтаасын коюп, үлүрөйө тиктеди.

—А-а, кенжем... Бу кенжетайым былтыртан бери сыркап жүрөт! Догдурга салып, жакшы эм таппады. — Кемпир ой баскандай, нигырыла олтурду,— сүзөктөп ооруганы басылбай... Минтип, жарык күнүбүз караңгы балам экөөбүздүн.

Дубана эснеп калды ушу тушта. Чоң кара көздөрүнөн жаш сызылып, анысы өзүнө жарашып көрүндү. Жүгү* түшүп турган ок ойт. Өткөрүп ийгенминби? — Кооптонуусу артты Айкан энеин,— Же баягында сук молдо жүгүн таштап койгонбу? Напсиси де жаман эле онун. О дүйнөсүнүн күйүп кеткенине карабайбы олор.

— Ке, бери келчи! — Дубана Эмилди жанына чакырды,— Жакыныраак отур ашына.

Айкан энеге нускай: — Балаңызга асит сук кирген. Орношуп алган! — деди мөөр баскандай, таптала сүйлөп.— Кандай десем болчатак жерге алып баргансыз. Жылдызынар келишкен эмес. Ишти чатакташтырып таштаган. Ошончүн эмнеден, кимден экенин айрый албай... — Оозун чоң ачып, дагы эснеди.

— Ирас, ирас! — Башын ийкегилеп ийди эне,— таап айттың айланайын. Өзүмөн да кетип калды «Алдыраарда жазгырар бо луп»...

Дубана башка кеп айтпады. Көздөрүн ойлуу ачып-жуумп атып, Эмилбектин башын ушалап, уюгансыган желкесин жойду. Далысын эзе ушалап, эки колунун учуна чейин сыдырып чыкты салааларын эзгилеп.

Бүттү дегенсип, жазы алаканы менен эки-үч таптап койду куктарын чойгулап...

Чоң-чоң аттап, эшикке чыгып кетти...

Бала жеңилдей түшкөндөй болду. «Кандайсын, ата? — деген энесинин шыбырай сураганына «Жакшымын. Эч жерим оорубайт, апа!» — деп койду.

Ошо боюнча үйгө кирбеди Орозмат дубана. Сыртта кимгедир бирдемелерди кобурап, кандайдыр иштерди аткарттырды сыягы. Кечке маал адаттагысындай карындашынан суу куюп берүүсүн сурап, таза чайкалган чыныдагы сууну сыпар тизелеп олтура калып, жутуп жиберди да, сүлгүнү мойнуна салып, арык бойлой өйдөгө кетти жуунганы.

Кечкисин жатаар маалы алдында меймандарга суюк шөөла тартылды. Алың-алынга келгенде баарысы атын айта албай же, батынын чакыра албай, кудайындай көргөн үй ээсин көздөрү менен жоктоп калышты эле сырын билген Катча «Акем азыр наар албайт» дегендей табышмактуу жоопто салды. Бардыкка тараза Сейдана байбиче сыр катып унчукпады. Кыязы, бул Дубананын табышмактуу карманган сыры окшоду.

Эмилбек сыртка чыгаарда этиеттенип, (Айкан эне азиздер баскан жерде көрүнгөн жерди баса бербе. Таарат ушатканда келме айтып жүргүн» деп, аркачандан биркачан кулагына куюп келген) айрыкча даараткана жакка басканда коомайсып коркуп жүрдү.

*Жүк — Ырым-жырым боюнча айтылган аталма. Бакшы-молдолор оору луулар өзүлөрү айтышат.

Үйүнүн артындагы төрт түп өрүктүн түптөрү (Бир алмасы да бар. Карылыгы жеткенден жапайы кейиптенип калган), чабылбаган, ийри-муйру арык-бойлору, нарылай кеткен аңгыраган түздүктөр, аңгектүү дөңсөөлөр, чалдыбарлуу көктулар-баарысы эзнсирен, жат адамга кулак түрүп тургандай. Кулак-мурунду кескендей ын-жыңсыз, не тереңден кандайдыр зыңылдагансыган күпуя үн аянычтуу тепчилет...

Эмилбек бөжөйүп, апасынын жанына жатты. Алдына ак чөп төшөлгөн эски дубалдын жыты каңырсып, көпкө өгөйлөп уктабады басырык сасчудай тейде. Айкан эне менен Сейдана байбиче эжелүү-сиңдиче сөздөрү түгөнбөй, өткөн-кеткенди элекгеп өткө рүштү арман дүйнөнүн зарын-коруп бута кылышып...

Наркы үйдө ар жактардан келишкен оорулуулар башпаанеле шет экен. Бая эле жылып, сиңип кетишкен. Дуоана кайда жатат? Эч ким билбеген сыяктуу. Ары аны эч ким сөз кылышпайт, тынч сызданышпайт окшойт. Тек гана «Бегимдики-белгилүүдөй» сыягы.

Түндүн бир маалында байбиче:

— Эми уктайлы, ыманыбыздан берсин! — деди.

— Пахта түш көрүң! — Жооптоду Айкан кемпир.

— Кудайым буюрса, балаңыз да, мемирен укташы бар.

— Айтканыңыз келсин! — Баласы жакка бурулду.

Эмилбеги көзүн жуумп, бирок уктабай жаткан. Энеси кааданча, ичинен шыбыранды: «Бисмилла-ир-рахманир-рахим: Жатым тынч, жастыгым кенч, Оозумда келма, көкүрөгүмдө иман, ла-аллоха-илловла мухаммадур-расулолла. Жаткамын иманым менен, тургаймын жаным менен күф, күф!

Кудая баламы мээнеттен сак кыл-омийин деди.

Анткени менен Айкан энени кыжаалат кылган тынчсыздануу да бар эле. «Дубанам имнеге баламы кай жерии ооруйт деп, астейдил сурабады-а?

— * * * —

Эртеси болду, кемпирлер даратка турушту. Дубана эбак даарат алып, сөрүдө намазга жыгылганы жаннамаз салып жатыптыр. Көздөрүн ойлуу бакырайта кынкая бурулуп саал баш нйкей көрүшкөн болду.

Эртең мененки чайдан кийин зыяратка келгендер (Кечээ, мурда күн келгендер да бар) «кет-кетке» келип калышты. Көңүлүнөн чыгаргандарын, тапкан-туткандарын аярлай алып чыгышып, Дубанага сунуп жатышты. Куржунда буулуп-түйүлүп келгендер эске алынабы, ким эмне алып келгенин биердин кампачысы-Катча агасына ийне-жибине чейин адаппай айтып турабы-аны Айкан эненин өзү билалбай ман. Кандай болсо, ошондой болсун дедибн, же баары бир Шамурат—Дубанаиын табыптык таразасын туура тутунуп өмүр өткөргөн Сейдана кемпир аркылуу эртедир-кечтир жетет дедибн, ишеничи кемилдей белине кыстарынган түпүнчөгүн чече берип, атаганын сунуп калды.

— Аз болсо да көптөй көрүп алып кой, садага болоюн балама м болуп кетсин.

Дубана көз кыйыгын таштады да, саал кирдей түшкөндөй бо уп, бирок, анысын билдирмемишке дароо ала койду. Айкан эне аш дубананын мунусуна ичи чыга бербеди. «Шамурат-Дубанам интчү эмес» — деп азыр тирүү болсо, азыр жетип барып датта уудан тартынбас эле. «Биз атаганыбызды кудайдын жолуна деп еребиз. Табып да кудайдын жолуна алыш керек. Жалаң берген етканге караган табыптыкы жакшы эм болбос»...

Ушундайча түшүнгөн кемпир тымызын түпөйүл сырын эч кимге ш жара албай.

Дубана ичтен күбүрөнүп, көздөрүн ойлуу бакырайта, анткенин е кудайына алдыртан жалыныч менен ушул макулук бейтаптар чүн суранып жаткандай тейде сыңар тизелей олтура калып бата артты. Баарысы аны туурап, сыңар тизелей албагандар чөгөлөй ушушту.

«Кудайым шыпаасын берсин!» — Айкан эне өйдө болгончо жагы арсарсуусунан жана түштү,— кантип эле ошентсин? Биз — аралар ойлогонду Дубанам кантип ойлобосун, минтип шексиненим анын ата-тегине шек келтиргеним эмеспи» деп, чеки деген юнан чертиле чыкты. А көрөкчө, баламын сыркоосуна дабаа боуп кетсин дебейминби... Дүнүйаң курусун, дүнүйа колдун кири.

— Майни эмесе... Дубана балага кечээтен байкалган сөзүн йтып, коштошкону калды. (Бул асили «мейли» деген эле сөз. андайдыр ал ушинтет экен. Ушунусу ага сыр болуп, Дубаналык болтон келаткан каада катары туюлду). Өзүнчө «Майни» деп, чинен күбүрөп кайталап көрдү. Кайра анысынан чочулады «Азизин айтканына кир кетирдимби» деп.

Бая чакатайдай кези болсо, бир башка өзү окуган классында ы. Анда «Агайлап» атып жаңылганын ондобойт беле «Мейли, же айлн» дебей, «Майни» дединиз го? — деп, эми кантип анте алын, колго түшкөнсүп, аянып олтурбайбы.

Айкан эне биерден кадам үзө албай, шагдам басып кете ал ай, Дубананын оозун пайлап, кыйылып турган өндүү. Ал аны өрүп-билип турду, эмне дээрин, кантип сөз айтып узатарын алыртан камдап тургандай. Демитип суроодон айбыгып, ак чач ашы менен коорунуп, кесе бирдеме деп койсо, ооздон чаккан кту кайрып ала албай, аралык алыстамак башка эмне болмок...

— Балам — экөөбүз кантсек, жол алсакпы кагылайын? — ар датын үбөлөнүп сураганына чыгарын, үн катты кемпир.

Бир эсе бая эле дайын болбодубу: айтаарын айтты, батасын ерди дагы эмне демек?...

Ошентсе да дит багып, сөз катып атканын эрөөн көрө албады.
— Кете албай атасызбы, эже? — Жакынсып, үнү кандайдыр жумшак эшитилди кемпирге. Эми болгон түйүндү чече сүйлөгүсү келди. Мунканган, үнү кардыккан тейде:

— Бизге бир келгендерге (караламанга дегиси келди) мамиле кылгандай караба, айнанайын! Эзелтен Шамурат — Дубанамдын эшигинде жүрүп көктөгөнүмдү, дубанамын айдыңынан агарып-көгөргөнүбүздү унут калтырба кагылайын, бөтөн эмеспиз...

Карыганда көргөн кенжетайым эле бул көз жашыма сатып алгам... Жакшылап көз кырында сал, айланайын, эминь эм болуп, кулунум так секирип ойноп кетсе, эжең кантип эмгегиңди унутат? Бир өзүңү ардактап алышка жарабай не? Ата-буваңдын ыклас-мандарын ооочо тутпа дегеним, айнанайын.

— Об-бо-о, эже-ай! Бая-ле шунтериңизди билип турганмын. — Балага кайрылды, —биякка жүр ашина! Ондоп көрүп коёюн. — Үйүнө жетелеп кирип кетти. Мурдатан дүрбүлөп көргөндөй, Эмилди чалкасынан жаткырды да, анын дыңдыйып катып турган ичин сылагылап, анан сөөмөйү менен басып туруп, кескин коё берди. Эмилбек мурдунун учун тырыштырып, кыцкыстап ийди.

— Ооруду э? — Баладан жооп күтпөй эле, суугуң да ашынып-тыр деп койду,— дуктурдун ийнеси сууктук кылган турбайбы. Шашпай тур.

Мунусу ичинди жаппай тур дегенин Эмилбек түшүнө койду. Кастюмунун ички коюн чөнтөгүнөн ашыктай кара ташты алып чыгып, (анын ортосу көзөлүп, тумарга тагылгандай жипке өткөрүлгөнүн ал таштын анда-мында ак чекиттери бар экендигин, ошонусу сүрдүү көрүнөрүн бала байкап турду (аяр карман туруп, баланын ичин төгөрөтө чийип чийгендей чийип чыкты да, (Бала оболу ичиркенип алды да, анан дароо эле муздактыгына карабай, ага ыроолоно калганын сезди) Жанагы төгөрөктүн ичин төрт бөлүп, чийип койду.

— Болду эми ашина. Ичиндеги дартты капкандап туруп, алба-далба кылып кесип койдум — деди,— эми аның сага алы жетпейт. — Чекир көздүү ташын чөнтөгүнө аярлап катып алды.

Каабанын ташы бул...

— «Каабанин ташы...» Бул табылгыс-ыйык сөздү кайталай айтып, баланын кыялы сабалап учту. Бирпаста канат байлап, сыр-коосуна дабаа болгон ошол Кааба жакка баргысы, ошояктан кулардан соо кайткысы келди.

Кийинип алып сыртка чыкса, кемпир дагы эле качан келээрин такып сурап атыптыр. Адатынча «Майнин» деп атып, Дубана көздөрүн бакырайтып, ойлоно нарытан-пикиринен бирдемени кыйын

ылык менен сууруп чыккансыды: — А-а, келе бересиз, зериккен
келе бересиз — деп, таптапап, азыркы сөзүн бекемдеп койду,—
ланыздын ошондой иши бар...
— Келбей... Акыры бир күн насип тартқан жериңе миң күн
лам бер дейт го? Биерге сыйынган жерге келбей кемирен кала-
ын. Кош айнанайын, ишиң ирбажи тапсын азырети авлиялар-
ын арбагы колдоп,— кош!

Деген менен Дубананын тутунган иштерине, каадасына Айкан
енин ичи чыкпады. «Шамурат дубанам мындай эле, тигиндей
е» — деп, атасына салыштырып, баары бир нааразыланып ке-
тты. А эбактан карманчу салттын, ыйык эреженин тирүү күбө
Сейдана кемпир биротоло ээлик кылуудан калыптыр. Кантсин
ан, ансыз деле тымызын ызырынып, мурдун салдырбай тиштеп-
эп турат экен. Көзүн караган, кайыбынан келген баласына «Ак-
к» дей алабы бечара, көзүн жылтыратып олтурганга кайыл да,
ан...

Минткенинде кемпир кайрадан Дубананын кайтардагы аңыз
ылып айткан сөзүнө айланчыктап, көңүлү кирдей түштү. Кир-
й эле түшкөн жок, Каердендир калтыс ишке кабылгансып, бай-
ростон анын иримине белчесинен батып алгансып, өзү аны алу-
нчө андабай жүрө бергенине кооптоно берди. Өз жаны үчүн
ес, баласы үчүн чочулады. Ушул түкшүмөлүнө салт боюнча
инчалык маани берсе, ошончолук дүйнөсү тарып, көздөрү туман
п, тула боюн коркунуч басты.

Келатып, өтмүшүн таразага салды, тепесинен өткөрдү. Бу
еле кара таман эмес эле го? Бий десе бийдин, ыйык десе, ыйык-
рдын тукуму. Өз энеси Шаанигүл эртен-бүгүнүн илгиртпей кө-
ө билген авлия жан болгонун айтып жүрөт. Ошо көзү ачык ки-
ш бирер күн мурда ушу көзгө басар кызы — Айканга шооткону
ар. «Эртең күндүн мурду менен жол тартам» — деп. Жаш экен
йкан. «Коюңузчу, кайдагыны айтасыз? — деп, күлгөн шайтан
ытыктагансып. — Булбулча сайрап турган тирүү адам кантип
ле эртең а дүйнө аттансын»— деп,, таң калган.

Эртеси байбиче багымдатка туруп, намазын окуду. Ирен-башы
айында, күүсүнөн тайыган эмес. Анан эле жакшы көргөн күйөө
ласы Кожомберди келип калды ал-жай сураганы.

Байбиче сүйүнүп кетти:

— И-ий, алдына кетейин көздөн учуп турат элең, жакшы кел-
едиңби.

— Неге минтесиз, келбей жүрчү белем, эне? — Үбөлөнө кетти
үйөө баласы.

Байбиче жооптоду.

— Сабатың бар болам, бир аз дем салып койчу. Саал оорлошуп турам,— деди. Эки тизесин бириктире, согончокторун басып, чөк түшө олтура калып, чын ыкласынан окуп кирди Кожомоердин Кыйлага окуду сүкүт салып, көздөрүн жуумп, ынтаалуу тейде. Бүткөндөн кийин «Омийин» — деп, бата тартты. Байбиче ыраазыланып, күйөө баласына өзүнчө батасын берди «Тукумуң улансын» — деп. Анан эле «Күндүн көзүн көрсөт» — деп, эшике ишаарат кылды. Сыртта күн кырданып, жаңыдан чыгып келаткан. — Апа-а? кантесиз бизди таштап?! — деп, Айкандар чуру-чууга түшүп калышкан. Жаш болсо да, күйөө баласы эркектик расмисин карматып, «Шүк-шүк» — деп, аларды тыйган болду.

Байбиче созулуп кете берди жүзүндөгү нурунан ажырабай... Ошол Шаанигүл байбичинин көздөн көргөн кызы Айкан эле. Энеси кайтыш болгондогу тентектигин (Кайтыш болорлугун кандан билди) энесине эркелигинен кетирген катасын кадимкидей мойнуна алат апси жеген Айкан. Анткен сайын тообасынан жанып, аныс көзү ачык мазарынын жолуна сыйынып жашап келет анын тутунган каадасынан тайыбай...

Жашыраагында алма-телме аруусу кармап калчуда «Көзүңдү ачтырып ал» — дешти. Айкан жаштык күчүнө ишендиби, не каалабадыбы, мойнуна албай койду. Бирок, пак жүрүп, пакиза оролгер тутунду, ыкласын аянбады. Азыр корккону — ошол көрүнө моюнуна албагандан, тукум куучулук пейилди карманбагандан акыры түбү кудайым жазалап коебу?»—деп купуя жүрөксүп, абыгер тартканы. «Башыма көрүнсө го майли,— дечү ал,— көздөй көргөн балама көрүнүп, баламы чарпып койбогон эле?...»

Жана Дубананын «Зериккенче келе бересиз» дегенин, баланыз дын ошондой иши бар—деп таптапап айтканын ушул сес берген нукка буруп түшүндү кемпир. Кантип эле ошентсин?— деп, кайреле көз көрүнөө жүз берээр жамандыкка ишенгиси келбей кетет. Жаңылдымбы, жаздымбы, Кудайым?— деп антишке оозун барбайт.

Жаңылган-жазган болсом, канчалык? Баса, ошончолук эле каарга кала турган осолдук кетирдимби, жасаган? Бирөөнүн коруна кайдыгер карабадым эле, зарына тондоосун болбодум — анан неден жаздым? — Пенделик жашоосунда кылган жакшылыктарын эстеди. Кыйын-кысталыш кезектерин, барысын... Кудайдын өзүнөн медет-тирек издейт. Анткенинде саал жүрөк баспты кылып, акылын пештейт. Өйдө-төмөнүн ойлой, башына батпаган ойлорун кармаган болот. Чатырдын бурчу мисал чокчойто

алынган алты чаарелик оромолун артка жылдырып ондогон бот. Ошентет да, күрсүнгөндөн башын чулгуп алат: — А-а, кам үт эмген пенде-ай! Баарын өзүбүзгө имерип алгыбыз бар эр Кулдын кулу боло туруп ошентеоиз? Акыры баарын жараткан: өө-шааны, бечаралды, ыйык-кыйыкты жаратып ырыскы чачкан бү эмес беле. Анан эмне биз Кудайдан ашып сүйлөйбүз-а?...— шкүрүп алат.

— Жараткан — Эгемден башка аргам жок. Кандай айла кыдайын? Анан меселдетип койду: «Кудай» деген кур калбайт, «Ал» деген ач калбаит.. — Кемпирдин оюн баласы бузул жиберди: —Апа!—деди баласы, түшөм-жөө басам. Сиз минип алын.— ондордун каадасын кылып, апасынын алдына тартып турганы. — Алда Кудаым-ай! — Тымызын үмүт этип, жакшылыктын шиги кыңыр ачылгандай кабагы жарк деп түштү кемпирдин. ын эле Эмилбеги кеденден алдыга түштү. Уул-катыдан өтүп, ерки эркелишке келип калышкан. Тааныш арыкка келгенде шеги бүжүндөн атып, алдыңкы буттарынын учу тушту, искеп, ылбыраган арыктын жээгине бутум батып кетеби деп, басыпаспай, жыттагылаган болуп, анан селтең эте чоркок аттабаспы. — Жарыбагыр! — Кемпир чочуп алды илгерки Жер-Көпүрөөгүсү эсине түшүп. Жүрөгү үшүп кетти. Жүрөк алды болуп алан эмеспи.

Ошондо да, бу каранғалгыры ушинетип туруп, секирип ийбеди еле. Ушул Эмилбеги колунда, буга жашташ небересин аркасыа учаштырып алган.

— Ай — деп жибере жаздап, балдары чочуп калбасын деди-, эрдин керте тиштеп, бир колу менен артындагысын өзүнө кы- кармаган тейде учун түшкөн. Эмилбегинин мээси чачылбасын еген кыязда көкүрөгүнө куушура кармап, билеги «былч» эте ушкөнү алүгүнчө кулагында жаңырыктап турат.

Эсине келип, көзүн ачса, токуму капталына оодарылган эшеги гиндейрээкте, оттоп, секелек балдары Кара-Бадалдын берисине, өөнүндө байчечекей терип кетиптир эчтемеден бейкапар. Өйдө олуп колун тартса, сынган билеги баш бербей шылыктап жүрөт з колу өзүнө чоочун кейиптенип...

Сыныктын иши жаман экен, Айкан тири укмуш азапты көргөн л жылы.

— Я, Алла! — деди кемпир,— каш-кабактын ортосунан кезикү кырсыгынан, бейажал өлүмүнөн, курулай дооматынан сакта! удая, баламы сыркоонлон арылт—Өзүндөн башка аргам жок!— ындай карап, баласынын итабар узап кеткенин байкайт. Соо езиндеги ((азыр оолактай түшкөн) адатын карматып, кулжук-

дан, ага-буга урунчудай жалгыз аяк жолдон чыгып, беде-пая аралап, желе жортуп алган. Мындай карасаң, көз тийбесин оору дешке оозуң барбайт.

«Көргөн көзүмө кут кылсын!» — Айкан эне кадимкисиндей сүйүнүп кетти. Дубананы жаман көргөнүнө айыптуу сезди өзүн, «азиздердин ыйыктыгына шек кетирдимби—» — деп.

Канткен менен мунусун жакшылыкка жоруду. Көргөнүн ырым кылып, көзүнө тагып алгысы келди колдон келсе. «Ылайым эле эки аягынан шамал өтүп, тайрандап ойноп жүрө берсин, тегерегейининим!» Өксүк-кемсиктен сактасын Кудайым. Жүз жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөптүр такпайынан айтсын. Бая Дубана менен акыйлаша кетпегенине шүгүрлүк кылды. «Антип, катуу кетпе. Чымынды төө кылып айткыдай, менин баламын дарти күч эмес» — деп айтыша түшсө эмне болмок? Ачуу шайтандын иши болуп, кер-мурга барышмак. «Сизиң-бизиңден кетишип, Ырыскы болобу, ый болобу пендеси өзү тилеп алат эмеспи. «Жеген оозго аш берем, ыйлаган көзгө жаш берем».

Сөз көтөрүмдүүлүгүнө купуя каннет кылды. Башынан ушундай: бир сөздөн калган, бир оозкенти ашырбаган жан. «Уячуктаган үйдөй балээден кутулат» — деп саймедиреп келатыры.

Төрөгөн балдары турбай... Учуп кете берди. Уулу уулдай, кыздары кыздай кыркалекейинен кете берип, энесинин кайгысы жер көтөргүс арманга айланды. Акыры Айканды көргөндө ырым кылып, «Таштагандын жаңы таштай катуу, таштай бекем болот» — деп, көзүн жуумп, жер кезип, тентип кеткен.

Айканды он үчүндө күйөөгө узатышты. Күйөөсү жашап калган, такыба, ачуусу чукул неме экен. Не Айкандын, не жашап калган күйөөсүнүн бактысыбы, бат эле турмуштары ирденип, коroo толгон мал күтүнүп, этек толгон балдар таап, очор — бачар турмушка ээ болушту.

Айтор, ошо он үчүндө кош башын жетелеп, жер айдашканын, үйгө кирчү кирешенин башатында болгонун жакшы билет. Күйөөсү ашкере турмушка бүйрө, нарытан кем сөз, бирөр учур жапакеч, бирок асилинде аялга катаал мамилесинен тайыбаган адам болуп чыкты. Тал чыбыктай Айкан күйөөсү нйсе нйилип, сабаса үркөн улактай селтеп эте чочуп алып, көзүнөн жашын чубуртуп туруп берчү. Тек гана «урду» деп уузунан жазбады, «Сөктү» — деп, эр кыйкымын эшикке алып чыкпады. Мында кандайдыр ыйык китепте жазылган айтымдар Айкандын кулагына купуя шыбыш салып турар эле. «Эр камчысы ургачынын ырыскысы. Эр камчысы тийген ургачынын тени бейиште үр болуп, нур чачын турар экен...»

Өйдө-төмөнүнө серп салып, баш бербеген, быкылдаган ойлору нен алек. Балким, күйөөсүнүн дегенинен кайтпаган адаты бул лтектей немени өнчөй изги нукка багыттаган. Тик карабаган алчаак кылган. Балким, ошо ууз курагындагы кабак-кашым беген чыдамы, нукул зайыптык калтаарыбас каадасы бактысы лем, ким билет?!

Кандайы болбосун, Айкан ошо күйөөсүнүн батасын алган. гдыр экен, балдарынын алды үйлөнүп-жайланып атканда баасын, жашоонун таттуу жагын буларга калтырып, о дүйнө кеберди чиркин жалган дүйнө! «Бейиши болгурдан эч бир жандык көрбөдүм!—деп ушкүрүп алат. Анткенинде кадимкий эшериле кетет алдастай түшкөн кейпинде. Анан несинен жаңылды эле кемпир?...

«Эр жакшысы — аял» — дейт, ошол аял Айкан болучу. Үлөдөгү жети кендин бири-аял болгон болсо, ошонун өзү-Айкан . Аз уктап, көп түйшөлүп, тирүүчүлүктүн кан базарында кайы. Эмнеге дит койсо, бүгүнүн эртеңкиге калтырбай, үзүлгөн улап олтурду. Колунан береке төгүлүп, кебинин мөөрү барй, айтканы айткандай айныбай келет. Төшкө айдаган койлору өрү төлдөп, козуларын ээрчитип келгени бар. Бирер күндөр жкарына кирбей койсо, акырларга толо түшкөн жумурткаларн башың адашат. «Береке-кут бул үйдөгүлөрдүн кимисинде нин андай албай, баш катыргандар да четтен табылар эле. Урштун алдыцкы ачарчылык жылдарында канча да, тербип гендер ушу Айкандын эшигинде баш калкалашып жан сакты. Жөлөк-тирексиз жетимдер Айканды «Апа» тутуп, далай к эшигинде кызмат кылды.

Кожо, молдолорду, азиз-авлияларды мейман күтүп, батасын ы. Күйөө балдары өз балдарындай, келиндери кызындай кызын кылып, сый-урматтан ажырабады Айкан...

Бирөөлөрдү корсунтпай, убалына калбай жашабады беле Айн. Анан неден жазды, каерінен жаңылды?...

Кантсин пенде эмеспи, ушуларын эстеп, аздап болсо да, көңжайланды. «Кудайдан калбайын, пенденин колунан не келет?» и пенденин пендеге иши түшкүлүк кылбасын..»

Эмилбекте өзүнчө кыял. Кечөцкү беде ацызы жыбылжып, кыйкөтөрүп алган. Ага ооналактап жаткысы, чымын-куюн чуркаы келет. Олтура калып, ичин басып көрүп, эчкинин майын пагандай жумшарып калганын сезет. Апасына сүйүнчүлөгүсү, дыкка жарыя кыйкыргысы бар. Бирок, андан чындап коркот. үн минтип артыкча кубанып алып, анан эле эртесинде кабакынан кар жаап, кайра ооруганын айтып мөгдөп олтурса, аны-

сы кимге таңсык? Энесин курулай энтелетпейин деди. Мандайкы электр станциясы жакка көз чаптырып, мурда байкабаганын бүгүн башкача андоого дегдеп алган.

— И-и, дагы бир күн түнөсөңөр болмок экен? Дубана чыккыс кылып дубалап койгон окшойт деп аттым эле. — Энесин эшектен түшүрүп жатып, агасы какшыктап койду,— деги кандай, эм болдубу?

— Түзүк. — Кемпир тунжураткан баягы ойлорунан бошонгусу келбей, кыска үн катты. Чечилип сүйлөгөнгө кушу жоктой.

Ансыз деле белгилүү болбодубу-эмнесин сурайт? Апасы келелекте Эмили дегендеп чуркап кирип, барган жердеги көргөн билгендерин баарын таразалап таштаган. А түгүл Дубананын көзүн аныкына-агасынын көзүнө окшоштугун, кантип сүйлөгөнүн божурап берген. Эмки бararда женил барбай, оор бararлыгын кошум чалаган.

Мындан бирер күн өттү—өтпөдү билбейм, Эмилбек эдиренден калды «Окууга барам» — деп.

— Коё турсаң балам. Дагы бир күн саландап келип, коркутпагын мени эми зорго жаным ордуна келгенде?— деди,— ач кулактан, тынч кулак, тура тур. Бара жатасың.

— Жок, барам! Барам дедимби, барам!

— Ой, бала, мынабул үкөң эмине дейт? — Абдубаетина кайрылды,— Сүйлөшүп койчу. «Дагы «барамына» түшүп алыптыр го, жаны ордуна келип калган окшойт-а?

— Барам! Эмне, үй күчүгү болуп жүрө беремби? — Экөөнө тиешелүүдөй бурк этти.

— Ох-хо-о бала! — Мыйыгынан күлүп калышты,— сени үй күчүгү кылган ким өзү, бизби же... — Ары жагын айта бербей, (Өзүнө алабы деп) жымсалдап койду. Агасы шок ооз эле бул жолу кудай жалгап, сылыгынан кетти.

— Майлин-майлин, асти эле ниетиң жолдошуң болсун. Бутунду тушабайлы. Анан дагы бир күн көзүндүн жашын көл кылып, ийне жеген иттей кыцшылап кирип келсөң, убалын кимге дейли-а? Өзүңөбү, а майли өзүнө коёлу. Тек коюн, апа, бара берсин. Дегеле өзү менен өзү болсунчу, кудай жалгасын.

— * * * —

Чын куран айының аяк чени, бугу айының башы эле. Ала какымдуу өстөндөр көз уялтып, кымкап кийимин кийип, быйыл бир жашарды окшоду. Былтыр деле ушундай кейпин кийип, көркүнө чыкканы менен баары бир быйылкысы өзгөчө болду. Муну бардык жан тастыктай алат, баардыктын бирөө (Айкан эненин кенжетайы Эмилбек да үн кошуп, ырастаары бештен белгилүү.

Өспүрүмгө Дубаналар турган жак айрыкча табышмактуу.

Кантайыцкы талаалар тоонун куюлушундагы адырмак менен туташып, анда-мында чачыраган үйлөр, же өөнгө көчүп түшкөндөрдүн тамдарынын чала урапган дубалдары көзгө серт көрүнөт. Которунда бака терек, карагай долоно, алчалар бийикке башбак ап, бой созуп, бирлерде көнгөн адамдардын жашабагандыгын йгактан тургансыйт. Арык бойлорун жамыркын өскөн талаа карандарынын сары гүлдөрү ээндиктин чымчыгы-сары айгырлардын дүнө түстөшүп, абанын тазалыгы менен бейпилдикти ырга кошондой, ийилген шактардан койкондой учушуп, нарылай безип, анат керишет.

Гээтингинде узунунан кеткен жардын түгөнүшүндө заңкайган оргондун өркөчтөнгөн карааны көзгө урунат.

Ылдыйлай тиктесең, айыл көкуланын, бак-дарактары эшик лдыларында сербейип, текширлер текчеленин жатканы байкалат.

Дубананын эшигинин алдынан кыбыланы көздөй жол өтөт. йүнүн артынан жанагы тектирлерден куралгандай чубалжыр елген жалгыз аяк жол бирге бурулат да, чоң жол менен кеншип, өйдөгө ийрелейден кетет көз талдырып. Өспүрүмдүн жолу тиктегенде кусалыма берчү адаты бар эле. Бирге байыр алндан өз мээнети, көйү менен алышпай эле, тарам-тарам жолордун, ээн калган кечөңкү имараттардын төомдору, жалбыздуу рык бойлору кусалуу каран, күн өткөрчү болду. Чакчайган улкайырлар, жамгырдан кийинки шацкайган аба, жаш чөптөр енен жалгыз жыттарынын аралаш жагымы адамды ээрчитип лат мурда кез болбогон жанга өчөшкөндөй...

Бугу айы тек эле аталып калган эместир. Бүрдөөнүн, тамырдан тамыр жалоунун, жалбырактан жалбырак ачуунун, гүлдөнүүгө кезмек берүүнүн, деги эле жаратылыш жытына кушубак олуунун сайран айы эмеспи! Башканы коюп, «Бүрдөө» деген анчалык азада сөз экенин андоо кандай бакыт!

Не ушуга азгырылдыбы, Эмилбек өзүн жакшы сезет. Буга убанайын сыркердин (Анын сыры апасына белгилүү) керемети йдибы, не мезгил сыйынын айдынынабы мурдагыдай иймеңей, ирденин алды. Оорусун унутуп бараткан өңдүү. Анүстүнө я келгенден тартып эле Дубана аны имере сүйлөп, өзүнүн экиаш улуу чамасындагы Ашираалы менен тааныштырган.

Ашираалы көзү оорун келинтир, аруусу кармай берип, анан убанага келгенден, ак челпи каптаган кызылы таркан, айыккан миш. Кол арага шай экөөнү ар кандай жумушка чегип, утурдур атынан аптып жоктон, жумшап турат.

Күн кызыган түш чендеринде үйдүн артындагы алиги чубалыган жалгыз аяк жол менен эки адам келет. Качып кете турган

сып, жөөсү эшекченин жетелеп алган. Жакындаганда байкашты жетелегени атасы, ээрге мадалып, эңкейе олтурганы баласы окшоду. Ышталгандай кара, дүңүрөйгөн неме экен.

Аширалы улуу эмесин, «аста» дегендей ишаарат кылып, буларөрүктүн көлөкөсүндө көз агытып турушат. Там аланын кетишиэле «Аширааалылан» чакырып калышты. Экөө «лең» этип жетибарышса, мейманды этиетген, таяп түшүрүп жатышыптыр. Бутуделе кадимкидей иштеит экен, эмнеге эки колтугунан кармап киргизип атышканын Эмил түшүнгөн жок. Улоону каңтара бангага баратып, ондон карады эле дүңүрөйгөндүн аябагандай айбаттуу экенин сезди. Жапкагынын алдында кысылган көздөрү алданемедей ойноктоп кетет. Неси болсо да, Аширалы көнүп калганбы, коркпой-петпей мындайга аралашканы онон берди болду. Болбосо, бул иш Эмилдин шыбагасына тиери андан ачык болучу.

Ишке чегилгенине тымызын шерденип, мурдагыдай опсуз тарткынчыктабай өзүн паанага калтырбан калган. Азыр да Аширалинин сыртка бачым чыкпаганынан катыптыгы бардан сезип, шып этип кирип барып, астана таранка көчүк басты.

Дубана «сурагынан» өткөрүп жаткан экен.

— Көк—Белдикмин дединизби?

Атасы башын ийкеп:

— И-и, Көкжатыктарданбыз,— деди коомайсып.

— И-и... — Адатынча мани сурап атып, көзүн бакырандага кескин козголо калды. Үнүндө айбат: — Эмне чатак? — Экөөнө карады.

Дүңүрөйгөн нестейинки турду. Атасы басыңкы тартып, оозун араң кыбыратты. — Чатак жок эле...

Дубананын көздөрү жана түштү:

—Чатак жок болсо, муну эмине апкелдиңиз?

— ...

Жооп таба албай калды. Уулу дүңүрөйүп, дале нестейгенинен жазбады. Суроо-сөздөргө эзели тиешеси жоктой камырабайт, былк этип койбойт. Чанагындагы бейжай оодарылган көздөрү анын башка дүйнөдө алектенип жүргөнүнөн кабардан, мунун кулагы ошоякта мисал.

— Чатак чоң. — Бекемден айтты,— Чоң чатактан экен. Жоошунан болгондо да. Эскирип кетиптир. Тамырлап алган. Көп жерди түртүп көрүпсүз, айласы табылбаптыр. «Жоошунан» десе, онлобон оңой экен деп, ошо жоошу жаман. — Тамырын карман, бак-бак этти,— Жооштон жоон чыгат дейт го? Мунун жоошу бетер жаман. Эми кайра козголуп атыптыр.

Мурдараак апкебепсиз да-а?

— Эми Дубанам...

— Эшитпедеңиз беле? Эшиткенсиз. Күбөлүк бергиңиз келбеАкыры тешик таппаганда апкелгенсиз. Ишенгиңиз келбеүйнөдө ишенбеген жаман. Билерсиз: ишенбегендин өзү-каапыр, тыны — талак! Мына ушундай китапта.

— Сиздики ирас Дубанам. Айыпка жыксаңыз — ак! — Чал өгдөп кетти. Үнү кудайга жеткенче ыйлоогоо даяр. Бөгүлүп-чөлүп атып, ынтыга унчукту.

— Ушу баламы эле мээнетинен арылтып берсеңиз болду, эки үйнөдө эмгегиңизди унутпайм! Туттум сизге баламы.

— Мага дүнүйөнүн кереги жок. Дүнүйанин көтү тешик... дамга уапа кылбайт дүнүйа...

—Айтканыңыз ирас, Кудайыма миң калла шүгүр сиз бар экенз, сизди көрсөткөнгө шүгүр! Эки дүйнөдө кем бовоң. Бир баыңыз миң болсун!

Дубана масилеет сала:

— Эмине, балаңызды апкетесизби, же калтырасызбы? — деди.

— Сиз имине дейсиз?

— Мен эмине демекмин, бала сиздики.

— Жо, таксыр сиз имине десеңиз ошо. Калтырайын.

— Ондо... — Ойлонуңку башын кашыды,— Наркы аптада каир аласыз,. Айтып коеюн, балаңызды сууктукка салам, карандай уга-тамактан айныткансыз.

— Сиздин сөзүңүздү эки демекминби, жаңы калса болду ма таксыр. Адам бир теринин астында канча семирип, канча ыктабайт. Гошу сиздики, сөөгү меники деп берип атам баламы.

— Бара, бериң гап бүттү.

Мындан башка да Дубананыкында арты үзүлбөй келип, түнөп чу катын-калачтар боло турган. Алардын бир даарлары эре катарында перзент күтүнсөм деп, эңсеп келгендер эле. Тапн-ташынган жалтыр-жултур кийимдерин кийинишкен келиндер убананы көргөн жерлеринде тык токтошуп, кадимкисиндей сурп, андан ишаарат болмоюнча, алдынан кыя өтө алышпай каларып турушчу. Муну менен алар тамырын дал кармап, дартин таржималин ишенээрлик боолгологон (алар жазбай ушинтип лошчу жана Дубананын чарсылдаган, бүшүркөбөгөн чагылндай жигиттин мүнөз-келбетине көрүнөө да, көмсөө да таазим лышчу), неден айнытып, каерден дартмандыкка кабылганын гизинен туура божурап берчу, көзү ачык табыбына бөтөнчө урт көрсөткөнүн билдиришчу.

Бул кокустук эмес эле, болгону атасынан калган мурастык лттардын биринде тутулган кадым-каадалардын бири болучу. Аялдар бөлүнүп, башка үйгө отурушчу. Кийин мында батпай лгандары мурда келип көзүнө көрүнгөндөрү сырттан башпаа-

нектешет, не арыдагы сөрүдө шандоо эрүктөрдүн көлөкөлөрүнө качырышчу.

Дубана эрте-кечте кирип, дартин териштирет. Көбүн эсе бул багымдат намаздан кийин жүргүзүлөт. Көңүлдөнсө дароо эле тамырын карап, ушундай бир ылымсаноо менен оорулуунун баянын айтат. Ташка тамга баскандай ырааттуу, көрүп-билип тургандай, же бир жүрүп сыркер болгондой божомолсуз, так айткансыган кезеңдер болот. Жанындагылары, кезек жетелектери ыкласмандыктарын көрүнө билгизгиси келип, шыпшыныл, сөз кошо албаганына армандуу тейде көздөрүн жалдыратып тим бо лушат. Көпчүлүгү тик карооно батынышпайт жана оюна да кел бейт. Тек адеп туткандан гана эмес мунусу, жигиттин кара ка шынын астындагы бакырың кара көздөрүнүн алоосуна туруштук бере албагандан деп түшүнсө болот. Кескин пикирин айтканын да, эргип сүйлөгөнүндө жалт-жулт эткен, жалын чачкан ирмем дерди кадимки чагылган чартылдагандагы сес менен салыштырууга болот.

Мындайда тамырын карматып аткан жубан тири укмуш жалынга кабылып, абырлуу, жылуу-жумшак колго арбалып, аста титиреп, мурунунун учтары, чеке-мандайынан чыбырчыктаган тер сызылат. Кулагы мүлдө бүтүп, авлия сезилген табыптын сөзүн угуп-укпай ыкрары артып, башын ийкегилеп, макул тапкандан башка аргасы калбаган кездер аз эмес...

Тегерете тиктеп алат да, бир жанга айтып атканын баардык ыкласмандарга орток кылып, нускап кийинкилеринин таржималын ордунан жылдырбай, убаралантпай бүтүргөн, айткан бүтүмдөрү да болот.

— Ыкылас-халас, киму-ким болбосун, ыкылас кылышлыгы абзел. Шон үчүн биерге кадам ташташтын алдында ыкылас кылышты ойлош керек. Агер Кудайга ишенбесе, мага ишенбесе, оңдо келиш кажет эмес.

Мисал сиз бала тилеп келип атасыз, күйөөңүз мойнун жар бердирбеди, ыкыласы жок, анда убара болуп кажетсиз. Асили экөө тең тилеш керек.

Кудай айтат: «Тилеген, тилек кылган бандамды наюмут кылбайм» — дейт экен. Акыры чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат. Чындап тилеш, чындап ыкылас кылыш парз. Кудайдын ичи бандасиникиндай тар эмес, ушундай кененки-кудайдын баласы баарына жетет. Гап ыкыласта, ниетте. Шончүн «Ниетиң-жолдошуң болсун» дейт.— Ким-ким болбосун, ниеттен табат. Ниет кылышык-улуг иш.

Банданин (пенденин дегени) оң ийнинде париштa, сол ийнинде шайтан турат. Шайтан шайтандигин кылып, азгырып, Парштa оозунуздан чыккан гапка бата кылып турат экен. Шончүн озду этияттип сүйлөшүлүк шарт, пакиза жүрүшлүк,, арам-адалы ажыратышлык парз.

Ырас, чын дилден ыкылас кылгандар биерге, Дубананын үйү кен деп, тек эле түнөп кетсе, дабаасы табылат. Мына караңыз, кыластын күчүн, шарапатын...

Бирөөнү ээрчип келбен, бирөөлөр барат экен, мен да барсам оло берет экен деп, бирөвнү туурап келе бербең. Ыкыласыңызды эрчип ниетиңизди, пикириңизди түздөп келиң. Ана, ошондо давасы табылат. Дардисар болуп үйүңүздөн чыкпан, шек кылбаңага. Дардисарлик жаман, дардисарлик өзүн дардисарликка апрат-шыпаасы бовойт. Сынабаң, сынайм деп убара тартпаң-мен ыналып бүткөнмүн. Ондойлорду үйүнөн чыкканда эле билип туам. Ондойлорго давам буюрубайт.

Менин баам элде-эл билет. Тамырым—элде, эл электен өткөрп бүткөн. Өзүмкүн эмес, ата-бувамын жолун жолдоп, иш кылан адаммын-мен, элге болсун деген адамдын баласымын мен.

Ким-ким дуктурдан даваа таппаса, башкалардан эм таппаса, уда атаа кылган экен ушул ишти-менин эшигим ачык. «Мени өрбөй койду, тамырымы кармабады, далыма камчысынын учун йгизбеди»—деген калтыс ойго кабылбаң. Баарына тегизмин ен...

— Ырахмат, ырахмат! — дешти улгайгандары,— ак сөз айтты ыз. Жашыраактарынын айтаарга оозу эп келбей, тилдери күрөлбөй, жүзүнө түшүрүлө салынган жоолуктарынын учун тиштеп, ллуулдоп, сыпааланып тим болушту. Эшик кыңкайта ачык болондуктан, айбанда төрт буттуу узун отургучтун четине көчүк бышкан Аширали менен Эмилбектер үчүн да. Дубананын «Керем, сага айтам—келиним сен ук!» — деген тариздеги кыйытмасы ардыкка бирдей шоотулганы белгилүү болду.

Арзып келгендер үчүн бул өзүнчө окууга тетедей сезилди. Дуана мындай кептерден кийин адат боюнча, күбүрөнө бата тартды да, шартылдай кадам таштай сыртка чыкты. — Эй балдар! — еди атайын табыштоо саларын айгактай,— кана жаңкы Токторай? Дейди басып кетпесин, карагылачы!

— Жана чаркар жакта жүргөн.

— Э, эмине кылат экен аякта? Темселеген кызыталак... Өзү аягын алып, ошоякка басты. Чочулаганын жөнү бардай. Дерде зү камап койгон Телмандык оорулуу келин бар эмес беле».

«Анын күчаласы күчүндө болчу. Эми адам болуп бараткан
батып албагай эле жиндери тиштешип... Бири-бирин эш тутка
ыроолонгон жиндер да болот. Тескерисинче «чымыны» өлүп ба
ратканда анысын тирилтип, өзүнө коюп алса, тамашаны ошондо
көр. Асили күчтүүсү жеңет да.»

Мээнет текке кетип, кайрадан баштоого туура келет. Су
жыгат кызталактар». — Заарканган Дубана жерди ое басчудан
айбаттуу кирип барды эле өзүнчө күбүрөнүп, тоо-талааны, аңды
дөңдү туш келди безенип сүйлөп аткан келиндин үнү өрт өчкөн
дей басыла калды. Кожоюндун миздүү бычактай жалтыр көзү,
колундагы табылгы таягы дептисин кайтарып, көздөрүн алачак-
мактантты.

— Эмне чатак? Эмне чатак деп атам? — Токторбайга карады
— Чатак жок аке... — Кичирип, бүшүркөдү өзүнчө.
— Чатак жок болсо, биерде эмне турасың? Же кароол койду
беле?

Таягын кыжынычтуу мыжыга карман койду эле жүрөк алды
дай ийинин куушуруп, жазгана калды.

— Мен сага акеминби? Сынап тиктеди. — А, аке экем да?
— Жо, адашып кетиптирмин. Кожоюнсуз, Дубанамсыз.
— Эми адашсаң эмине кылайын? Же жонуң ысыгысы кели
калганбы-а?

— Жо, жонум жайында эле, адашпайм таксыр.
— Адашсаңчы? — Нектеп, кекетип карады,— кокус адашы
калсаңчы деп атам?

— Ондо өзүңүз билин. Өз убалым-өзүмө. — Алдына түшүп жө
нөдү.

—Жакшы.—Үнүн жумшарта айтып, билинер-билинбес жыл
майып койду. Сыягы эсеби туура чыкканга окшоду. Атайылап че
гип көрдү. Кебинен кыйкым иле албады. Тигинин «торуна» түш
көндө дароо эле дөөрүп, «Төө» десе «Бээни» айтмак. Кудай жа
гап, оңоло баштаганынан бузулбаптыр.

— Катча! — деди карындашына,— Мына буга тамак берип ат
сынбы?

— И-и, бергем жана эле. — Сылтый басып кошумчалап койду
— ичип атат.

— Ичпесе айт мага. Суюгу жакпаса, «коюгун» кошо берейи
деп, таягын пеш кылып, кончун чаап-чаап алды.

Ушунча келим-кетимди узатып, тосуп алып, дасторкон салга
Катча. Агасы келгенден түйшүккө малынды да калды. Узунду к
-ну. от жагып, казан асат, тек гана агасынын келип калганына кур
-сант бир жаңы баарына жетишет. Кабак-кашым дебейт» жетиш
албай жатам-деп, зынарлабайт. адамдар келгенин дөөлөтү катар

Кечөөлөрү бул үйгө эч кимдер каттабаганын, эненси-экөө жа
ырлыктан, жалгыздыктан абыгер тартып, кудайга жалынып ага
ының келип калышын түндөлөрү кирпик какпай тилек тилеп чык
анын унуткусу келбейт.

Быйылкы көктөмдүн өзүндөй бул үйдө шаан-шөкөт артып, күн
күн алыс союштар союлуп, коноктор күтүлөт. Түйшүк артса,
ртууда кемиген жок.

Таң заардан суу себилип, эшиктер шыпырылат. Муну да бар
ыкка жетишчү Катча жасайт, же атайын ниет кылып, арзып кел
ын ыкласман жубандардын бири Катчанын колунан шыпыргыны
лып, «батасын алдым»—дегени эбебине себеп болуп, дартына
ун мурунтан шыпаа табылышы ажеп эмес... Асилинде бул ушун
ай.

Эреже катарында Дубана базарлардан калбайт. Жума күнү
ума базарга, ананкысында жекшемби базарга, допу-калпакта
ын жаңыртып кийип, көтөрүнгөн көтөрүнчөктөрү менен жеңил
рып оор кайтат.

Барганынан келгени бат. Бир күнчөлүк Ноокат базары ал үчүн
и аттамдай. Өзү айткандай, ооматы келишип турган адамга эм
кеп. Мындай чыкса, «Дубанам» деп аттуулар атынан түшүп,
дына тартат. Машинага түшсө, ири алдында бакылдап, борт
ын жөлөнгүчүн кармап кармабай, андагыларды байлеп алган өң
ү. Баарысы Дубананын оозун тиктешип, сөзүнө ыроолонушат.
иякка машина келе албайт эмеспи, тиги чоң жолго дейре алып
лип, сунган тыйынын албай, «Сиз бизге табериксиз» — деген
й, бөгүлүп-чөгүлүп кайра кайтканча шашат. Кээки керооздор
зарган көп барганын «Катын издеп барат» — дешет. Да бирөөлөр «Дубана
ймалар «пулу көптөн барат» — дешсе, бирер тым
катын жокпу?» катын деген үйүнө келип атпайбы» — деп сөз
лдырышат. Кимиси кандай айтпасын, Дубананы эл апарганы,
лайык өзү алаканына салып, жол берип атканы кашкайган чын
ык.

Адаттагысындай, демденип кайтат базардан. Келсе өзү ойло
идой эле жаңыдан, алыс-жууктан ат арытышып, кожоюнду куда
ндай көрүшүп, зарыгып күтүп олтурушканын Катча тартиби
нен кулагдар кылат агасын.

Көңүлдөнсө, алып келген дүр-дүйнөсүн четтен чубап, апасына,
(ыз киши ыйык дейби, оболу карындашына сунуп) көрсөтүп,
ндайдыр кымбат баалуу эндей жылтыр-жалтырлардын четинен
мчып кармап, «буям керек болуп калышы ыктымалдыр» — деп
рдемени шооткусу келип, тергеп айтып тим болчу. А көңүлдөн
гөн кездери тек гана «бу сиздики» дегенчелик кылып, апасынын
дына ыргытып, же жылдырып коёт.

Анан эле кандайдыр шашкалактап, түпөйүл оюна алагдыланып аткандай бак-бак этет:—Ке, Катча, ким экен жана кетем деп ат кандар? Чакырчы биякка.

Алар киргенче, өзү менен өзү сүйлөшүп аткандай, далысынан көрүп тургандай сырдуу телмирип олтуруп калат...

Бир жакка барарда да, келип да, ач күсөндөнүп чай ичпейт. Дегеле балжыратып ооз толтуруп, нан чайнанганын, тамшанып сокаттанганын көрбөйсүң. Нанүштөсүнө сыңар тизелей олтура калып, пиялада карандай суу ичкени бар. Мунусуна айрыкча кө нүл бөлгөндөй, купуя тамшанып коёт.. «Пайгамбарыман калган суу ичиш. Агын сууда гап бар...»

Батынып ооз ачып, «Эминеге тамактанбайсыз? — деп сураган дарга тайсалдабай жооптойт, нары бул даяр катылуудай: «Э, бир дин оокат берчүбүз бар. Баарын эле жей берсе, батпай кетпейби би өзүбүзгө. (Негедир «Мен» дебейт бул сыры өндүү. Ата-бувала рын кошуп айтканы) Асил,— дейт көңүлдөнө түшүп,— тамак жаныбарды көп жеген, тоё жеген күнөө. Тоёр-тойбос жеш керек Пандасина ушул жарашат. Тоюп жегенин, ашыкча жегенин — Кудайды тааныбаганың.

Лекин... — Ойлуу меселдетип, кесе-кесе чачырата айтат,— ач карын боло туруп жебей койсоң, алдына тарткан тамакты бул д күнөө. Не дегенде текеберденгенге жатат. Ырыскы улуг нерсе ырыскыдан качпас керек. Текеберденгендик-менменсингендик «Манманди» кудай кулум дебейт. Шончүн «Манманга — кудаа, күлүккө-чукур!» — дейт. Манманди кудай жазаласын дегени бу Асил «манманди» кудай өзү гана жазалай алат.

Орозо тутушлуг, намаз окушлуг, парз дагы, сүннөт дагы. Би рок, ошо орозо тутуш менен намаз окуштун көп-көп маани-жайла ры бар адам пайкабаган. Мисал сиз орозосуз. Бир жерге туш кела диниз шапа-шупа оокат жешип атат, кайта качышка мурчаңы жок. «Келин-келин» — деп калышты. «Колго суу бериштн. Төргө өткөрүп, кана алың, мейман!» дешти. Мындай учур ошо оозу ачык тар менен кошо ала беришлик шарт. «Мен-орозо элем» — деп четке чыга бербең. Нимеге дегенде ошо адамдардан айрымалан ган болосуз, өзүңүздү өйдө тутканболосуз. «Манманга жол бер сиз. Көрүнчү ырыскынын улуулугун! Мындай учур ырыскы «ман мандан» качат.

Бирак, аерден чыгып алып, орозоңузду тутуп алып кете берип «мен ооз ачып алдым» — деп, өзүңүзгө шек келтирбең-халас...

Ниме гайып? Ырыскы — гайып, нике гайып, өлүм гайып. Үш үч нерсе гайып. Ким каерде, кантип өлүшлүгүн билвейт, каерд нима оокат буюрганың билбейсиз. Каерден кимге никеңиз буюру

-анын билвейсиз. Шончүн гайыбынан келген перседен баш тар-ышлык бовогон иш. — Ойлуу турпатында алаканын жайып, өз уроосуна жоон издейт.

Мына бирарки молдолор бар. «Шапке кийбе» дейт. Шапке кий-енди күнөөгө жыгат. Акыры шапкени ол ойлоп чыккан жок да? аманабий болсо, заманы талап кылса заманына жарашса, кие ерин, күнөө болбойт. Өкматтин иши ыйык, жолу улуг өкматтин. Шончүн «Өкүм паша-уважип» деп айтабыз.

Гап шапкеде эмес, гап шапкени кийген адамдын өзүндө. Гап илде демахтур. (Сыягы окуган адабияттары өзбекче болсо керек, усулманча каада-ыкаяларды айтканында тили чалыштап, же өз-екчеге бурулуп кеткен учурлары болот. (Шончүн дининди бер-ең да, дилиңди бербе дейт. Дилди карма халас... Колуңан келсе, рус менен орусча сүйлөш, тилин бил, аалым бол. Бул күнөөгө катпайт. Масалани айтыштын эки таманы бар: билсең айт жана ууру айт, Мусулманчылыктын атынан сүйлөгөн адам жүда этият олушлугу абзал. Болвосо, «чала молдо дин бузар» деген келип ыгат.

Дилазардан безе кач дейт. Ниме күнөө? Адамдын дилине азар ерген катуу күнөө. Адамдын өзү улуктун мисалында адам көңү-уям жүда улук, ага жөндөн-жөн азар бергендин күнөөсүн кечиш ыйын иш. Бир адамдын көңүлүнө азар бергендик-адам өлтүр-өндүк менен барабар)

Буга дейре бир беткей масала укканбар «Тооба?» — дешип, рүнөө таң калышкандыктарын жачырбай, тэңүлдөнө суроло-ун жаадырышат Дубанага. Анын ою так жана айтаар сөзү чет-ен камдалуу. Качан, каерден сурасаң көңүлгө уютарлык кылып йтып бере алат...

«Масаланин баари Дубанамын чөнтөгүндө экен, эй? Атанын аласы да-а? Окуду бекен, же Алла-Таала сыйкырлап, дилине са-а берди бекен-а?... — Тандайын такылдатышып, турпатын ыраа-ылык уялап, көкүрөгү тазарып, жеңилдей басып кетишет быйыл-ы көктөмдүн аруулугун эми туюшкандай...

Шапке туурасындагы маселеден соң, Аширали менен Эмилбек купуя ыраазыланын, кандайдыр өзүлөрүн күзгүдөн көргөн екилдүү. Кожоюнуна делиңген көңүлдөрү баш-аламанданбай, ир беткей сыпатталып ишеничтери бекемделе дилгирлиги артып арат.

«Барбайм, өзүң кошо бар» — деп, кыйыктанып атып аран кел-еди беле. Эми анысын унут калтыргысы бар эстөөдөн кадимки-ей уялган таризде, Өз ийнин өзү казганы нйги да. Канчагачеле арыган энесин бучкактап алмак жүгүн артып. Өткөн келгенинде а, энеси даярдык менен келбединби. Жазга деген картөшкөнү ач-ырып, нукул тазаларын каптатын, эшекке жапма салдырды да;

Эмилбегин мингизип алып, Дубананыкына чыгып келген.

Түшүрүп атканда Дубана такыбасы баланы туңгуюкка кантап, кетпеген жеринен тер кетти анысын айта албай.

— Кимдики? — деди Дубана кампирдикиби, же сеникиби? Айтып коюн кампирдики болсо албайм. Сеники болсо, ашпанчилик үчүн алам. «Меники» десе деле кутулуп кетмек эмес. Бутакты тамырлатып ийчек «Ооруп жүрүп кайдан картошко эктың» — деп, А жалган айткан — күнөө деген.

Анан кайда бармак? Бултандаса да, буйтаса да, кожоюнунун тузагында туру. Так жообун айта албай, (Апамкы десе, албай койсо, эми түшпөсө, кимге зыян? Айланып келип, өзүнө зыян, бир кызарып, бир бозоруп туруп берди. Түшө калып качкысы да келди, антсе, бүткөн ишин бүлүндүрүп аларын, Дубананын наалатына кабылаарын билип, чыдады бечара.

Акырында тамашасы бүттүбү, же бул иште атайылап кылдыбы, баланын чынчылдыгына назары артып, жарны жазыла басып кетти: — Майни эми түшүрө бер, ашпа болуп калбадыңбы...

Эми мына эки күндөн берки көргөндөрүн, көкүрөгү туюнгандарын апасына сүйүнчүлөп барууга даяр. Апасынын жетине албагандан кубанып чыкчу үнүн уккусу бар. — Алдыңа кетейин ошент сең. Отко айдаса, бокко каччудан болбосоң — адам бол деп атпаймынбы, алдына кетейин. Мени канчагаче мандайыңа байлап бермек? Өз киндигинди өзүң кесип үйрөн—деп атпаймынбы, ата.

* * *

Баягы байлануу келин бошонуп, чыгып алыптыр. Билгенин дей дуулап жүрөт. Жыргагансып кыңшылап ырдаганына кантесиң. Тандырды айланып күлдөбөдөгү парларди терип, ырахаттана каткырып, үйлөп учуруп кайра тутуп алып, өзүнчө алаамат дүйнөдө. Эч кимдерди көрбөйт, эч кимди уккусу жок.

Дубана башын чайкап каңырыгы түтөдү: —

— Мунуку пар жин. Көрдүңбү тооктун парлари менен ойногонду. «Пар тийген, пар урган» — деп, ушуну айтат. Бечара каеринен жаңылды десең, жаш жанында? — Чыдап тура албады көрүнөт, туруп кетти таягын көтөрүп,— минтип пар кууп баратып. аңга түшүп кетсе эмине болмок-а?

Барып колтугунан кармайын деди эле келин бежай күлүп, «Гүлдөрүм, гүлдөрүм учуп атат, терип алайын!»—деди арсалаңдай.

— Эмине чатак өзү-а? — Колун силкип кармады. — Кулагы эми ачылгансып, дандаарып туруп, Дубананы тааныгандай тайсалдай түштү.

— Урбаң аке! — деди,— Урбан!

—Сени уруп болобу, алдыма түш-деди Дубана, —гүлдөрүндү таанытып коеюн...

Бул күнү түштөн кийин жамгыр жаады. Көпөктөп куюп, чагылган чартылдап, анан бат эле ошол чартылдактын изин кууган жамгырдын багыты бир жактарга оошуп кетти окшоду.

Булар айбанда чогуу турушкан. Узун бойлуу, мойну куркуйган Кичи-Алайлык жигит эчтекеден эчтеке жок эле жер тепкилеп, кыйкырып калбаспы.

—Суу келатат, суу!—Энтигип алган,—Качкыла-а?

Аширали Эмилбектер чочуп кетишти «Сел келатабы?» —дешип, тияк-биякты этияттана карашты.

Дубана «шашпагыла» дегендей ишаарат кылды. —Бул өзүнүн жинин чакырып жатат. Мунуку суу жин, суунун пири урган муну. —Анан кейингендей—аттиң ошондо мунун оозунда калмаси болбогон да? «Бисмиллаирахманирахим» кирген эмес, билсе оозуна алабы? —Башын чайкады.

Көздөрү баягыдан алданемедей кызарып, коркунучтуу тегерепип баратат. Тек койсо, өзүнөн-өзү качып, уу-чуунү салганы калды. Кокус «дыр» коюп. жөнөп берсе, төө куштай немени ким тутуп келмек?

Дубананын жаалы келди. Өзүнүн үйүндө, көз көрүнөө кутуруп турганы эмне деген кеп?

—Кана суу?—деди жакындай басып, суу кана?

—Мына, мына!—Куру жерди тапталады.

—Кана, көрсөтчү!

—Мына, мына!

Ушуга удаам «карсылдатып,» сабап калды.

— Кана депатам? Кана?

Давердес неме кубаттуу урулган таяктын соккусуна эчтеме болбоду. Бар болгону теңселип барып оңолду. Кирпиктерин ачып-жуумп акылын пештеди. Энтигип-энтигип алды.

— Отур тиерге! Жылып көргүн, көзүндөн сууңду чыгара коюн.

— Бакыракай көздөрүн тигиге кадап. кыйлага сынап тиктеди. Шылкыны куруй түшкөнүн, оолуктурган деминен ажырай калганын сезген соң, «жаңысында» окуш керектигин эсине алып, арык боюна басып кетти.

Аширали менен Эмилбек кожоюнун узата карап. «Түштөн кийинки зыяратына кетип атабы?» — дегендей ойго кетишти. Адата Дубана аеринде кудум бирөө менен сүйлөшчүдөй, кенешчүдөй тариз карман, кайра келээри менен кандайдыр чечкиндүү, олуттуу боло түшчү. Башкача көрсөтмөлөр берип, бая айтканынан жанып, бөлөкчө пикирге такалганын жана ушундайчасы туура болоруна чечкиндүү экенин купуя билдирчү...

Арык бойлой жогору басканын ар кандай боолголосо болот. Жыттуу самындап мойну — башын жуунуп, сергип кайтат. Даа-

рат алып, намазын окуйт. «Тук» этип, адамга көрүнбөй уктай тур
ган да жайы бар окшойт сыягы. Айтор аерге жуунууга ылайыктуу
суу боюна коюлган буюм-тайымдарына эч ким тийбейт, койгону
койгондой, илгени илгендей турганы кызык. Курсактары кампая
тойгонуна эле каниет кылган мындай кездери ким эле раксамын
дап жуунуп калсын? Пулдар дешсе, пулдар, ары даражасы ашып
аткан Дубанадан башка кайсыл эр көкүрөк азамат кепен-чонон
карманып, узун-туурасынан жатсын? Асмандагы Кудайдан, жер-
деги Дубанадан коркпогон кайсыл ашынган неме ыйык адамдын
буюм-тайымдарына кол салсын? Жакшылык бетин көрбөй, сунул
ган колу сунулганынча кыймылсыз катып калбайбы анда. Эртең
эле чейинден чыкканын, жаңылып—жазганын ыйлай-сыктай
айтып, (Кандай ниетте кантип алганын Дубана жазбай көрүп
турбайбы далысынан?) жетия келээри анык эмеспи...

— Жо-жо-ок, көр пенде жаңылган эле эмесси-ин, сынагың кел-
ген. «Укуругу канчалык, карамати канчалык?» — деп атайылап
кылгансың. Мунтип колуңдан албаганда көрүнгөнгө аңыз кылып,
(Эшекче бакырып дегиси келди) ушу сен жар салмаксын, көр
пенде!... Башын төмөн салып, ойлонуңку турат да кобурап коет,
— а сурап бакпайсыңбы илгери Зикир-Төөнүн Шамурат Дубанага
таш атканда эмне болгонун. Ат чабым узабай, калдаси өзү «Көр
чүрүп кетем» — деген өрүктөрдүн башында калбады беле денеси
ат үстүндө кетип...

Көр пендеси үргүлүп, агылып-төгүлмөк: — Адашыпмын, Дуба-
нам! Алдына келсе, атаңдын кунун кеч дейт го, сиз бар экенсиз
келип олтурам. Болбосо кимге бармакмын, майып болуп калмак-
мын, неге алым жетмек. «Чүф» деп, дам салып коюң, алтын да-
миңизди.

Дубана айкөлдүгүн карматып: — Майнп эми... — дейт саал
жибишкен тейде—көр пенде сенден кетиптир, менден кетпесин
Амалейки, дагы адашсаң, өз башың өзүңө көрүнсүн.

Бу чөлкөмдө мындайлар да, боло келген. Дубананы сынайм
дегендер өзүлөрү сынып, жети өмүрү жерге кирип, элге —журтка
дүң болгон бирден мисал. Дубананын карамати көптүн оозу-
унда аңыз болуп айтылган. Анан кайсыл эки баштуу, балта-теше
өтпөс адам Дубананын чөбүнө залал келтирип, арпасын кам оруу-
га дит баксын?!...

Аширали, Эмилбектер кожоюну келген жакты көз талдыра ка-
рап, кандай сыр менен кайтаар экен дегендей. Катчанын жумша-
ган жагына элпек чуркай калышып, кайра өрүктүн көлөкөсүнө
атаандашкандай жетип келишет. Тайрандай олтура, тура калыш-
ып, көргөн-билгендерин ортого салышат: —Эй, мен билди-им,
—дейт Аширали сүйүнчүлөгүсү келип, «Кичи-Алайлыктыпчы?

—И-и, эмнесиң билдиң?

—Дубанам айтканы тупа-туура экен. Беде сугарып жүргөнүндө
тийген экен. Күн-түндөп сугарып, бедеден чыкпаптыр. Ошондон
ооруга чалдыккан тура, өзү айтты азыр.

—И-и...

— Чамасы сууга саара кылган окшойт, мен ойлоймун да...

—Ирас, ирас. Болбосо кантип эле... Беде сугаргандардын баа-
рысы эле жиндеп кетпес беле, а-эй?

—Ананчы... Калма келтирип жүрүш керек эле деп атпайбы Ду-
банам. Сен калма билесиңби а?

—Билем. Калма билбеген биерге келеби?—Эмилбек саал
көтөрүлүп койду.

—Жаңылдың сен!

—Эмнеге жаңылат экем? Билгенин билем дейт да.

Билебиз деш керек. «Мен» деп атпайсыңбы сен. «Мен» деген
мусулманчылыкка жатпайт, тооба» келтир а көрөкчө.

Эмилбек чын эле кооптоонуп калды. Тигиге сыр билдирбей,
«Тооба» —деп, акырын шыбырады бирөөлөр тыңдап тургандай.
«Калма эле эмес, арапча окугам» -деп айтып жибере жаздап, ба-
ла кезиндегиси (Мектепке бара элек болучу) эсине түшө калып,
өзүнөн өзү уялып, кичире түшкөндөй сезди өзүн.

—Кудайдын алдындагы парзымдан кутулайын! -деп, кыйык-
танганына карабай, Кошчандын оозундагы (Мындагылар ушун-
дайча аташат) өрүкзарлуу, бак-шактуу үйгө келип түшүшкөн.
Жайлоодо эмес беле. Карабашыл кой жетелеп, атайын камдаган
дасторконун көтөрүп, чарпайлуу келишкен. Эмилбеги торго түш-
көндөй, пысып тымпыйып олтурду. Көрсө, энеси ар качандан бир
качан какшанып айта жүрчү Паша Кожонун үйү ушу тура.

— Ушу кенжемди сизге тапшырайын дедим, Кожом! Беркиле-
римди бере албагам. Өлсөм, сөөгүмдү агартып, дуба окусун. Са-
батыңызды аябай, көзүн ачып коюң, өзүңүзгө туттум баламы.

Кожо чикийген, таза кийинген сөзгө дыйкан адам экен. Не
ыраазылганы, не салты ушундайбы белгисиз башын ийкеген:
—А-а, эжем-а!? Куру эле келе бербейсизби. Мен сиздин ниетиңиз-
ге эле сөөгүм агарып турат чынын айтсам... Калп айтпасам, Ко-
коюп, убара тартканды биринчи жолу көрүшүм. Кудайым ниетиң-
изге берер куда кааласа...

—Куру аякка бата жүрөбү, Кожом. Албасаңыз капа болом.
Бирөөнүн баласына арип таанытып, агартып-көгөртүш оңой бек-
ен? Чынын айтсам, илимиңизди сыйлап апкелдим берү тезекти.
Илгерикилер айтмакчы, эти сиздики, сөөгү меники, окута бериң
Кудай жалгагыр.

Кожонун Эмилбек тендүү Жусупжан деген баласы бар экен. Экөө бат эле тил табышып, оңуп калышты. Күндө бир маал арапча арип окутат. Кожо такыба, талапты катуу койгон адам экен. Эмилбекти мактаган болот да, баласын иттен алып,итке салып жемелеп, муну менен беркиге сөз чакытып, купуя тартипке чакырат. «Ушундай кааданы кармангын» деген тейде. Тигини жемелеген сайын, Кожонун ар бир ишааратын өзүнө ала түшүнгөн бала ынтаасын коюп, эмне десе илгиртпей илип алып, үйрөнгөнгө тырышты.

Баса, Кожо оболу бир ариптин айтылыш эрежелерин, айтуу, үн жасоо ыкмаларын, канткенде үндү төкпөй-чачпай колдонуу зарылдыгын дыкаттык менен үйрөтүүнү колго алды. Өзү жасап көрсөтүп, анан булардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн, үндөрдү туура, жасоо бөтөнчүлүктөрүн текшерип чыкты. Эми башташ керек эле.

Кожо үн кубултуп, кырааты менен «Бисмилла-ир-рохман-ир-рах-иим» деди. Экөө эки бөлөк үн менен кайталашты. «Тамагыңарга салып жоонойтуп айткыла» -деди мунун өзүнчө сыры бар экенин табыштап. Эми «А-уу-зу» ну жасоону билебиз. «А-уу зубилл-ахи-минаш шай-тоо-нир ажим», Балага Кожонун кырааттан ган үнү жагып калды. Кайталашты. Анан ар бирин өзүнчө кайталатып, кырааты менен айттырып көрдү. Айтор, бул күнү Кожонун: «Бир бисмилла-а» бир миң кырк жылда бинаага келген экен деген сөзү калды.

Андан соң, «Алиппеге» өтүштү. Алгач алты ариптн жазып, өзү окуп берди. «Алип», «Бе», «Те», «Се», «Айун», «Гайын»..

Эртеңкиге дейре ушуларды жаттап, кооз айтканга көнүкмөк болушту. Кошчандагы күндөр көңүлдүү өтүп, иш жакшы кетип жаткан. Келгин куштар толо баштаптыр. Айрыкча өрүк бышык маалына жетип келишкен чыйырчыктардын баш-аламан үндөрү кулактын кужурун алат. Гиластардын тергенден калгандары кара кочкулданып, бөрсөйүп, сөөмөйүңүн учу тийсе, кып-кызыл шире син чачыратканы турат сабагында салаңдап...

Тоодон, жайлоодон келген Эмилбек табылгыс берешен дүйнөгө кабылгансып жырган калды. Мусулманча сабак алгандан тышкары өйдөңкү каналга чыгышып, иримдирене бой ташташып, эркин каалашканча кириншип, оңуп жүрүштү.

Күндөрдүн биринде коңшу балдар келип, укмуштуунун үю жорго болуп, карта ойноп жатышкан. Жусупжан адеп кармап, негедир оюнга кошулгусу келбеди. Бирок, бирөөлөрү кыйынсып, чоң кишинин сөзүн сүйлөгөн болуп, кепке жыкпаспы. «Короонго келгенди кет дегениң да» — дешип. Анан эле ойноп калышкан бака-шака түшүп. Эмилбек билгенден, кызыккандан бир нерсеге

кызыгып, күлкүсү келди. Карталарда эмчеги гөзөдөй катындардын көкүрөккө чейинки сүрөттөрү бар экен...

Оюн кызыгы канчага чейин созуларын ким билсин, төбөдөн түшкөндөй. Кожом пайда болду да, экөөнү бурдап кармап, чалабула какыс-кокус кылып, тарсылдатып жиберди: — Ким үйрөттү силерге шайтандын оюнун, ким?— деди жаалы чыгып,— молдонун баласы кылаар ишпи бул-а? Жүр атаңын астына, сүйрөп гана барып көрсөтөйүн кызыталактарды. Каапырдын ойнойт имиш...

Тырбалаңдап атып, беркиси колунан чыккандай. Молдо абанын гана баласын дыргаяктатып, жөнөп калды. Жөжөлөргө айрикуйрук тийгендей, жанагы топ тозуп кетти. Эмил артынан куугун түшкөндөй тызылдап, чуркап тегирмендин астына келип калганын бир туйду. Коркконунан көздөрү ала-чакмактанып, буту-бутуна тийбей, эми артын карабай, караса эле колго түшүп калардай сезилип, ылдыйкы үйүн көздөй качып баратты.

— Даги бирдин үстүнөн чыккансыңар го шоктугуңардан? Бекерге үркөн немедей күйүгүп келбегенин андады окшоду жеңеси. «Сиздин үкөңүздү тутуп алып, апкетти атасына» — дегиси келди. Антсе, дагы кыйлага кейигидей. Ансыз да, өзүнүкү жетиштүү—жүрөгү кабынан чыкчудай бейчен түрсүлдөп, энтиккени басыла элек, тамагы ачышып турду...

Тоодон апасы келгенинде окуянын дасторкону жайылды эле, кайрадан дуулдап алышты. — А, Кожом-а, тезаптык кылыптыр да, мусулманым! — деп, өзү кошо кейиди,— бала да. Ойносо ойноптур, мындайга киришип не кылат?...

Бирок, «кайра алып барам» — деп катуу чамыды. Эмилбек эт-бетинен кетип болбой койгон «Урат» дегенин бир айтып бир койбон, эки айтып эки койбой. Анүстүнө жеңеси «Эки-үч күн уктап атып, чочуп ойгонуп жүрдү» — деп. балага болуша кеткен.

Аширалига ушунусун айта албай ыктыткандай таризде. Айтса, «—Эй, сен көп кокуйдун үстүнө суу куйган окшойсуң» — дегиси бар. Несин айтып мактанмак. Коркконго кош көрүнбөй, анасынын тилине кирип кайра барса, Кожонун илимин алып, көзү ачылып, адам болмок. Балким, Кожонун колдомойлору жөлөп-таяп, узак ооруга чалдыкмак эмес, ким билет...

X X X

Бугу айынын аяк чендери беле, айтор табигат мурдагысынан артыкча күлүп, күйөөлөр кыз мисал жадырап турат. Чөптөр тушоого чаап, беде аянттарынын озунуп гүл ачкандары кызгылт жашыл кырбуусун желге теңселтет.

Шандоо жерлерди тилип, Дубананын үйүн жандап өтчү тазарта чабылган арыктагы суу булак суусундай тунарып, бир кылка булдуруктап, кулакка үйүр. Тил бүтсө, сүйлөп ийгенге куштар.

Эки апта өтүп барды Эмил.

— Апаң жүрөбү тең-жаны сак? Жол карайм, ана келет, мына келет деп, деги эле адашкансып, келбей койду го? — Сейдана кемпир калбаат карап, сөз узатты.

— Апам «дуба» деди сизге!

— Дубасы дуба болсун. Дасторконго жакын отур. Тартынба, өз балабыздай болуп калдың...

Нарыда сулкуйган бирөө уктап аткан, коңурукту коштоп тартып. Башына чүмкөгөн купайкесин ала койсо, Токторбай экен.

— Эне, эне! — деп калды каадалы, соо адамча,— түшүмдө самалетум учуп кетти. Менин самалетум экен, мени карабай эле өзү учуп кетип калды...

Сейдана кемпир сүзүлүңкү тиктеп, кубаттай козголду.

—Кудайым бериптир сага. Мээнеттен арылыпсың. Сени тайтайлаткан, ташпишке салган мээнетиң учуп кеткен турбайбы айнанайын,— эми алтын башың аман болсун Омийи-ин! — Бата кылды күбүрөнүп-шыбыранып, табышмактуу сөздөрдү ичинен кайрып. Баарысы кошулуп бата кылышты.

Токторбайдын ирең-башы оңоло баштаганына кыйла болгон. Аныкын Дубана «Дөбө жин, дөө урган муну. Шончүн дөөгүрсүп, мас букадай жүрөт» деп, тастыктаганы бар. Дароо оңолбойт, узагып барып айыгат деген. Мына эми адам болуп отурат. Оболу карандай сууктукка салды. Анан күрүч коштуруп кайнатып, аздап туз салдырып бердиртчү. О дем менен бу демге аяк бошотуп, шаулдатып ичип турду. Карт кекирип, анысын коштогондой «Кудага шүгүр» — деп басып кетчү.

Ушу тушта сырттан шабырт угулуп, ал Дубананыкы экени үнүнөн таанылды. Катычага зиркилдеди окшойт:—Кана жаңкы арбак ургур?

— Ким, Токторбайбы? Уктап атат үйдө.

—Кантет, беймаал уктаган кайсыл дабдыр ал? Энесинин төрү бар бекен уктай турган? Бешикке бөлөп эле койбопсуң бир жолу.

— Мына, чыгып атам! — Токторбай элпек козголуп, астанада бет келе калды.

— Эй, сен... Кудайдын алдынан жылаңаяк качкан неме окшойсун, жөнө ишине.

Моюн созуп, карап, Дасторкон четиндеги Эмилбекти көрүп: — А, мейман! — деди, Ашина сен жүда серкат болуп кеттиң го?

«Мейман» мойнуна чейин кызарып: — Окуудан бошобой... — деди араң үн чыгарып.

— А-а, оягы бар. Окуш керек. Амалейки сен... — Таягының үчүн тиктеп ойлонуңку унчукту,—сен окушуң керек, жолуң ошокта сенин... Эмилбек ашуу ашкандай, жанагы кыйналуусунан бошоно түштү.

—Жүр сен дагы, Аширалинин жанына бар жалгыздап атты эле. «Аширалинин жанында иш кыл» дегенин түшүнө койду. Өйдө болуп эшикке чыкканча шашты.

Кемпир кыңырылып калды: — Чай ичип албады бир жолу.

Дубана өйдө жагына бекер барбайт тура. Көктунун аркы белесине келиштирип туруп, үй салганы калыптыр. Буларга кыш куйдуруп, үйдүн жайын саздатып, анан калса чөп ордуруп, иш кыжып атканы байкалат.

Өткөнкү «Суу келатат, качкыла» — деген палбан суу-мууну жоктобой, кадыресе адам болуп, белчесинен ылайда жүрөт көзүнөн башкасынын баарысы ылайга бастырылып.

Салам айтып, анан: — А, дегиле! — деди өспүрүм.

— А деп атабыз. Кел ашина! — «Ашина» деп, кожоюну гана айтаары белгилүү эле.

— Бисимилла-ир-рох-маа ниррахим: «Иштин башы илгери, алдык ашиналар и,— и!?

Бешим чендери эле. Булар түш оой, тамакка келишип, өрүктөрдүн түбүндө аркы-терки суналган боюнча уйкуга кетишкен.

Экөөнү Дубана өзү ойготту: — Те жерге чаап барып, Токторбайды карап келгилечи! — Келкинин аркы четин колу менен жаңсап,— жокко арбак ургур, уктап-суктап калганбы дейм?!

Эчтемеден бейкапар жайдандап, биринен бири өтүп, жалгыз аяк жол менен жетип барышты. Арыктын кырында не топ таш, не «Уюм тууду» ойногонсуппу. Телмандык келин экөө шатыра-шатман отурушуптур. Буларды көрдү-көрбөдү ким билсин жанаңкы ырабдайынан тайышпады.

Көрүп коюп, баса беришти. Кандай барса, ошондой бачым келишти.

Кожоюн ары-бери басып, булардын кайтышын күтүп турган өңдүү:

—Бар бекен? —деп сурады.

— И-и, бар экен.

— Өзү элеби, же бирар-жарым адам барбы жанында?

— И-и, алиги келин... — Желкесин кашынды Аширали,—атын өчкүр ким эле?...

— Ошо-экөө отурат сүйлөшүп, — Эмилбек тигинден мурда сүйүнчүлөгүсү келди. — А, түзүк. — Дубана кейигендей,— мен ал арбак ургурду жоктоп атпаймынбы каякка житип кеткен? деп. Берки арбак ургур да барып калыптырбы табышкансып-а?

—Эмине кылып отурушуптур?—Сынагансып кайта сурады.

— Жөн эле ойноп отурушат. «Уюм тууду» ойноп аткандайбы?

— Жо, андай эмес! — Аширали аны нукуп, бырс эте күлүп койду,— Уюм тууду ойнобой эле...

— Чакырдыңарбы келсин деп, атат деп?

—Жо, көрүп коюп эле баса бердик. «Сиз карап келгиле» эле дегениңизден...

Кожоюн арсарсып кыжаалаттуудай: — Баргыла, кайта чаап барып, абдан көрүп келгиле, эмне кылып отурушту экен? Анан чакыр арбак урганды, чакырып атат де! Кыргакка жетип барыш са, келин шарактап күлүп, Токторбай «Бара бергиле» — деген дей, колун тескери булгалады. Келиндин тизесине отуруп алган өңдүү этектери менен жаап, келин арыкка кынтая калганында каткырып, чачтары саксайыңкы, улам ардемеден дүйнөкапар.

Чабармандар көргөндөрүн айтып келишти.

—Арыктын ичиндеби?—деп, Дубана тактап сурады. —Кан тип отурат?

— Аширали: — Тизесине отургандай отурат» десе, Эмилбек «селкинчек тептиргендей отурат, каткырып коёт» — деп, кошумчасын кошту төкпөй-чачпай.

Кожюн кыжынып, «келсин арбак ургур» —деп, таягын мыжыга кармап туталанып атты. Токторбай кыйлада басып келди элтеңдеп. Дубана сөзгө келбей эле жон талаштыра касыратып салып кирди. Экинчи чапканда таягы экиге бөлүнүп кетти эле, аныкын ала коюп, дагы сабады.

— Кимдин эшигинде пок жегенинди билесиңби айбан! Эмине пок жеп аткаңды билдирейинби сага?

Уруп атты. Сүйлөнүп атты:—Кантын сен ур, балээсин Дубана тартсын-ээ? Акылын таба элек нерсени адаштыр.

Токторбай бая биринчи соккудан кийин ачуу кыйкырып алып, тим болгон. Буга өзү гана күнөөлүдөй, тилин тишине басып, чыдап берди. Бул үйдү кожоюн бийлегендиктен, эч ким эчтеме деп, арага түшө алган жок. Бияктагы касыраган дабышты, шоокумду сезип калганбы, Катча чыга калып, «Аке, болду эми» — деп, үн кошкон болуп анысынан өзү чочулагандай, кайра киргенче шашты.

Аширали, Эмилбектер балээнин түпкүрүн эми аңдагандай, кандай ишке күбө болушканына зааркангандай, төбө чачтары тик турду. Не коркконун, не Токторбайды аяганын ажыраталбаган түйде эс-мас.

Дубана бөлүндү таяктарын чогултуп алып, нары басып кетти.

— Кет эми! — деди чаласы калгандай кайрылып.— карааныңды көрсөтпө. Менин эшигимден дабаа жок сага, кандай келсең — ошол кейпиңде кет...

— Кетем, кетем... — Араң айтканга жарап, көңүлү азгандай, ирең-башы кубулуп, отура кетти...

Баарысына чыдады эле, Дубананын акыркы-бата сымал сөзүнө чыдап туруштук бере албады окшойт...

Келкинин берисинде түйүнчөктөй болгон келин «гүл терип»,

зыңкылдап ырдап жүргөндөй...

Айкан эне ийик ийрип отурган.

— И-и, барган жерлер кандай? — деп калды ийигин токтото коюп ач болдуңбу, ток болдуңбу? Ыранын түктүйөт?

— Сейдана эне дуба деди. — Бурк этти.

— Дубасы дуба болсун! Отурабы тынч-аман?

— Отурбай... Баары жакшы. — Кабагын түктүйткөн, көкүрөгүн өйүгөн-жагымсыз окуяны айткысы келбеди. Анын эмнесин айтат, кантип?

Деген менен баласынын түпөйүл тарткан, ички буроосун андабай койгон жок. Көңүлдөнгөндө өзү тиш жарар дегендей, тек кой ду.

— Дубана үй салдырып атат. Кыш күйганга иштедик.

— Үй салдырып атат? — Ийигин токтото коюп, таң калгандай сурады.

—Ы-ы... Быйылча үйгө урунбай эле койбоптур балаң түшкүр.

—Ылайга иштеп, ичиң ооруп калдыбы же? Кыйналдыңбы?

— Кыйналчу беле ошого. Мен эле дейсизби, иштегендер көп менден башка.

—Алиги дүңүрөйгөн кара бар го, Дубанамдын эшигинде жүргөн Токторбайчы, апа?

—Ы-ы? Сакайганбы ол?

—Сакайган. Ошону Дубанам ираса урду да, табылгы таягы сынып-сынып кетти. Токторбай аябагандай күчтүү экен. Акырында ыраңы азып, отуруп калды.

— Мынча урат аны?

— Билбейм, бир чаки иш кылган окшойт... Кеткин деди. Кетирип нйди. Токторбайдын кеткиси жок эле, ошонусу жаман болду.

— Чаки болуптур. Дубана дубасына күчүн чыгарбай, таягына чыгарыптыр да?....

— Ошондо-ой бирдемке болгон деди-им. Ошого ичиң ачышып атабы?

— Ачышпай?... Сойлоп калды бечара...

— Кудай тапсын. — Санаалуу унчукту,— сен деле барды — келдиңи кой балам. Дубананыкынан ардемени, көрө берип, жаман-жакшыны, өйдө-төмөндү көрө берип, кийинкилигиңе ишкаш ашырба. Кудайдан башка арга жок.

—Өзүңүз апаргансыз да?

— Өзүм апаргамын, өзүм кой деп атам. Ушунучалыгына шүгүр.

О кийин барып коёбуз барсак. Барбасак жок.

Баласы: «Дубанам жүгүн таштап койсо, кайра эле маа кыйын болбойбу»—деп айткысы келди. Бирок, антелбады. «Энең менен акыйлашасың да» — деген ички туюму кол көтөрүп, угуттай өнүп, ал андан капилет корунуп, ичтен тынып, тим болду...

Түпөйүл боло берди: Көңүл калдылыгы бар эле, жалтырак сезимдерин мокоткон көңүл калдылыгын бир жаңсыл кылган, аерден ашырган изги ниеттер да, жок эмес эле. Ал изгилик аңдаты бүгү айындагыдан купуя шаанн, менен алышын, сыркер сыры Эмилоекти кадимкиден алдастата турган...

Канткени менен эне бала мындан кийнги кесилген сөздөр соңку бир учур капра уланаарын билишкен жок.

Кеч күз болчу. Эмилбек өзүн токтоо карман, бийлуу барды. Бул барышы тек гана катнашты үзбөө, пары кожо көрсүгө экенин алар деле алдыртадан сезишкенден, «келдиң-келоедиң» дегенге токтолушкан, сөз кылышкан жок.

Дубананыкында өңчөн сентаанышгар бар экен. Мурдагыдай кыжылдаган адамдардын келдим-кетими сууган өңдүү. Тек гана, жаңы үндө жаңыча каада кармалып аткан окшоду. Мурдагысындай эле Дубана үйлөнө элек экен. Катча гана бир аз толуп, кайкен менен өз ишин аткарып жатыптыр. Сейдана кемпир кеп арасында Токторбайдын үңүнө барып, бир топ жүргөндөн кийин кайтыш болгонун кейин айтып, тим болду. Катча сыркагансын: — Колуман көп ашымы ичти эле (каннатып берген сууктугун айтып атат) жашап түшсө болмок балаң түшкүр- — деп, ичи сыпырылгандай экенин жашырган жок.

Башка эч кимдер көрбөгөн-билбеген ал эмес, эсине албаган тейде. Дубанаыкы дегенде жарганаттай жаныи чанчу Аширали да, көптөн бнерге кадам баспайт окшоду.

Түнү келип токтоп турун калган кеме сымак узун айбандуу Дубананын үйү жаныk көктунун оул бетинде пеншанбанын жаркыратын, алыска караан берет. Нарылап малкана, тооккана жана башка кааналар ирети менен жангашкан. Чөптү узун-туурасынан мерчемдеп атып, жерди ойдургандан кийин ошол аңга толтура тебелетип туруп, анан шыпкан мизилдетип жыйырган.

Кечкисин бөлмөнүн биринде Дубана жаңы алган радио-приемнигинин кулагын бурап, толкундардагы үндөрдү алмаштырып, тыңшап олтурган. Жумпаган жагындагы тагылган ишин бүткөрүп коюп кире калган Эмилбек оозунан алдыргансын, делдейип, катып туруп калды, Дубанаиын: — «Кел, отур» дегенин да, эшите алган жок.

Кыялданып, не дал болуп турганында азыр үтүп аткан үнгө сорулуп, жан жыргаткан, эне сүтү менен кошо кирип, канында ойногон, эрезеге жеткирген, ушул—мээрбан үн жүрөгүн толкуткуп нйди Эмилбектин. Көптөн эшитпей калган ушул тилге, кулака коңгуроо ушул арген үнгө миң үйрүлгүсү келди. Өзүн-өзү сүйүнчүлөп ичинен шыбырагандай болду: — «Кыргызча сүйлөп жатат!» Кандай жагымдуу!» — Өсүүрүмдүн көздөрү жайнап кетти. Мүлдө тулку күүлөнүп тургандай ушул үнгө.

Диктордун жомоктон да учуратпаган кооз, ыймандай назик авазы алдейлеп атты аны. Сүйлөгөн сайын кулагын төшөп, башка эч нерсени сезбей — нетпей ырахаттана берди.

— А-а, отур ашина! — Дубана ондоп айтты эле, Эмилбек эми кыялынан ойгонуп, уялганынан кызарып кетти. Дубана муну бир эсе кадыресе чындыктай кабыл алды. Ушу азыр эч кимдердин үй лөрүнөн учурай бербес радио-приемникти эси тана карады деп билди. Анын чындыгы бар эле, бул үйгө кеткен-келген ким-кимдер болбосун, «Приемнигиң» куллу болсун» айтышып атпадыбеле! кооздуктан ажырай албай койду. Кулагынын курчу канып, өзүн көтөрүп жүргөнсүгөн, өзү алдейленген үндү самай берди. Негедир кемчил сезди өзүн, негедир купуя дегдөөсү артып, береке баш адамча канат бутактанып, дем байлады. Тез эле бой жетип, алыска окууга барууга ак эткенден так этти... Мурдалары агасы «Курманбектен» окуп берчүдө көрпөгө башын катып алып, өксөп ыйлаганындай, түнү бою аста ыйлап алгысы келди. Ыйлады,— ыйлабады түнү бою кирпик какпай чыкты.

Эртеси үйүнө келип, Дубананын жаңы имаратка киришкенин, радио-приемниктүү болгонун кабарлады эле энеси: — А-а балам, Бардыкы барман, жоктуку арман деген ошол, анын эмнеси айтасың? — деп койду,— Дубана эмне, атасынан калган дүнүйасин чубап атат дейсиңби, элден алганын чача албай жатат да?...

Минтээрин минтип алып, өспүрүм өткөндөгүдөй Токторбайды урганын айтып, эмне үчүн урган себебин айта албагандай, Дубанын радио-приемниктүү болгонун айтып, андан соңку өз көйүн, дүрт деген сезимин жашырып тим болду...

Анан жөндөн жөн эле: — Алигичи, апа, Токторбай? Ошол үйүнө баргандан кийин өлүптүр дей салды.

Апасы: — А-а?... Курган бала, өлбөсө болмок. Келинди келгенде, кемпирди өлгөндө көр. А баланын өлүмү — Дубананын ооматынын кетиши деди.— ансыз деле эл оозунда элек барбы, айтып жүрүшөт баарисин...

— Эмнесин айтмак?

— Эшигиндегисин! — Табышмактантып, аста үн катты,— Дубанам балаң түшкүр карманса болот эле, чийинден чыгып кетпе диби, шарияттан...

Эми баргандар андан эм таппайт. Дөөлөт кушу—учуп кетти балаң түшкүрдөн... Чөптү кор тутсаң, көзгө залал, балам. Чөпчө жокпу адам-а?.

— А-а, чынбы апа?! — Сыркердин сырдуу тутунган жолунун бир түйүнү апасында экенин ушу бүгүн андагандай, таңыркана карады...

Соңу

Ош. Мамакеев эс алуу үйү. 1991, 92—жылдар.

МАЗМУНУ:

АВТОРДОН

ТАНДАЙГА АТЫЛГАН ОК (ПОВЕСТЬ) 3

СЫРКЕРДИН СЫРДУУ ЖОЛУ. (ПОВЕСТЬ) 68

Абдимитал КАМАЛОВ

ТАНДАЙГА АТЫЛГАН ОК

(повесттер)

Редактору Жакыпбек АКИМОВ
Тех. Редактору: Муктар МАМАТАЛИЕВ
Корректору: Зыягүл КАМАЛОВА
Сүрөтчүсү: А. АЛАЙЧИЕВ

Автор китепти жарыкка чыгарууга ынтаа коюп, демөөрчүлүк кылышкан Ош облустук мүлк фондусунун төрайымы С.Бахапова-га шаар акимчилигинин башчысынын орун басары А. Маматалиевге терең ыраазылыгын билдирет.

Терүүгө 6.04.1995-жыл берилди. Басууга 20.11.1995-жыл кол коюлду. Форматы 60x84 1/16 Басма табак 7,75 Нускасы 10 000, Буюртма № 6296 Эркин баада.

Ош облустук басмаканасы, Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү—209.

